

**Анарбекова**
**Венера**
**Эркинбековна**

Илимий-изилдөө медициналык-социалдык институтунун доценти, тарых илимдеринин кандидаты, 1979-жылы азыркы Жалал-Абад областына караштуу Аксы районунун Кызыл-Жар айылында туулган. 1996-жылы Кызыл-Жар орто мектебин кызыл аттестат менен аяктап, билимин Жалал-Абад мамлекеттик университетинде (1996–2001-жж.) улантып, тарых адистигин артыкчылык диплому менен бүтүп, ошол эле окуу жайдын аспирантурасынын күндүзгү бөлүмүндө 2002–2005-жылдары окуган.

2017-жылдын 14-октябрында “XIX-XX кк. башындагы кыргыз тарыхый инсандарынын ишмердиги фольклордук материалдарда” деген темада кандидаттык диссертациялык илимий ишин ийгиликтүү коргогон.

55 илимий макала, 2 окуу-усулдук колдонмо, 1 илимий-популярдык жыйнактын автору. Республикалык жана эл аралык илимий конференциялардын, симпозиум, форумдардын катышуучусу, бир нече эл аралык долбоорлордун жетекчиси.

2019-жылдан бери Илимий-изилдөө медициналык-социалдык институтунун Табигый-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын кафедра башчысы болуп эмгектенип келе жатат.

В. Э. АНАРБЕКОВА

# XIX – XX кк. башындагы кыргыз тарыхый инсандарынын ишмердиги фольклордук материалдарда



Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлиги

**Илимий-изилдөө**
**медициналык-социалдык институту**

Анарбекова Венера Эркинбековна

# XIX – XX кк. башындагы кыргыз тарыхый инсандарынын ишмердиги фольклордук материалдарда

Жалал-Абад
2022

УДК 94 (100-87)
ББК 63,3 (5Кир)
А64

ИИМСИнин Окумуштуулар кеңешинин
сунушу боюнча басмага бекитилди (протокол №21, .25.12.2021.)

Жооптуу редактор: Сулайманов Э.Ж. –
*тарых илимдеринин кандидаты, профессор*

Сын пикир ээлери: Кененсариев Т. –
*тарых илимдеринин доктору, профессор*
Абытов Б.К. –
*тарых илимдеринин доктору, профессор*
Кубатова А.Э. –
*тарых илимдеринин кандидаты*

Анарбекова В.Э.
А64 XIX – XX кк. башындагы кыргыз тарыхый инсандарынын ишмердиги фольклордук материалдарда. Монография / – Жалал-Абад, ИИМСИ, - 2022: 172 б.
ISBN 978-9967-09-424-6

Илимий эмгек кыргыз тарыхын, этнографиясын, кыргыз маданиятын жогорку жана орто окуу жайларынын студенттерин окутууда, мектеп окуучуларына жана жалпы эле жаштарга арналган окуулуктарды, окуу-колдонмолорун даярдоодо пайдаланууга болот жана жандуу материалдары кыргыз элинин жаш муундарын мекенчилдикке, эл достугуна, гумандуулукка тарбиялоодо чоң көмөк көрсөтөт.

УДК 94 (100-87)
ISBN 978-9967-09-424-6 ББК 63,3 (5Кир)

© Анарбекова В.Э., 2022

## КИРИШ СӨЗ

Азыркы учурда элдин этникалык тарыхында убакыт өткөн сайын элдик оозеки чыгармачылыктын орду төмөндөп, биринчи кезекте, кошок, арман, жоктоо ырларынын статусу жоголуп баратат.

Руханий маданиятты изилдөөдө кошоктор, арман жана жоктоо ырлары маанилүү тарыхый-этнографиялык булак катары каралып келет. Бирок, тилекке каршы алар тарых, этнология илимдеринде жетишээрлик деңгээлде изилдене элек. Ошондуктан бүгүнкү күндө илимий ыкмаларды пайдаланып, көбүрөөк маалымат, булактарды алып калуу зарыл милдет.

Өткөн замандардагы кошок, арман жана жоктоо ырларында тигил же бул тарыхый доорлордо жашаган инсандардын өмүр-таржымалы, ишмердиги, анын генеалогиялык тамыры, ошондой эле ономастикалык көптөгөн аталыштар берилген. Кыргыз элинин көөнө маданиятынын башатын түзгөн мындай теңдеши жок байлыгынын азыркыга дейре унутулбай сакталып келе жаткандыгы көңүл бурдуруучу изилдөө, уникалдуу булак, маанилүү маселе болуп саналат.

Негизинен, жашоо өзүнүн нугу менен өтө берет, бирок өлүм - орду толгус кайгы-муң болгондуктан, адам баласы сөздүн коштоосу менен обондуу жамак-ыр түрүндө өзүнүн ички психологиялык өксүүсүн басаңдатат.

Кыргыз элинин тарыхындагы этникалык компоненттерди, социалдык жана экономикалык структураны эске алып, элдик оозеки фольклорунун, анын ичиндеги кошок, арман, жоктоо тибине кирген тарыхый ырлардын диалектикалык өзгөчөлүктөрүн да терең изилдеп, бүтүндөй бир көркөм көрүнүшүн аңдоо баалуу милдет. Анын үстүнө тигил же бул ай-

мактардагы, айрыкча изилдөө айлампасына сейрек кирген райондордогу арман, кошок, жоктоо таризиндеги ырларды таап, алардын өзгөчөлүктөрүн илимий айлампага киргизүү, кыргыз элинин руханий байлыгынын молдугун далилдеп турат.

Кыргыз фольклорунун ичинен кошоктордун мазмунуна сереп салсак, анда инсандын жашоодогу, коомдогу белгилүү орду, кыймыл-аракети, адеп-ахлактык иштери, кылык-жоруктары, рухий баалуулуктары каралган. Демек, арман, кошок, жоктоо ырлары элибиздин тарыхый-маданий, этнофилософиялык баалуулуктарын өзүнө камтуу менен, географиялык, этномаданий, социалдык, экономикалык жана башка түрдүү факторлордун таасири астында калыптанган өзгөчө бир жанр. Ал фольклордун салттуу өзгөчөлүгүн, элдик мурастардын алкагында алган ордун мүнөздөп турат.

Ушул өңүттө кошок, арман, жоктоо ырларынын системасын өздөштүрүү, анын мазмунун таануу, элибиздин тарыхын тереңдеп түшүнүүгө негиз боло алат. Чындыгында, кошок, арман, жоктоо ырларында калктын гумандуулук идеялары камтылып, коомдук өнүгүүнүн татаал тарыхы айкын чагылдырылып, элибиздин маданий салт-санаасын, идеологиясын изилдөөдө тарыхый булак болуп бере алат. Ата-бабаларыбыз байыртадан бери табияттын танып кеткис мыйзамы болгон ажалдан качып кутулууга болбостугун түшүнүшкөн. Негизинен кошок ырларында инсандын социалдык абалы же айрым бир топтун (урук, уруу, дос-жар) кызыкчылыктары же касташкандардын иш аракети, максаты эске алынып, көпчүлүккө жарыяланган. Ошол эле учурда ал инсандын руханий түпкү сезиминде жаткан азаттык, мекенчил сыяктуу идеялар да чагылдырылган.

Кыргыз фольклорунун системасында кошок, арман, жоктоо ырлары – адамдын турмуштук энциклопедиясы жана маанилүү тарыхый-этнографиялык булак болуп эсептелет. Бай мазмунга жана түрдүү тематикага ээ болгон кошок, арман жана жоктоо ырлары тарыхчылар үчүн гана эмес, этнографтар, фольклористтер, адабиятчылар, тилчилер, этно-музыковеддер, теологдор үчүн да баалуу изилденүүчү материал болуп, ал эми жалпы элибиз үчүн уникалдуу оозеки маданий мурас катары кызмат кылаары шексиз. Антсе да

бул маселелер фольклористтер, адабиятчылар тарабынан изилденип келген. Бирок, тарыхчылар бул маселеге дээрлик кайрылыша элек. Демек, бул проблеманы окуп-үйрөнүү - тарыхый чындыкты калыптандырууга жана илимий жыйынтыктарды тереңдетүүгө шарт түзөт.

Ушул жагдайлар теманын актуалдуулугун мүнөздөп турат жана ал маселени илимий айлампага киргизүү маанилүү зарылдык деп санайбыз. Аталган эмгек изилдөөчүнүн демилгелүү иши болуп эсептелет. Изилдөөгө XIX к. – XX к. баш ченинде жашаган тарыхый инсандардын ишмердиги, ошол доордогу тарыхый кырдаал, саясий ишмердиги, элдин азаттык үчүн күрөшү жана коомдук идеялардын элдик оозеки чыгармачылыкта (кошоктордо) чагылдырылуусу каралды. Тагыраагы, эмгектин **илимий жаңылыгы**:

- аталган эмгекте изилденип жаткан мезгилдеги тарыхый инсандардын ишмердиги фольклордук материалдардын негизинде (кошок ырларынын) комплекстүү иликтенди;
- каралып жаткан проблема боюнча алгачкы илимий эмгектер, чогултулган материалдар системалаштырылды, андан сырткары тарыхнаамалык жана булакнаамалык жактан талдоого алынды;
- Кокон хандыгынын мезгилиндеги элдик азаттык күрөштөрдү чагылдырган фольклордук чыгармалардын негизинде Медет датка, Тайлак баатыр, Нүзүп бий, Ормон хан, Алымбек датка жана Алымкул лашкер башы сыяктуу инсандардын ишмердүүлүктөрүнө элдик оозеки чыгармачылыктын негизинде илимий баа берилди;
- Боромбай бий, Курманжан датка, Шабдан баатыр, Исхак Асан уулу Полот хан, Мамыр Мерген уулу, Абдылдабек, Молдо Ашырдын ишмердиги, Орус империясынын Кыргызстандагы колониялдык саясаты, ага карата жергиликтүү төбөлдөрдүн позициясы кошоктордогу материалдардын алкагында иликтөөгө алынды;
- 1916-жылдагы улуттук боштондук көтөрүлүш жана анын кесепеттеринин элдик оозеки чыгармаларда чагылдырылышы анализденди.

Автордун өздүк салымы катары кыргыз элинин XIX к. жана XX к. башында жашап өткөн ири тарыхый инсандарынын өмүр жолунун, ишмердигинин коомдук идеялык маңы-

зын фольклордук материалдардын негизинде аныктоого аракет болуп саналып, автор тарабынан жыйналган талаа материалдары алгачкылардан болуп илимий айлампага киргизилди. 2004-2007-жылдарда "Кошок" жанры кыргыз элинин уникалдуу эстелиги катары" деген аталыштагы долбоорго ГАНИСтен (Государственное агентство интеллектуальной собственности при Правительстве Кыргызской Республики) гранттык каражат утуп алып, кошок, арман жана жоктоо ырларынын пайда болуу тарыхы, генеалогиялык өңүтү, алардын эпикалык чыгармаларда чагылдырылышы, айрым варианттарынын эл арасында бүгүнкү күндө пайдаланылышы боюнча бир катар жыйналган материалдардын ичинен кыргыз элинин XIX кылымда жана XX кылымдын башында жашап өткөн ири чыгаан инсандарынын өмүр жолуна, ишмердигине арналган булактардагы тарыхый маалыматтарга алгачкы жолу илимий анализ берген. Өздүк дептерлеринде сакталган талаа материалдары Жалал-Абад областынын Сузак, Базар-Коргон, Ноокен, Аксы, Ала-Бука, Чаткал жана Тогуз-Торо райондорунан, Баткен областынын Баткен, Согмент айылдарынан чогултулган. Кыргызстандын аймактарынан тышкары автор ошондой эле Тоолуу Алтай республикасынын "Алтыгы Талду", "Кара-Кол (Кара-Кольская)" айылдарынан да бир топ талаа материалдарын жыйнап, аны изилдеген.

Демек, арман, кошок жана жоктоо ырлары боюнча материалдарды жыйноо менен катар кыргыз элинин XIX кылымда жана XX кылымдын башында жашап өткөн ири чыгаан инсандарынын өмүр жолу, ишмердиги жөнүндө кай бир жаңы материалдарды таап, аны илимий анализге алуу менен жыйнакка киргизген.

Изилдөө учурунда *хронологиялык, мезгилдештирүү, салыштырмалуулук, эмпирикалык аңдоо, анализ-синтез жана ретроспективдик* ыкмалар колдонулду. Диссертацияда Кыргызстандын XIX кылымда жана XX кылымдын башындагы өнүгүшү, аталган доордогу тарыхый окуялар жана ал процесстердин алкагында өмүр сүргөн ири тарыхый инсандардын өмүр жолу, ишмердиги *хронологиялык тартипте* ар бир маселени логикалык ырааттуулукта кароону талап кылат. Кыргыз элинин тарыхый инсандарынын коомдук та-

рыхый ролун жана ордун ачууда да бул ыкма кеңири колдонулду. Хронологиялык ыкма изилдөөнүн тарыхнаамасына сереп салууда да пайдалуу болду. Ошондой эле көп учурда тигил же бул тарыхый окуяны сүрөттөөдө *мезгилдештирүү* ыкмасын колдонуу да эффективдүү жыйынтыктарды алып келет.

Тарыхый окуялар коомдо өз ара диалектикалык байланышта турары методологиялык негиз болуп саналат. Демек, максаты, мүнөзү жагынан тигил же бул тарыхый окуя тектеш маселеде кайсыл бир деңгээлде бир беткей окшоштуктарды көрсөтүшү толук ыктымал. Ошондуктан кыргыз элинин XIX кылымда жана XX кылымдын башында жашап өткөн чыгаан инсандарынын өмүр жолу, ишмердиги биринчиден – өз ара типтүү окшоштуктар, экинчиден - коңшу аймактардагы тарыхый окуялар менен шартталган фактыларды салыштыруу аркылуу да, анын мыйзам ченемин тактоого шарт түзүп жатты. Демек, жыйнактагы ар бир мерчемдүү маселелерди изилдөө *салыштырмалуу ыкма* аркылуу аткарылды. Бул биздин эмгектин илимий максатына жетүүдө жакшы жардам бере алды.

Талаа материалдарынын эң жөнөкөй деңгээлиндеги көптөгөн фактылар алгач байкоого, *эмпирикалык аңдоого* алынып, андан кийин гана алар тарыхый - илимий жана фольклордук - булакнаамалык жактан анализге алынды. Бул ыкма тарыхый окуялардын концептуалдуу өнүгүшүн баамдоого жардам берди.

Ар кандай окуяларды, мисалы, монографиянын экинчи, үчүнчү баптарын жазууда Кыргызстандын XIX кылымда жана XX кылымдын башында жашап өткөн чыгаан инсандарынын өмүр жолу, ишмердиги боюнча фактологиялык далилдер камтылган арман, кошок, жоктоо ырлары жөнүндөгү материалдардын негизинде *анализ-синтез ыкмасы* менен сереп салынып, талданды.

Кыргыз элинин азыркы турмушу ааламдашуунун жана учурдагы заманбап жашоодо кошок, арман жана жоктоо ырлары улам азайып бара жаткандыгына күбөбүз. Бирок, алардын салты дагы эле унутула элек. Демек, эл арасында сакталып калган кошокторду үйрөнүү менен аны *(ретроспективдик) ыкмага* салып мурунку салттуу жөрөлгөлөрдү,

кыргыз элинин тарыхый баалуулуктарын илимий таризде калыбына келтирүүгө болот.

Изилдөөнүн жыйынтыктары кыргыз улуттук тарыхнаамасынын белгилүү бир илимий маселесин тереңдетип, тагыраак айтканда элибиздин ири тарыхый инсандары баштаган алдыңкы өкүлдөрүнүн мамлекеттикти түптөөгө, азаттык, боштондук идеяларын көтөрүү аракеттерин изилдөөгө арналган тарыхый багытын байытат, тереңдетет.

Кол жазмада илимий айлампага киргизилген фольклордук булакнааманын базасындагы материалдар кыргыздардын этникалык жана руханий тарыхын, гумандуулук идеясын окуп-үйрөнүүгө өбөлгө түзөт. Элибиздин тарыхый-фактологиялык маалыматтуулугунун байышына, руханий-эстетикалык көркөм маданиятын үйрөнүүгө пайдаланылат.

Илимий иштин практикалык мааниси катары, анын ичине камтылган материалдарды кыргыз тарыхын, этнографиясын, кыргыз маданиятын жогорку жана орто окуу жайларынын студенттерине окутууда, мектеп окуучуларына жана жалпы эле жаштарга арналган окуулуктарды, окуу-колдонмолорун даярдоодо пайдаланууга болот.

Ошондой эле каралып жаткан илимий чыгарманын жандуу материалдары кыргыз элинин жаш муундарын мекенчилдикке, эл достугуна, гумандуулукка тарбиялоодо чоң көмөк көрсөтөт.

## I бап

# КЫРГЫЗ ООЗЕКИ ФОЛЬКЛОРУНУН ТАРЫХЫЙ МААНИСИ

### 1.1. Кыргыз оозеки фольклорунун (кошок, арман, жоктоо ырларынын) маңызы, жаралышы, түрлөрү жана коомдук-тарыхый процессти чагылдырышы

Кыргыздардын рухий турмушунда кошок кошуу башка элдик оозеки чыгармалар менен бирдей эле өз алдынча өнүгүп, эпикалык чыгармаларга чейин өсүп жеткен. Кошок жанры эл арасында айтылып, сакталып, ар кандай курактагы адамдар кайтыш болгондо, анын сөөгүн жерге коюу үрп-адаттары менен бирдикте ый менен жоктолгон жана кыз узатуу салтында да айтылып келген.

Жалпысынан элдик оозеки чыгармачылык окумуштуу Н.Нарынбаеванын пикири боюнча лирикалык, эпикалык жана драмалык тектен турат [192, 46-б.]. Ал эми кошок, арман жана жоктоо ырлары лирикалык текке кирип, кыргыз оозеки чыгармачылыктын ичиндеги кеңири тараган жанр болуп эсептелет. Руханий маданияттын эң орчундуу орунду ээлеген кошок жанрын «Манас» эпосунан да улуу деп айтып жүрүшөт. Орто кылымдагы таш эстеликтердеги жазуулар да кошоктордун алгачкы башаты катары саналат. Ага «Орхон-Енисей тексттериндеги» эстеликтердин мазмундары айкын мисал боло алат. Бул жазмалардын дээрлик баары, З.Бектенов менен Т.Байжиевдер белгилегендей, кошоктун башаты болуп, керээз түрүндө айтылган кошок сөздөрдөн турат [80, 48-б.; 23, 5-б.]. Биздин байкоолорубузга караганда, «өлүм» түшүнүгү башка мазмунда - «айрылдым», «бөлүндүм», «аттигиниң», «учту», «булут болду», «кергек болду» деген формада берилет [196]. Ал эми С.Е.Малов Энесай жазууларын «Күмбөз поэзиясы» деп атаган. С.Н.Крамер рун жазууларын «эң алгачкы кошоктордун катарына кошот» [152, 97-б.].

Эпикалык чыгармалар - «Манас», «Эр Төштүк», «Курманбек», «Карагул ботом», «Жаныш-Байыш» ж.б. у. с. эпостордун мазмуну бүтүндөй жоктоолор менен үндөшүп, бүгүнкү күн-

дөгү журт арасында айтылып келген кошок ырларынын айрым бир фрагменттеринде сакталып калгандыгын көрүүгө болот.

Кошок ырларына байкоо салганда төмөнкүдөй тематикадагы кошокторду көрүүгө болот: жаш балдарга, аялдарга, эркектерге арналган кошок ырлары. Алар жаш курак өзгөчөлүктөрүнө карап дагы өзүнчө бөлүнүп кетет. Мисалы, мазмунуна карай, «жаш балага», «келинге», «жеңеге», «аялга», «улгайган аялга» өзүнчө, ал эми эркек адамдарга да дал ушундай эле - «балага», «атага», «аксакалга» деп айтылат. Ал эми илимий адабияттарда төмөнкүдөй берилет; «Атасы өлгөн кыздын кошогу», «Энеси өлгөн кыздын кошогу», «Ата-энеси өлгөн кыздын кошогу», «Иниси өлгөн аялдын кошогу», «Кайниси өлгөн жеңенин кошогу», «Баласы өлгөн эненин кошогу», «Эжеси өлгөн кыздын кошогу», «Эри өлгөн аялдын кошогу», «Киши колдуу болуп өлгөнгө кошулган кошок» ж.б. Белгилей кетүүчү нерсе модернизацияланган коомдо да кошоктун эски формасынын (тирүү жүргөн адамга) сакталып калганын [314] кездештирүүгө болот.

Кошок жоктоо, кош айтышуу, керээз, арман-күйүт маанисинде айтылат. Өлүмгө байланышкан ырым-жырымдардын, салт-санаалардын жана фольклордун жашашына түздөн түз аралашып, бирок өз алдынча поэтикалык жанрдын негизги көрүнүшү болуп эсептелет. Мазмунунда адамдын ички кайгысы, жоктоосу, муң-зары, мактоосу, каргышы, арманы, акыл-насаатын билдирген ыр түрмөгүнөн топтолгон. Ал эми аны жайылтуу, эл арасындагы сөзгө чечен, жамакчы акындар тарабынан аткарылган.

Адамдар коомдук турмушта саясий-экономикалык, руханий деградацияга туш болгондо, ынандырарлык таяныч издейт. Андай таяныч реалдуулуктагы күчтүү бийлик, улуу идеялар, ага шыктандырган жетектөөчү инсан болуш керек. Ошолордун ичинен үлгүлүү болгон тарыхый инсандарга арналган кошоктор эл арасына кенен жайылып ооздон-оозго дайыма айтылып, өз ордун таап келген. Демек, кошокту жаратуучулар – эл, ошол элдин арасынан чыккан табиятынан таланттуу ырчылар. Кошок айтуучулар жана алардын шакирттери элдин бул руханий байлыгынын өнүгүшүнө, сак-

талышына, кийинки муундарга жетишине себепкер болушкан.

Кошоктордун мазмунунан татаал тагдырларды, эл башына түшкөн мүшкүл алааматтардын тарыхын иликтесе болорун көрөбүз. Кошокчулар өздөрүн курчаган турмуштагы бардык олуттуу окуялардан көркөм образдарды жаратып, поэтикалык жөндөмдүүлүгүнө жараша жеткиликтүү кылып, үн ыргагы менен, кээде, музыкалык аспаптардын коштоосунда угузушкан. Кошоктун бир өзгөчөлүгү – кошокчунун өлгөн кишиге жакын-алыстыгы, жэк-жааттыгы же жалдап айттыруусуна (атайын кошокчуга) байланыштуу маанилери өзгөрөт. Себеби, шарттуу түрдө, жакыны тарабынан кошок айтууда өтө күйгөнү, кайгы-зары, муңу күчөтүлөт. Алысыраак жэк-жааттары аркылуу айтылган кошоктордо эскерүү, жоктоо, армандары берилет. Ал эми кошокчуну атайын жалдап айттырган учурларда өлгөн адамды жалпы жонунан даңазалап, мактап айтышат.

Кошоктордун мазмунуна сереп салсак, анда инсандын жашоодогу белгилүү орду, кыймыл-аракети, адеп-ахлактык иштери, кылык-жоруктары, рухий баалуулуктары, коомдук маанидеги кайсыл бир идеялар чагылып турат.

Жогоруда айтылгандардын негизинде кошок ырларынын барктуулугун, анын тарыхый-маданий, этно-философиялык асылдыктарын аңдап көрүү менен, ар түрдүү факторлордун (географиялык, этномаданий, социалдык, экономикалык ж.б.) таасири астында калыптанып, өнүгүп келген мындай фольклордук феномендин традициялуу өзгөчөлүгүн, элдик мурастар алкагында алган ордун мүнөздөөгө болот. Мындай өңүттө кошоктордун системасын өздөштүрүү, андагы мазмунду таануу, анализдөө – тарыхнаамалык жактан кыйла олуттуу максат болуп саналат.

Аталган жанрда инсандын социалдык абалы же айрым бир топтун (урук, уруу, дос-жар) кызыкчылыктары же касташкандардын иш-аракети, максаты эске алынып, көпчүлүккө жарыяланган. Негизгиси ата-бабаларыбыз байыртадан бери табияттын танып кеткис мыйзамы эсептелген «ажал» деп аталган жазмыштан кутулууга болбостугун түшүнүү менен ага моюн сунуу мазмуну негизги идея болуп саналган. Ошол эле учурда аларда калкыбыздын, мамлекет-

түүлүгүбүздүн, атуулдук, коомдук өнүгүүнүн татаал тарыхы, элдик баалуулуктары чагылдырылган.

Кытай окумуштуусу М.Мамбетакун элдик фольклорду эки ыкма менен бөлүп, биринчи ыкма жалпы, ал эми экинчисин атайын бир максат менен бөлүштүрүп карайт. Маселен, ал жалпы бөлүштүрүүгө лирикалык жана эпикалык деген эки чоң түргө бөлүп, лирикалык ырларга эмгек ырларын, каада-салт ырларын, үйлөнүү үлпөт ырларын, кошокторду, арман ырларын, сүйүү ырларын, санат, насыят ырларын, айтымдарды, алкыш, каргыш, дин ырларын, балдар ырларын кошот. Эпикалык жанрдын ичине киргизилген түрлөр болсо дастандар, айтыштар деп санайт. Экинчи ыкмага жалаң эле элдик ырлар эмес, элдик жомоктор, макал-лакаптар, ал тургай элдик дастандарды кошот да алардын санын 18 ге жеткирет. Алар: 1.Эмгек ырлары, 2. Дарым ырлары, 3. Ак баталар, 4. Каргыштар, 5. Төрөт ырлары, 6. Той-торопо ырлары, 7. Нускалуу сөздөр, 8. Кошоктор, 9. Арман ырлары, 10. Табышмак жана жаңылмачтар, 11. Айбанаттар жөнүндөгү ырлар, 12. Балдар ырлары, 13. Кордоо ырлары, 14. Үлгү ырлар, 15. Санат, насыйкат ырлары, 16. Ичимдик ырлары, 17. Түрдүү өлөңдөр, 18. Сүйүү ырлары [294]. Бирок, биздин оюбузча кытай окумуштуусу Теңир-Тоолук Кыргызстандын элдик фольклорун толук түшүнбөгөндөй элес калтырат. Маселен, кыргыздарда кошок, арман ырларынан башка жоктоо ырлары, андан тышкары жалпы эле элдик тарыхый ырлар дагы болгондугун көрөбүз.

Аларга азыраак мүнөз бере кетели. **Тарыхый ырлар** элдин жашоосу менен тыгыз байланышта болуп, элдин башынан өткөн тарыхый окуяларды чагылдырат. Тарыхый ырларда мамлекеттин тарыхы чагылдырылып, ошол тарыхый окуяларга карата болгон элдин көз карашы берилет. Негизинен тарыхый ырлар элдин таламын көздөп, ички жана тышкы душмандар менен күрөшүүдө активдүү роль ойногон саясый ыр болуп эсептелет [28, 3-б.].

**Арман жана жоктоо ырлары** да кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгында өзгөчө өнүккөн түр болуп, ал кийинки акындар поэзиясына чоң таасир тийгизген. Арман ырлары кесиптин түрүнө карай койчунун арманы, төөчүнүн арманы, мергендин арманы деп бөлүнсө, тарыхый жагдайдын, күн-

дөлүк турмуштун, тагдырдын жазмышынан улам чыккан армандар карылыктын арманы, сатылган кыздын арманы, эзилген эрдин арманы, жетимдин арманы болуп бөлүнөт.

Ал эми өлгөндү эскерүү күндөрүндө аткарылчу кошоктор эскерүүнүн өзгөчө бир түрүнө – жоктоо кошогуна айланып калган [43, 237-б.].

**Кошоктор** болсо каада-салт ырларынын ичинен эң көп тармактуу жана өнүккөн түрү. Алар тематикалык мазмун жагынан бир канча түргө бөлүнөт. Мисалы, эл арасында башы көрүнгөн инсанга карата анын жесиринин кошогу, атайын даярдалган акындын же дастанчынын ошол инсанга арналган кошогу, атайын чакырылган кошокчунун кошогу, ата-энесинен айрылган кыздын кошогу, балдарынан айрылган эненин кошогу, күйөөсүнөн жана сүйгөнүнөн айрылган келин-кыздын кошогу, бир-биринен айрылган эже-сиңдининин кошогу сыяктуу мазмундагы кошоктор негизги орунда турат. Андан башка түрдөгү кошоктор да жолугат. Кошоктун алым-сабак түрү, жубатуу түрлөрү да бар. Кошоктор кыргыздын фольклордук чыгармаларынын ичинде үрп-адатка байланыштуу да айтылат. Мисалы, ага кыз узаткандагы эненин же жеңенин кошогу кирет.

Кыргыз фольклорунда кошоктор өзүнчө жанрдык касиетке ээ, көркөмдүк сапаты боюнча элдик поэзияда өнүккөн, аткарылышында мүнөздүү обону бар майда формадан тартып эпикалык көлөмгө чейин жеткен, мазмунунда адамдын ички кайгысын, жоктоосун, муңун, зарлануусун, туугандык жакындыгын билдирген ырлардын бир түркүмү. Кошок – өлүмгө байланышкан ырым-жырымдар, салтсанаалар фольклордун жашашына түздөн-түз аралашып, өзүнчө иштелип чыккан поэтикалык бир жанрдын негизги булагы болуп эсептелинери талашсыз. Кошок ырлары көлөмү, тематикасы, обону жагынан айырмаланып турат.

Элдик салттын талабына жараша кошок ырларын аткарууда анын мазмунуна негизги маани берип, маркумга болгон кадыр-баркты, сый-урматты билдирүү үчүн кошоктун тематикалык түрлөрүн аткарууга өзгөчө көңүл бурулган. Кошоктордун табияты түздөн-түз адам өлгөндө аткарылуучу салтка мүнөздүү болбостон, үйлөнүү салтында да колдонулат. Биздин өз алдынча жүргүзгөн изилдөөлөрүбүздө

эл арасынан топтолгон кошок ырларынын мурункулардан айырмалангандыгын төмөнкүлөрдөн байкадык.

Жаңыча ой жүгүртүү, көркөм кыялдануу сапаттарынын пайда болуусу менен турмуштук шартка жараша аткарылышы мурунку кошок ырларында мезгили, жери, уруусу, социалдык абалы чагылдырылса, азыркы учурда алар колдонулбайт. Изилденип жаткан өрөөндөрдөн жыйналган кошоктордун тексттеринде (диндик ишенимдерде маркумдун кайра тирилип наркы дүйнөдө экинчи өмүр сүрүүлөрү) биздин эле диндик түшүнүктөгү бүтүмдөр элестетилет. Мисалы,

*«Балтырканы бүрдөгөн,*
*Энемди, Батмалары жүр деген.*
*Балтыркан бойлуу карагат,*
*Асыл бир жаның өткөн соң.*
*Энеке, Батмалар менен кошо жат,*

*Бүлдүркөнү бүрдөгөн.*
*Бүбүлөрү жүр деген,*
*Бүлдүркөн менен кожогат.*
*Асыл бир жаның өтүптүр,*
*Энекем бүбүлөр менен кошо жат» [332]*

-деп айтылса, дагы биринде:

*«Минген атың сарала,*
*Урматым, бейиштин ичи кызыл гүл.*
*Беш колуң тийбей ачылсын,*
*Бет алдыңа чачылсын... [309].*

*Жети бир катар гүл бейиш,*
*Жемишиң болсун гүл мейиз,*
*Жети жашар баладай.*
*Айлансам энем дилгирим,*
*Жеңил да болсун күнөөңүз [332].»*

Ал эми дагы бир кошокто:

*«Жашылдан болсун көшөгөң,*
*Айлансам энем кеңешим.*
*Жаннатта болсун төшөгүң» делет [327].*

Жалпысынан, кошок ырларында ритм, рифмалык ыргактык, уйкаштыктар, метафора бирдей эле. Жеке адамдын мүнөзү, жүрүм-туруму эскерилип, жетишкендик каалоолору билдирилип, макталып айтылат. Аткаруу салтына карата аларды ар кандай тематикалык түрлөргө бөлүүгө болот: угузуу, керээз, жоктоо, арман жана каргыш. Биз байкоо жүргүзгөн объектилерде кошоктун бул түрлөрүн б.а. жакшылык тилектердин тескерисинче болушун каалоо да эл ичинде сакталып калгандыгына күбө боло алдык.

Кошок айтуу кайсы доордо башталган? Анын жаралышын шарттоочу мотиви кайсы? Психикалыкпы, моралдыкпы, социалдыкпы, материалдыкпы – кайсы шарт кошоктун айтылышын шарттайт? Бул өңүттө өз мезгилинде кыйла кызык ой жүгүрткөн белгилүү адабиятчы С.Жигитов: «Жекече күйүттүн күчү эмес, социалдык-экономикалык күйүттөр мотивдердин психологияга түшүргөн салмагы адамды күйүткө салып, кошок коштурушу мүмкүн [107, 31-б.] - деп айткан.

Биздин оюбузча кошок, арман, жоктоо жанрын окуп-үйрөнүүдө биринчи кезекте элдин жекече тарыхынын өзгөчөлүгүнө, коомдук-саясий өсүштүн формацияларына жана маданий өсүп-өнүгүүнүн тарыхый жолуна таянуу зарыл. Аталган критерийлер кыргыз элинин кошок жанрын мезгилдештирүүдө негизги өбөлгөлөр катары каралат. Ушул таянычтарды эске алып, кошокторду тарыхый доорлорго ажыратсак, ал төмөндөгүдөй болушу мүмкүн.

1. *Көөнө түрк доорунда жана орто кылымдарда айтылган кошоктор;*
2. *Жаңы доордогу кошоктор;*
3. *Соңку жаңы доордогу кошоктор;*

Кошок жанрынын дагы бир өзгөчөлүгү жалаң гана реалдуулукту чагылдырбастан, акыретте дагы жашоо бар экендигин элестетүү менен диндик жоболор көбүрөөк чагылдырылганын байкоого болот. Белгилей кетсек, биздин замандын VI-VII кылымдарына таандык болгон байыркы түрктөрдүн мүрзөлөрүнүн башына коюлган таш эстеликтердин (балбал) сыйдамдалган беттерине жазылган эскерүүлөрү Орхон-Энесай тексттери деп аталган. Андагы жазуулар кошок жанрынын алгачкы башаты экендиги маалым.

Азыркы учурда да ошол көрүнүштү кайталап, бейит үстүнө коюлган таш эстеликтеринде инсандын өмүр баяны же ага арналган чакан ыр саптарынын жазылганын жолуктурууга болот.

Улуу же «башы көрүнгөн инсан» өлгөндө анын жакындарынын, деги эле тирүүчүлүктүн, аны менен акыркы жолу коштошуп жатышын, ал инсандын бул жашоодогу ээлеген ордун, анын ким экендигин тирүүлөргө да жарыя кылуу деп да түшүнүүгө болот. Ушул биринчи «чуу» чыгаруу менен бирге, андан кийин да маркумдун «орду толгустугу» жакындарынын, эскерип ыйлаган ыйларынан, сырттан өкүрүп келген адамдардын кайра-кайра кайталанылган үн ыргактарынан айлана-чөйрө да, аба да ыйга толуп кетет.

Бул көрүнүш «Манас» эпосунда мындайча сүрөттөлөт:

*«Кайың менен тал ыйлап,*
*Жараткандын баары ыйлап.*
*Жашыбаган таш жашып,*
*Ай-ааламды кайгы басып.*

*Тунжураган түн болуп,*
*Төбөң түшкөн дүнүйө ай.*
*Жоктоп турду баатырды» [166].*

Адамды барктап, ар убакта кадырына жетүү, адамгерчиликтин эң жогорку сапаты экендигин дайыма эстеп жүрүү да, бул – артында калган муундун парызы деп эсептөөгө болот. Кошок – элдик оозеки чыгармачылыктын ичинен эң байыркы жанр экени белгилүү. Ошону менен бирге улуу эпосубуз «Манас» да кошок кошуудан чыккан деп айтылат. «Семетей» эпосундагы «Каныкейдин кошогу» деп аталган бөлүктө Манасты жоктоо менен бирге элдин өткөн турмушу, эрдиктери, эми алардын кайталангыстыгы баяндалат. Ырамандын ырчы уул, Жайсаң ырчы, Токтогул сыяктуу ырчылардын кошогунан, эркектер да кошокту ийине жеткире айтышкандыгын байкоого болот. «Карагул ботом» өңдүү элдик поэмалар бүтүндөй кошоктон турары анык.

Кошоктор коңшу элдерде – тажик, түркмөн, өзбек, казактарда да кездешет. Бизге келип жеткен маалыматтар боюн-

ча аза күтүү салтында кошокту аткарып жаткан адам каза болгон адамга эң жакын туугандары боло турган болсо, ал чачтарын жазып, көкүрөгүн койгулап, бетине из салып, тытып, орду толгус жоготуу күйүттү ушундай сыртка чыгаруу менен өксүп аткарган. Аза күтүүдөгү мындай форма ыйлоо менен өзүн-өзү уруп согуп кыйноо, бетин тытуу, чачын жазуу өңдүү көрүнүш көпчүлүк дүйнө элдеринде кездешет. Маселен Д.Фрезер [263, 444-445-бб.] өзүнүн «Фольклор в ветхом завете» деген эмгегинде өлүк коюу салтындагы мындай өзүн уруп-согуп, ички күйүтүн эмоциясын сыртка чыгарып кошуп, жоктоо боюнча бир катар мисалдарды келтирет. Мисалы семит элинен байыркы арабдарда, тактап айтканда, байыркы еврейлерде бул эки салт тең колдонулгандыгын белгилейт. Арабдардын аялдары, аза күтүү убагында өзүлөрүнүн үстүнкү көйнөктөрүн айрып, тырмактап көкүрөгүн, бетин тытып, бут кийимин чечип алып өзүн койгулап, чачтарын кесишкен. Ал эми Грецияда жакындары каза болгондо, аны жоктоп ыйлаганда аялдар чачтарын кыркып, беттерин канатып, кээде мойнун тытып салышкан. Эркектери да өлгөн адамга урмат көрсөтүү иретинде аза күтүүнүн белгиси катары чачтарын алдырып коюшкан.

Гunndар болсо, маркумдун урматына аза күтүүдө бетин тырык кылып, чачтарын кырдырып салган. Атилла – гунндардын ханы каза болгондо аны жоктоо аялдардын гана көз жашы жана кошогу менен эле эмес, аза күтүү эркектердин канын чыгаруу салты менен өткөнү айтылат. Ушундай салт жөнүндө Д.Фрезер мындайча ойду айтат: «менин оюмча, бул көрүнүш маркумдун арбагы менен достук мамилени сактоо, улантуу ишениминин болушу [263, 444-445-бб.]» - деген пикирди билдирет.

Ал эми кыргыз элинде маркумдун артында калган зайыбы же кыздары өлүккө бетин тытып ыйлаган. Ак кийизге же булгаарыга салып, бай-манабын көмгөн [229, 9-б.]. Азанын белгиси катары бетин тырмаган. Мисалы, мындай көрүнүш Эр Солтоной баатырга байбичеси Жеткилең апанын кошок ырында төмөндөгүдөй сүрөттөлөт:

*«Алсырап турган чагыңда.*
*Асылым акыркы сөзүң уксамчы,*

*Какшаткан каардуу шамалга.*
*Кара асаба желпилдейт,*

*Канчалык какшап ыйласам.*
*Жараткан, карааның кайра келтирбейт,*
*Кокуй ай, бетимди тытып ызаам көп...» [146, 78-б.].*

Салт боюнча катындары башына кара кийген [229, 9-б.]. Ошондой эле кытайлык кыргыздар да кошок кошот. Кызды узатуу кошогу жана өлгөн адамга айтылуучу кошок деп бөлүнөт.

Алтай элинде да кошок ырлары болгондугун, ***«сыгыт»*** деп аталарын С. Суразаков өзүнүн «Алтай фольклор» [232, 58-б.] деген китебинде берет. Бирок, бүгүнкү күндө эл арасында сыгыт ырлары айтылбай калган [334]. Байыркы түрк тилинде ***«Sïγta»*** , ***«Sïγït»*** [103, 460-б.]; ***Sïγït*** – өксөп, боздоп ыйлоо, ый, ыйлоо деген сөздөрдөн, ошондой эле кыргыз элинде да ыйлап - сыктоо деген сөздүн түп маңызы сакталып калган.

Кошок сөзү ***«кош»*** жана ***«ок»*** деген эки сөздөн куралган деген этимологияга таянат. «Кош» сөзү ар түрдүү маанide колдонулуп келет. Биринчи - маанисинде «бирөө менен коштошуу» дегенди билдирсе, экинчисинде - кошок – каза тапкан, өлгөн адамдарды же бойго жеткен кыздарды күйөөгө узатууда өткөн адам, кыз жөнүндө ый аралаш ыр, жамак менен коштоп ырдоо деген мааниде колдонулат [38, 556-б.]

Ал эми байыркы түрк сөздүгүндө төмөнкүдөй маанилерде катталгандыгын байкадык: ***Qošuγ*** – ыр, ыр менен жазылган аңгемелүү, сюжеттүү чыгарма; ***Öç alqa*** – аябай мактоо [103, 379]; ***Qaбγu*** – капа, кайгы, убайым, күйүт, аза [103, 404-б.]; ***Qaξγur*** - кайгылануу, күйүттөнүү, кейүү, куса болуу, капалануу[103, 404-б.]; ***Joγ*** - I – өлгөндү эске алуу ырым-жырымдары (мисалы, аш берүү) ([103, 406-б.]); ***Joγ aši*** – аш (өлгөн кишиге берилүүчү аш) [103, 269-б.]; ***Joγčï*** – аш берүүгө катышкан же өлгөндү эске алуу ырым-жырымына катышуучулар; кошокчу (байыркы заманда өлгөндү кошуп ыйлоо үчүн жалдануучу аял - плакальщица) [103, 270-б.]; ***joγla*** - ашты уюштуруу, ыйлоо, кошуп ыйлоо [103, 270-б.]; ***joqal*** - жок болуп, житип кетүү, өлүү, жок болуу, кыйроо [103, 273-б.];

***жоктоо*** – өлгөн адамдын жакшы жактарын эскерип, кошок кошуп ыйлоо, өлгөндү эскерип кейүү, кайгыруу, кылганын айтып жоктоо [38, 342-б.] маанилери бар.

Салтка ылайык байыртадан эле маркумдун минген атын, ал кайтыш болгон күндөн баштап эч ким минген эмес. Анын жылдыгында же жыл-ашында кара ашка союлган. Мындай атка өзгөчө мамиле кылынып, жүк жүктөлбөгөн, башка минилүүчү аттардан айырмалоо үчүн жалына, куйругуна же көкүлүнө өзүнчө бир белги коюп же болбосо бир бөлүгүн кыркып, бул жылкынын өзгөчөлүгүн белгилешкен. Мындай жылкы кара аштын, кайгынын белгиси катары ага ар ким өзгөчө мамиле жасап, «баатырга», «башкаруучуга» тирүү кезинде кандай мамиле жасашса атка да ошондой сый-урмат менен мамиле кылышкан.

Айрым диний көз караштар боюнча «кошок», «кош ак» деген сөздөн келген. Анткени өлүктү узатаарда актоо (жаназа окуу, ж.б.) салттары менен коштоп узатышат. Аллага «ак» болуп, тазарып баруу, ак кепиндеп жерге коюу. Ал ак, кош эми, сен аксың (кош+ак): «бул дүйнөгө тап-таза ак келгенсиң, эми ал дүйнөгө да ак болуп баргын» деген мааниде айтылгандай деп ойлойбуз.

Ошентип, кошок сөзү адабияттарда «каза тапкан адам же күйөөгө узатылып жаткан кыз жөнүндө ый аралаш аткарылуучу ыр, «кошок» деп мүнөздөлөт. Ошондой эле тарыхта байыркы түрк урууларында «он ок» [127, 21-б.] эли жөнүндө айтылып, таш жазма эстеликтеринде да эскерилет. Демек, кошок ырлары ошол он октордун мезгилинде эле пайда болгондугу ынандыраарлык.

Кошоктордун уккулуктуулугу, анын эмоциялык таасиринин өзгөчөлүгүндө, кошоктогу аныктамалар биринин артынан бири тизмектенип маркумдун бардык жакшы сапаттарын кайталоо менен ачып бергенинде жатат.

Кыргыз элинде кошок ырлары Октябрь революциясына чейин кеңири таралган. Ч.Ч.Валиханов: «Кыргыз эли түгөнгүс кенч, алардын кайталангыс салттары, башка элдердикинен бир топ айырмаланып турат», - деп эң жогору баалаган. Бир эле мисал, маркумдун арбагын сыйлап, ырым-жырымдарды, эскерүү кечелерди өткөрүп, куран түшүрүп турат [90, 370-б.].

Изилденип жазылып келген кошоктордун көпчүлүк бөлүгү эл арасында белгилүү адамдарга, акындарга, ырчыларга, баатырларга арналган. Кошок жанрынын негизги бир өзгөчөлүгү - жалган дүйнөнүн терең тамырын чагылдыргандыгында.

Элибиздеги баатырдык эпостордун көпчүлүк материалдарында жоокерчилик турмуштагы аскер башчыларынын, баатырларынын, жол башчы акылмандарынын жана башка билермандарынын аткарган иштерине карата аларды көзү өткөндөн кийин, эли журтка кошок аркылуу жарыялаган. Мындай көрүнүштөр байыркы доордогу адамдардын таш бетине чегилип тартылган көп сюжеттүү, таасын сүрөттөрү кыргыз жергесинде оңдоп-миңдеп саналат. Башканы айтпаганда Көкарт ашуусундагы дүйнөгө атагы чыккан Саймалуу-Таш сүрөт галереясы, Улар-Төр өрөөнүндөгү Чаар-Таш, Ысык-Көл өрөөнүндөгү таш сүрөттөрүнүн чогундуларын айтууга болот. Ошондой эле алар мүрзөгө коюлган эстелик ташка чегилип, руникалык алфавит менен жазылган жазуу системасы менен да берилген. VI-VIII кылымдарга таандык Орхон-Энесай жазуулары көбүнесе таш мамыларда, көрүстөн таштарына түшүрүлгөн. Өзгөчө белгилей кетсек, бул жазмаларды көчмөндөр таш бетине өздөрү жана кийинкилер үчүн баалуу маалыматтарды, тарыхый окуяларды, ойлорун гана жазышкан. Мисал келтирсек, «Таш» (эстелик) тургуздум, көңүлдөгү сөзүмдү он ок уулдары таттарга чейин муну көрүп билгиле, түбөлүк таш тургуздум. Бул жер тогуз жолдун тоому болгондуктан, мындай жерге түбөлүк таш (эстелик) тургуздум, жаздырдым. Аны көрүп билгиле! [196, 63-б.].

И. Стеблева белгилеген кошоктор менен керээздер кыргыздын бардык эпосторунда кездешет. Билге кагандын керээзи «Манастагы» Көкөтөйдүн, Манастын керээздери менен үндөшүп турат. Күлтегиндин тажиясына көп эл топтолушу Көкөтөйдүн ашындагы көп элдин келиши сыяктуу, бул көрүнүштөр байыртан келе жаткан салттык жөрөлгөлөр деген ойго алып келет.

Биздин байкоолорубузга караганда «өлүм» түшүнүгү башка мазмунда «айрылдым», «бөлүндүм», «аттигиниң», «учту», «булут болду», «кергек болду» деген формада берилет. Мисалы, - Күл-Тегин жок болсо, көбүңөр (баарыңар)

өлмөкчү элеңер. Иним Күл-Тегин кергек болду (өлдү). Өзүм сагындым, (аза күттүм), көрөк көзүм көрбөстөй, билер билигим (акылым) билбестей болду, өзүм кайгырдым (аза күттүм). Убакыт, теңири (таалайга) жазат, адам баласынын баары (киши ушунун баары) өлгөнү төрөлгөн [196, 68-б.] - деген саптарда баатырдын жарык дүйнө менен кош айтышкандыгы, ал үчүн аза күтүп, оор жоготууга учураганы адам жашоосунун философиясы каралган.

Тексттердеги «айтылгандардын» бул дүйнөнү таштап кеткен маркумга арналгандыгы жана ал «айтуунун» өзгөчө формасын «кошоктор» - деп атоого болот деген ойдобуз. Башкача айтканда, Энесай жазма эстеликтери - ташка түшүрүлгөн кошоктор.

Бул келтирилген кошоктордун кичинекей көрүнүштөрүндө (фрагмент) жогоруда көрсөткөндөй инсанды жоктоп жатат. Мындан улам Орхон-Энесай жазууларындагы кошок ырлары, эпикалык чыгармалар жана бүгүнкү күндөгү эл арасындагы кошок ырларынын мааниси, мазмуну менен үндөшөт.

Салыштыруу менен карасак:

*«Аксы бир шаарың борборуң,*
*Кеңеш бир атка конгонуң.*
*Ар түркүн шаар ичинен,*
*Кулунум, Бишкек бир болгон борборум.*
*Он бешиңде октолдуң,*
*Отуз бешке чыкканда,*
*Сен ок жыландай толгондуң.*
*Кырк жашка чыкканда,*
*Алладан буйрук келди эле.*
*Сенин атың жок болду» [325].*

Баатырдык эпостордо да, кошоктордо кеңири кездешкен мотив кандын, баатырдын же байдын өз элине болгон камкордугу, айрыкча жетим-жесирлерге, бей-бечарага, карыптарга берген жардамы, марттыгы тууралуу айтылат. «Манас» эпосунда Көкөтөй хан өлөөрүнүн алдында Байдын уулу Баймырзаны чакырып алып айткан керээзинде:

*«Тели куш салып куш кылдым, баатыр,*
*Тентиген жыйып эл кылдым, баатыр.*
*Кулалы салып куш кылдым, баатыр,*
*Курама жыйып журт кылдым баатыр...*

*Менин бир көзүм өткөн соң, баатыр.*
*Жөө жүргөн жакырга,*
*Чобур бир кармап бере көр баатыр.*
*Жылаңач жүргөн жакырга,*
*Чапан бир чечип бере көр, баатыр» [27, 12-б.].*

«Эр Табылды» эпосунда болсо, ушул эле идеянын башка вариантын көрүүгө болот:

*Сан кара боз байгени,*
*Такыр айдап келди эми.*
*Элдин баарын чогултуп,*
*Энчи кылып берди эми.*
*Жесир катын бар болсо,*
*Жетимиштен кой берди.*
*Жетим бала бар болсо,*
*Жети саан уй берди [151, 24-25-бб.].*

Ушундай эле саптар К.Акыевдин айтуусундагы «Жаныш-Байыш» эпосунда кырк жигити үңкүрдө жарадар болуп жаткан Жанышты кучактап ыйлашып турган жери кадимкидей кошоктун мотивинде айтылып, Жаныштын адамдык, баатырдык, башчы - жетекчилик сапаттары, элине, кырк жигитине көргөн камкордугу чебер сүрөттөлөт.

*«Жөө келгенге ат берген,*
*Кечиктирбей бат берген.*
*Пайдалуу элиң баарыга,*
*Баатыр пайдасы жок миң эрден.*
*Ата болуп асырап,*
*Эне болуп эмизген.*
*Жар чакыртып элине,*
*Кырк жолборсум дедирген.*
*Ажал жетип өлбөсөк,*
*Айрылбаспыз биз сизден» [21, 231-б.].*

Ушуга үндөш саптарды элдик кошоктордон да кезиктирүүгө болот. Мисалы, Аксы районундагы Кызыл-Жар айылынын тургуну Мырзабаева Мейликан эненин маркум Мамыралиев Нуракбай деген агасына кошкон кошогунда, анын тирүүсүндө карып-мискинге кам көргөндүгү жогорудагы баатырдык эпостордун стилинде сүрөттөлөт.

*«Беттешкенин мерт кылган,*
*Жолборс элең, бек акем.*
*Пейили жакшы ноёнго,*
*Жолдош элең, бек акем.*
*Бузулган татаал иш болсо,*
*Оңдочу элең бек акем.*
*Бечара менен карыпты,*
*Колдочу элең бек акем...»[187].*

XVII к. II жарымынан XVIII к. I жарымында (1640-1733) жашаган тарыхый инсан эпикалык чыгармага айланган Эр Солтонойго кошулган кошок ырында да, биринчиден - баатырдын адамдык сапаттарынын ачылып берилгендиги:

*«Мансап, бийлик көздөбөй,*
*Байлык, баркты көксөбөй.*
*Журт көргөн өмүр өткөрдүң,*
*Ар намысың бөксөрбөй...» [146, 82-б.]*

– деген саптарда Эр Солтонойдун эң бийик адамдык турпатын, бейнесин чагылдырат.

Экинчиден - Эр Солтонойдун турмушундагы бөлүп көрсөтө турган башкы касиет - анын ар-намыс менен өмүрүн журт коргоп өткөргөндүгү.

*«Ала-Тоо кыргыз жеринен,*
*Арылтсак дешип калмакты.*
*Аркалык ички, оң-солу*
*Антташканда бир туруп.*
*Ар жактан келген баатырлар,*
*Алдыңан бири өтчү эмес,*
*Асылым сени Пир тутуп» [119, 128-б.].*

Бул саптарда Солтоной баатырдын кыргыз жерин калмак баскынчыларынан бошотууда бүт кыргыз эли аркалык, ичкилик, оң-солу биригип антташканда, алардын бири да Эр Солтонойдун алдынан өткөн эмес, баары аны пир тутушкан. Бул анын улуулугун урматтоодон эмес, журт коргогон эрдигин сыйлоодон, ага сыймыктануудан келип чыккан. Ал эми аны пир тутуу түшүнүгү эл арасында кенен жайылган. Эр Солтоной баатырлардын пири деген тарыхый сөз менен үндөшөт. Кошок боюнча карап көргөндө да, Эр Солтоной кыргыз баатырларынын туу туткан пири жана жеңип чыгууга шыктандыргандыгы менен татыктуу болгон, азаттык үчүн күрөшкөн баатыр.

Негизинен кошок элдик оозеки чыгармачылыктагы каада-салт ырларына кирет. Кошокту өзгөчө обон менен ый аралаш айтышкан. Анда каза болгон адамдын кулк-мүнөзү, ишмердиги, адамгерчилиги, башка асыл сапаттары билдирилген, айрым сатиралык мүнөздөгү кошоктордо маркумдун терс сапаттары да айтылган. Белгилүү кошокчулар чоң кадыр-баркка ээ болушкан. Аларды атайылап алдырып, коштурушкан.

Кошок кошуу расмийи кыргыз турмушунда бир нече маанилүү окуяларда аткарылган. Өлгөн адамдын журтунда, үйүндө белгилүү бир тартип, убакыт өлчөмү менен айтылган. Кайтыш болгон адамдын үйүндө күнүгө маркум жоктолуп, кошок кошулгандыгын реалдуу жашоодон көп эле кездештиребиз. Сырттан келген адамдарды утурлап, аялдар үн созуп кошок кошуп, эркектер өкүрүп турушкандыгын кыргыз жашоосунун көнүмүш адаты катары эсептөөгө болот.

Азыркы күндө да маркум кайтыш болуп, сөөгү жаткан үйдүн ичинде (сөөккө тартылган көшөгөнүн сыртында) аялдар, биринчи кезекте, маркумдун жакындары катар отуруп кошок кошушат. Үйгө сырттан келген аялдар да кошок кошуп, ый ыйлап, тигилердин катарына отурушат. Үйдүн сыртында өлгөн пенденин эркек тууган-туушкандары, жакындары ыраматылык жаткан жакты карап, тикесинен тик туруп үн чыгарып өкүрүп турушат. Маркумга акыркы «сыйын» көрсөтүүгө келген ар бир адам (аял да, эркек да) үнүн чыгарып өкүрүп ыйлап келишет. Үй ичинде жана сыртта турган маркумдун жакындары да үн чыгарып өкүрүп тиги-

лерди каршы алышат. Өкүрүктөр менен кошок кошуп, ый ыйлоолор куран окула башталгандан тартып токтотулат.

«Акыры башта бир өлүм» дегендей, адам жашоосу бир күнү акырындап түгөнөөрү маалым. Табияттын мыйзамына ылайык, тирүү жан түбөлүк жайына узаары, ошондо артында калган жакындарынын дээрлик бардыгынын жүрөктөгү муң-зарлары ичтен чыгып, унутулгус эскерүүгө, кайгы-муңдуу ырга айланат. Ошол ырга айланганы кыргыз элинде «кошок» деген атка ээ. Бирок, бул салт бир гана аялдарга тиешелүү эмес. Кээ бир аймактарда (көбүнчө тоолуу райондордо) эркектердин катар туруп, үйдүн жанында кадимкидей кошок кошуп тургандыгын да жолуктурууга болот. Маркумду узатаарда бардык аймактарда салттар бирдей эмес. Мисалы, Түштүк Кыргызстандын дыйканчылык менен алектенип, отурукташкан аймактарында боз үй тигилбейт да, үйдүн ичинде – аялдар, эшикте – эркектер жоктоп ыйлап турушат.

Көпчүлүк аймактарда боз үй тигилип, аялдар боз үйдүн ичинде, маркум жакты же төр жакты карап, эркектер сырттан келген адамдарды карап эмес, боз үйдү, маркумду карап ыйлашат. Өлгөн пенде, эгерде аял болсо сол (эпчи жак), эркек болсо - оң жакка (эр жак) башы кыбыланы карай жаткырылат. Сырттан келген адамдарга аркасын салышып (аза күтүү) кошок кошулат. Мындай жосун дайыма эле сактала бербейт. Айрым жерлерде каза болгон адамга тетири карап, сырттан келген адамды карап ыйлашып, кошок кошулат.

Эгерде өлүк үстүндө аялдар кошок кошпой калса, эркектер өкүрүшпөсө «өлүк шааниси болбой калды» деп, туугандарынын, келген азалуулардын наразычылыгы болгон учурлары да кездешет.

Деги, инсан кайтыш болгон үйдөн чуу чыгаруу - ошол үйдө бир жамандыктын болгондугун колу-коңшуларга, жамааттагы жакындарына билдирип коюунун шарттуу көрүнүшү. Ушундан кийин гана түйшүктүү камылгалар көрүлө башталат. Жарык дүйнө менен кош айтышкан инсанды акыркы сапарга узатуу - кыйышпас адамдарынын маркумга көрсөткөн акыркы сый урматы болуп эсептелинет.

Көчмөн турмуштун шартында, эгер жоготуудан кийин анча көп убакыт өтө элек болгон учурда, көчүп бара жатканда да маркумду эскерип, эң жакындары (маркумдун

аялы, апасы же эже-карындаштарынан бирөөсү) жолмо-жол кошок кошуп жоктошкон. Мындай жөрөлгө «азалуу көч», «каралуу көч» [33, 348-б.] деп аталган. Бул учурда көчтүн алдынан кыя өтүлбөгөн жана ал токтотулбаган, каршылаш душмандары да кол салбаган. Бул көрүнүш өлүмгө болгон сый-урмат катары бааланган. Көчтүн астында маркумдун минген атына кара жабууланган ээр-токуму менен кара «жалпооч» [33, 223-б.] жабылып, ээрдин кашына камчысы, кылычы, жаасы илинип, найзанын учу жерге каратылып байланган. Кайгынын аты эсептелген «кара атты» маркумдун «жан досу» же бир тууган иниси жетелеп, көч алдында жол баштаган. Көчтү көргөн кимде-ким болсо да четке чыгып, жол бошотуп өткөзүшкөн. Жолдо болуп жаткан ар кандай шаан-шөкөттөр токтотулган. Көчтүн багытында кезиккендер тарабынан колдон келишинче жардам берилип, көчтүн буйдалбастан өтүп кетүүсүн ыңгайлаштырышкан. Каралуу аял кара же көк кийими менен ат үстүндө эки бөйрөгүн таянып кошок кошкон, анын атын жеңеси же абысындарынын бири жетелеп жүргөн. Негизги көч булардан кийинки катарда гана жолго чыккан.

Кошок кошуунун салттуу дагы бир көрүнүшү биз жогоруда эскерте кеткен «кыз узатуу кошогу». Кыз узатып, келин көчүрүүдөгү кошок кошуу узатылып жаткандын бардык жакшы жактары: сулуу өң-чырайы, келбеттүү сымбаты, жумшак мамилеси, ата-теги, бакыбат турмуш шарты менен бирге эч нерсени ойлобогон ойноок кези, балалык учурдун бүткөндүгүн эскертет. Эми үй турмуштун башка түшүп тургандыгы, эркеликтин өткөндүгү, «кыз балага кырк үйдөн тыюу» боло тургандыгы айтылып, оор-басырыктуу, сабырдуу болууга үндөп, барган жеринде бактылуу болууну айтып, кайын журтун сыйлоону, ыйбаа кылууну эскертип, кыздын энеси, эжеси, жеңелери өз алдыларынча кошок кошуп узатышкан. Кызды узатып барууга жеңелери, курбу курдаштары да кошо жөнөшкөн.

Келинди көчүргөндө жасалгаланган кийим кийгизилип, аздектелип токулгаланган жорго атка мингизилип, аны жакын жеңелеринин бири жетелеп, курбу-курдаш кыз-келиндер, коңшу айылда оюн-күлкү, ыр-күү, шаан-шөкөт менен коштоп жүрүшкөн. Алар менен ыр ырдашып, ат чабышып,

оюн-тамаша куруп, күйөө бала жана анын жоро-жолдошто-ру болушкан. Азыркы учурда келин көчүрүү салты мезгил талабына жараша башка багытка өзгөргөн.

Маркумга жана күйөөгө кетип жаткан кыз-келинге карата айтылган кошоктор мазмундук жана поэтикалык түзүлүшү, обону жана аткаруучулук стили жагынан абдан үндөш келет. Экөө бир жанрга киргендиктен экөөнүн текстинин мазмундук түзүлүшүнөн төмөнкүдөй окшоштуктарды көрүүгө болот:

1. Экөө тең аялдар б.а. жакын тuugandары (энеси, эжеси, сиңдиси, жеңелери) тарабынан эч кандай музыкалык аспаптын коштоосу жок аткарылат;

2. Эки жанрда тең коштошуу мотиви кездешип, обону муңдуу келип, ый-ыйлоо менен коштолот; биринде бул дүйнөдөн тиги дүйнөгө сапар тарткан адам менен коштошсо, экинчисинде, чыккан кыз чийден тышкары болуп, өз үйүн, элин, жерин таштап, алыска, бөтөн бүлөгө, элге, жерге, урууга келин болуп кетип жаткан кыз менен коштошот. Чындыгында өткөн доорлордо кыз бала күйөөгө чыккандан кийин төркүнүнө каалаган учурда каттай алган эмес. Бир жакшылык жана жамандык учурунда эле келе алган. Ошондуктан узатып жаткан кызга энеси, эжеси, жеңелери кызыбызды аман-эсен көрөр бекенбиз деп, ыйлап кошок кошуп узатышкан;

3. Экөөндө тең мактоо мотиви орун алган: биринде маркумдун жакшы сапаттарын, жасаган иштерин, ата-тегин кошуп айтса, экинчисинде, кыздын ата-тегин, бир тууган-дарын, тектүү элдин кызы экендигин, жакшы үйдө чоңоюп, тарбия алгандыгы айтылат;

4. Экөө тең боз үйдүн ичинде айтылып, кошокчунун угуучулары же аудиториясы болот. Мындагы негизги айырма, бири - өлгөн адамга айтылса, экинчиси - тирүү адамдарга, кыз кишиге жана алып кеткени келген кайын энеси жана күйөөсүнө карата айтылат да, өлгөн адам пассивдүү ролду ойносо, кошокту угуп жаткан адам - кыз тирүү болгондуктан активдүү ролду ойноп, сөзсүз үн чыгарып ыйлап отурат [151, 17-б.].

Жогорудагылардын дээрлик көпчүлүгү аялдар тарабынан аткарылат. Айрым кошок ырларынан мисал келтирсек:

Жаш балага кошулуучу кошоктордон:

*«Сепкилиң айдын жүзүндөй,*
*Себетке салган жүзүмдөй.*
*Тамагың айдын жүзүндөй,*
*Табакка салган жүзүмдөй...,*

*Жезден беле, билегиң,*
*Жетимишке барбастан.*
*Чырпыгым, жеткен беле тилегиң...» [330].*

Бир туугандарга карата айтылуучу кошоктордун айрым бир саптарынан мисал келтире кетели. Бул кошоктордун биринде бир тууган эжесинин инисине күйүп бышып кошкон кошогунда кыргыз элине таандык болгон айрым бир салттар жөнүндө да айтылган.

*«Ажалым жетип мен өлсөм.*
*Алып жерге көмөрүм,»*

-деп айтылып, эжесинен мурун иниси кайтыш болгондуктан инисин жоктоп өксүп, ыйлап-сыктап турган учуру баяндалат. Төмөндө бул кошоктон үзүндүлөр келтире кетели:

*«... Алтындан жүгөн өрөрүм,*
*Ажалым жетип мен өлсөм.*
*Алып бир жерге көмөрүм,*
*Эми, алтындан жүгөн ким өрөт.*
*Ажалым жетип мен өлсөм,*
*Алып бир жерге ким көмөт... [311]* -деп айтылса,

*Эжеси жөнүндө айтылган кошоктон:*
*«Көк сарай чыга жайлаган,*
*Керилип бээни байлаган.*
*Ата-ини келсе конокко,*
*Кымызы менен сыйлаган.*
*Токтунун тобун байлаган,*
*Көк сарай чыга жайлаган.*
*Ага-ини тууганын,*
*Эжекем, каймагын берип сыйлаган.*
*Жездемдин болуп түгөйү,*
*Эжекем, жээндерин сыйлаган» [321].*

Кыздын энесине кошкон кошогунан:

*«Желке чачым кулачым.*
*Мен кургур, жетип келсем кубанчым.*
*Арка чачым кулачым,*
*Айланайын энекем,*
*Айланып келсем кубанчым*
*Белестен чыккан ай элең,*
*Бейишим энем барында.*
*Белгилүү шаар жай элең» [313].*

Энеге кошкон кошок:

*«Эшиктен төргө ак кийиз,*
*Эшендер түшкөн үйүңүз.*
*Капчыктан төргө ак кийиз...,*
*Калпалар түшкөн үйүңүз.*
*Энекем тиккен чепкенди,*
*Чек базарда талашкан...,*
*Чечендер кийсе жарашкан,*
*Килем бир согуп, түр кылган,*
*Үйүнүн ичин гүл кылган.*
*Күн айланып, мен келсем,*
*Күлүп чыгаар апам жок» [331].*

Дагы бири:

*«Калкка өлүм каргаша.*
*Куу тумшук өлүм болбосо,*
*Күлбөйт белек жанаша» [306].*

Таенеге кошкон кошок ыры:

*«Ак шайы көрпө жүктө жок,*
*Айлансам таенем үйдө жок.*
*Көк шайы көрпө жүктө жок,*
*Көргөнүм таенем үйдө жок.*
*Адырга чыккан арчадай.*
*Таенем, асыл бир жаны барчадай» [329].*

Атасына кошкон кошоктон:

*«Жаш тайлакка жүк арттым,*
*Армандуу болуп мен байкуш.*

*Атакемен айрылып,*
*Жаштайыман үн тарттым.*
*Арыкта суу бурбай кал» [324] .*

*«Койдон бир козу бактырдың.*
*Кожодон тумар тактырдың,*
*Андан да себеп болбоду.*
*Асылган оору койбоду» [320].*

Күйөөсүнө кошкон кошок:
*«Эшигиң алды алма бак,*
*Алмасын коюп гүлүн как.*
*Артыңда калган балдарды,*
*Кайрылып келип өзүң бак...,*
*Күмүштөн комуз чаптырып,*
*Күүлөп бир коюп өтсөңчү.*
*Артыңда калган балдарды,*
*Үйлөп бир коюп кетсеңчи.*
*Аз айтайын кейишти,*
*Аралап жүрсүн бейишти.*
*Көп айтпайын кейишти,*
*Көрүп жүрсүн бейишти [320].*
*...Совет бир бийлик өкмөткө.*
*Кызматың менен жаккансың,*
*Басмачыны кубалап.*
*Атак бир даңк алгансың,*
*Эми береним, бейиштин төрүн ээлегин» [328].*

Атага кошулган кошоктон:
*«Алтын, аа, казык жел аштоо,*
*Болгонум атам, азаптуу экен сөз баштоо.*
*Күмүштөн казык, жел аштоо,*
*Болгонум атам, күйүттүү экен сөз баштоо.*
*Алты бир кулач кыл аркан,*
*Атама, алты айлансам кетпеген.*
*Айлансам атам, камкорум,*
*Атамдын, айылынан байлык кетпеген.*
*Караны минип, жердедиң.*
*Атам, бейиштин жерин жердегин,*

*Пейили жакшы, атакем.*
*Эми бейиштен бери келбейсиң [333].*

– деген тексттерде энеге, атага, балага, күйөөсүнө, жеңеге, эжеге жана башкаларга арналган кошок ырларында кыргыздын салттуу турмушунда дүйнөдөн өткөн адамдын туугандары тарабынан кайгы-күйүт, арман, бири-бирине кайрат, акыл насааттары айтылат. Илимий-тексттик салыштырууларда диалектикалык жана аймактык өзгөчөлүктөрү байкалат.

Үйдүн түркүгү болгон жолдошунан айрылган жесир аялдын муңдуу-зарлуу кошогу:

*«Кокондон келген кош накти,*
*Эмне деп алдым колума.*
*Оо, кудайым салган иш экен,*
*Жесирлик кыйын иш болот.*
*Эмне деп алдым мойнума,*
*Ташкенттен келген кош накти.*
*Эмне деп алдым колума,*
*Кудайым салган иш экен.*
*Жесирлик кыйын иш экен,*
*Эмне деп алдым мойнума.*
*Боз тайлакка жүк арттым,*
*Боз тайлак белин кош тарттым.*
*Боз тайлак бели бош экен,*
*Эми боз балдарга күн арттым» [316]*

– мында аял өзүнүн жеке турмушун айтууга да үлгүрөт, өлгөн күйөөсү менен гана бактылуу болгонун, ансыз жашоо кыйындыгын, башына түшкөн азапты айтып болбостугун, жолдошуна чейин жашоосу кандай болгондугун саймедиреп айтууда. Артында калган уул-кызынын кайгысынан да кабар берет жана алардын (жетимдердин) айынан кайнисине баш кошуп, моралдык, социалдык жактан жабыркаганын байкатат.

Күйөөсү өлгөн аялдын кошогу:
*«Кекилик гана жайлайт эй, Алайды,*
*Бул куураган шум өлүм,*

*Кейитет го далай адамды.*
*Кызыктуу жашоо маалында,*
*Кызыл ат гана минген эй, жылоолоп.*
*Кымбатым, кылчайбай кеттиң кыр салып...» [319].*

Бул кошок саптарында күйөөсүнүн үй бүлөдөгү орду идеалдаштырылууда. Жолдошунун социалдык чөйрөдөгү ордун бийиктетип көргөзүп, кадырлуу адам болгондугу, ал эми жоготуунун аягы кайгы экендигин баса белгилейт.

Кыргыз эли каймана мааниде сүйлөөгө өзгөчө маани берген. Жашоонун бул көрүнүшүн кайра кабыл алышка багыттап сөздү алыстан баштап, бир нерсенин четин чыгарып, угуучуну психикалык жактан даярдап, андан соң гана ток этер сөзгө өтөт. Буга айтылуу Кетбука ырчынын Чынгыз ханга уулунун өлүмүн угузганы – мыкты үлгү, таамай мисал боло алат.

*«Туу куйругу бир кучак,*
*Тулпар качты, Айганым.*
*Туурунан бошонуп,*
*Шумкар качты, Айганым.*
*Алтын така, күмүш мык,*
*Алтын ордо башынан,*
*Булбул качты, Айганым.*
*Агын дайра соолуп,*
*Көл бөксөрдү, Айганым» [28, 8-б.]*

Мында угузуучунун кыраакылыгын белгилеп койсо болот. Күү, каймана сөз аркылуу чындыкты кабылдап, табышмак суроолорго табышмак жооп айтылат. Кыргыз элинин байыртадан бери сөзгө конок бергендиги байкалып, азыркы учурда да эл арасында мындай маанидеги кошоктор сакталып калган:

*«Өлүмдүн жоктур каралы,*
*Пайгамбар кудай досу экен.*
*Оо дүйнө кетер кезинде,*
*Адамзат пендеси,*
*Жардамсыз калган өзү экен.*
*Бозоргон тоонун бооруна,*

*Бара албайбыз жол салып.*
*Боз топурак арасынан,*
*Ала албайбыз кол салып...» [325] .*

Бул сап, кошоктун өлүмдү угузуу түрүнө кирет. Мында өлүмдү сөз менен сыпаттап айтууда.

Демек, жогоруда келтирилген мисалдарда кошок, арман жана жоктоо ырларында кыргыз көчмөн турмушунда жана маданиятында кошоктор, армандар жана жоктоо түрүндөгү фольклордук жанр бир нече түрлөргө бөлүнүп, негизинен кошок кошулган инсандын башынан өткөн окуяларды чагылдыруу менен катар эле коомдук - тарыхый ири идеяларды да бере алгандыгын байкай алдык. Кошок, арман жана жоктоо жанры азыр деле кыргыз элинде унутула элек. Бирок, ааламдашуунун шарттарында, азыркы заманбап турмуштун агымында алардын статусу улам барган сайын төмөндөп бара жаткандыгын байкоого болот. Бул – салттык маданияттын унутулуп бара жатышы болуп эсептелет.

Ошондой болсо да биз ретроспективдик ыкма менен азыркы күндө эл арасында сакталып калган кошок, арман жана жоктоо ырларынын мисалында кыргыз элинин байыртан бери салттуу келе жаткан эркиндик, мекенчилдик жана башка гумандуулук идеялардын чагылдырылышын калыбына келтире алабыз. Фольклордук материалдарды изилдөө мына ушунусу менен баалуу жана актуалдуу.

## 1.2. Маселени изилдөөнүн тарыхнаамасы жана булактык базасына сереп

XIX кылымдагы жана XX кылымдын баш ченинде тарыхый инсандардын элдик оозеки чыгармачылыкта өмүр жолу, ишмердигине карата кошок, арман, жоктоо ырларында чагылдырылышын тарыхый-этнографиялык жактан изилдөө чынында кыргыз тарыхнаамасында биринчи жолу коюлуп жаткан маселе. Проблеманын так ушундай таризде изилденишинин тарыхнаамалык узун сабак жүрүшү жок, анткени, бул темада азырынча кыргыз изилдөөчүлөрү тигил же бул деңгээлдеги көрүнүктүү изилдөө жасай элек.

Маселенин тарыхнаамасы төмөнкү тартипте баяндалды. Илимий иштин ар бир бөлүмү өз алдынча тарыхый процессти чагылдырып турат. Ар бир тарыхый процесс, тигил же бул тарыхый инсандын өмүр жолуна, ишмердигине байланышкан жана ал инсанга же тарыхый окуяга карата кошок, арман жана жоктоо ырлары айтылган. Ошондуктан, диссертациянын планына кирген ар бир маселенин айланасында болгон конкреттүү тарыхнаамалык сереп колдо бар адабияттардын жана изилдөөлөрдүн негизинде берилип олтурат. Тагыраак айтканда 3 доордун авторлору - революцияга чейинки, советтик жана постсоветтик авторлордун эмгектери пайдаланылды.

Теманын тарыхнаамасына сереп салууда биз XIX кылымда жана XX кылымдын башында жашап өткөн кыргыз тарыхый инсандарынын өмүрү, ишмердигине карата кошок, арман жана жоктоо ырларынын мисалында болгон изилдөөлөрдү эки чоң топко бөлүп, алардын ар бирин хронологиялык - проблемалык тартипте бердик. Ал бөлүштүрүү төмөнкүдөй жүргүзүлдү:

1. Кыргыз элинин фольклордук казынасынын бир тармагы болгон кошок, арман жана жоктоо ырлары жөнүндө жазылган жалпы эмгектер.

2. Жогоруда аталган кошок, арман жана жоктоо ырлары кыргыз элинин XIX кылымда жана XX кылымдын башында жашап өткөн кыргыз тарыхый инсандарынын өмүрүн, ишмердигин чагылдырган конкреттүү изилдөөлөр. Экинчи топтогу изилдөөлөр диссертацияда кабыл алынган тарыхый инсандардын хронологиялык катары боюнча сыпатталат.

Айта кетчү нерсе, XIX кылымда жана XX кылымдын башында жашап өткөн кыргыз тарыхый инсандарынын өмүрү, ишмердигине карата кошок, арман жана жоктоо ырларынын мисалында жүргүзүлгөн изилдөөлөр чет элдик тарыхнаамада жокко эсе. Атүгүл, каралып жаткан маселеге тиешелүү Кыргызстандын алкагындагы тарыхнаамалык эмгектердин орус тилинде жүргүзүлгөндөрү да саналуу гана. Ошондуктан тарыхнаамалык серепте негизинен кыргыз тилинде жарык көргөн кыргыз фольклоруна арналган чыгармаларга, изилденүүчү конкреттүү тарыхый инсандар-

дын айланасындагы инсан таануу багытындагы чыгармаларга көңүл бурулат.

**А) Кошок, арман жана жоктоо ырлары жөнүндө жазылган жалпы эмгектер.** Бул жерде аз да болсо элдик фольклористиканы типтештирүүнүн дүйнөлүк мисалына көңүл бура кетүү зарыл.

Дүйнөлүк фольклористикада оозеки прозанын түрлөрүн, типтерин, жанрларын практикалык мүнөздө классификациялоо XX кылымдын башында финляндиялык илимпоз Антти Аарне тарабынан башталган. Ал 1910-жылы «Указатель сказочных типов» аттуу көрсөткүчүн чыгарып, эмгек кийинчерээк 1928-жылы жарык көргөн, бул А.Аарне менен Ст. Томпсондун эл аралык көрсөткүчүнүн өзөгүн түзгөн. Антти Аарне жомок жанры менен бирге фольклор жанрларды да өзүнчө системага салууга аракеттенген. Финляндиялык бул окумуштуунун системасы ар кыл өлкөлөрдө ушул багытта түзүлгөн көп сандаган көрсөткүчтөрдүн үлгүсү болуп далайга кызмат өтөгөн [192, 40-41-бб.]. Маселен А.Аарненин схемасын кабыл алуу менен орус окумуштуу-фольклористи В.Я.Пропп да көлөмдүү эмгек жараткан [219, 218, 4-6, 23-28, 65-68-бб.].

Кошок, арман, жоктоо ырларына жана жалпы эле кыргыз фольклористикасына тийешелүү изилдөөлөр Кыргызстанда XX кылымдын 20-30-жылдарында башталган. Ошол жылдары кыргыз эл оозеки чыгармачылыгынын тарыхын, татаал өнүгүү процессин үйрөнүү ишинин системалуу бир ыкка салынышы жана алардын проблемаларын конкреттүү түрдө иликтөө аракети колго алынган [195, 5-б.]. Ушундан улам 20-30-жылдар аралыгында «Манас» эпосу баш болгон кыргыз элинин оозеки көркөм мурасы - фольклордук адабияттын бир канча жанрлары, түрлөрү чогултулуп, кайра басылып, жарыкка чыккан. И.Арабаевдин, К.Тыныстановдун, К.Мифтаковдун, Х.Карасаевдин, И.Абдырахмановдун, Б.Солтоноевдин аракеттери [66, 544-б.] менен элдик оозеки чыгармаларга болгон тарыхый - салыштырма анализ жүргүзүү, фольклордук материалдарды классификациялоо, жанрдык аныктама берүү демилгелери колго алынган.

20-жылдардан баштап фольклордук материалдарды чогултуп, жазып алуу иши өз жыйынтыгын берген. Аларды

илимий жагынан сыпаттоого, өзүнчө бүткөн ой, идея айтууга аракеттер башталган. Мурда берилген маалыматтарга, кыска кабарларга аргументтүү ойлор, далилдер кошумчаланып, илимий гипотезалар орун алган. Фольклорду ар тараптуу, алардын ичинде тарыхый принципте изилдөө колго алына баштаган.

Элдин көркөм сөз кенчинин тунгуч жыйноочусу Каюм Мифтаков өзү чогулткан тексттердин негизинде үч мертебе (1923, 1924, 1927-жылдары) классификация жасоого далалаттанганы маалым [192, 57-б.]. Анда ал кошокторду «тарихи сөздөр» тобуна киргизген. Анын соңунан эл оозеки казынасын классификациялоого 1943-жылдан баштап К.Рахматуллин да үч жолу аракет жасаган. Биринчи «Колониялык доорго чейинки адабият» деген ишинде кыргыз фольклорун «жомоктор», «эл ырлары», «эпостор» деп, үч чоң топко ажыратат. Ал эми жалпысынан ал «Кыргыз эл фольклорун» (1943) алты топко жиктейт: «лирикалык жанр», «эпостук жанр», «тамсил», «легенда», «поэма», «сатиралык чыгармалар» [158, 10-11-бб.]. Биздин пикирибизче ал кошокторду лирикалык жанрга кошкон.

К.Рахматуллинге удаалаш эле, 1943-жылы М.И.Богданова кыргыз фольклорун классификациялаган. Изилдөө ишинин багытын кошоктор, арман, жоктоо ырларын камтыган лирика жанрын терең талдоого алган [192, 60-б.; 158, 71-81-бб.]. М.Богдановадан кийинки кыргыз эл адабиятын классификациялоого киришкен адабиятчылар Тазабек Саманчин [26], Ташым Байжиев [18, 73], Зияш Бектеновдор [73, 80] болушкан. Алар дагы кошок, арман, жоктоо ырларын лирикалык жанрга кошушкандыгы маалым. Бирок, бул классификаторлордун жиктөөлөрүндө жанрлардын аталышынан улам фольклор материалдарын аныктоо учурунда аларга коммунисттик идеологиянын басымы таасирин тийгизгендей сезилет. Ошол эле учурда фольклорго мүнөздүү келген тарыхыйлуулук, ырымчыл үрп-адат, эл маданиятына мүнөздүү болгон каада-салтка тиешелүү оозеки туундулар бул классификацияларда көмүскөдө калган. Мунун бирден-бир себеби – «эскичил», «динчил», «бай-феодалчыл» маанайды көрсөтпөө, ушул «ярлык» – курулай күнөөдөн оолак болууга умтулуу, ак жерден «күйүп кетүү» коркунучун туудур-

ган идеологиялык кысымдын кесепети болгон болуу керек [192, 61-б.].

Дагы бир ошол жылдардагы фольклорчу А.Тайгүрөңов [236] болуп эсептелет. Классификациясынын өзөгүндө К.Мифтаков менен М.Богданованын, бөтөнчө К.Мифтаковдун таалими байкалат. Ал элдик оозеки чыгармачылыгын чоң үч топко - «лирикалык», «эпикалык» жанрлар жана «элдик драмалар» деп бөлүп, кошок, арман, жоктоо ырларын лирикалык жанрга кошкон.

Негизинен, жогорку аталган белгилүү фольклористтердин, изилдөөчүлөрдүн зор иш-аракети, демилгеси 30-жылдардын башында буга чейин айтылып келген айрым илимий көз караштарга, гипотезаларга тактык, толуктоолорду киргизүүнү баштакан.

40-жылдарда фольклор таануу илиминин калыптанышы мезгил агымына жараша саясий-идеологиялык абалга карата карама-каршылыктуу, бири-биринен түп тамырынан бери айырмаланган контрасттуу көрүнүштөрдүн негизинде жүргөн. Бул мезгил илимдин тарыхындагы эң бир динамикалуу, методологиялык принциптердин кагылыш доору катары тарыхта калды. 40-жылдардын аягындагы «идеологиялык күрөш» кыргыз фольклористика илиминин бир калыпта өнүгүшүнө кыйла эле терс таасирин тийгизген. Жазып алуу, чогултуу иши сээлдеп, «көлөкөсүнөн корккондор» арбып, ал эми буга чейин жыйналган элдик чыгармаларды иликтөө, иреттөө иши токтогон. Ал эми эл арасында болсо элдик адабиятты алып жүрүүчүлөрдүн саны мезгил өткөн сайын уламдан-улам азая берген. Жазып алуу, жыйноо, изилдөө иши ушинтип зор жоготууларга дуушар болду. Ошондуктан XX кылымдын 40-жылдарынын экинчи жарымын «кыргыз фольклористика илиминдеги кризис» абал деп белгилөөгө болот.

З.Бектенов, Т.Байжиевдердин 1949-жылы жарык көргөн «Кыргыз адабияты» аттуу эмгеги [81] кыргыз фольклористика майданындагы, маданий агартуу тармагындагы жаңылык болгон. Эмгекте кыргыз фольклористтери, алардын эмгектеринин салмак-баа, өлчөмдөрү, кыргыз фольклористика илиминин генезиси, түптөлүшү жана ошол пайдубалын куруудагы мыйзам ченемдүүлүктөр, саясий-тарыхый,

илимий критерийлер белгиленген. Натыйжада, өткөн кылымдын 40-жылдарынын аягында кыргыз фольклор таануу илими калыптанып, өнүгүүнүн жаңы баскычына багыт алган.

50-жылдардан кийин фольклорчу-адабиятчылардын классификациялары мурункулардан айырмаланган схемада түзүлөт. Мисалы, Ж. Таштемиров [240, 148-б.], С.Мусаевдин [157] бөлүштүрүүлөрү боюнча Кыргыз фольклору «лирикалык», «эпикалык», «дидактикалык» болуп үч жанрга бөлүнгөн. Сапарбек Закировдун бөлүштүрүүсүндө лирикалык жанрга кошок, арман, жоктоо ырларын мурункулардай эле салттуу киргизген [112, 114].

Кошок, арман жана жоктоо ырлары 60-70-жылдарда да изилденип келген. Бирок, ал жылдары жарык көргөн эмгектерде илимий жактан жаңы көз караштар болгон эмес. Тек иш кошок, арман жана жоктоо сыяктуу элдик чыгармачылык ырларын жыйноо иштери улантылган.

1980-жылдары Муңдук Мамыровдун, Токтош Танаевдин түзгөн классификациялары жарык көргөн. М.Мамыровдун классификациясы [164] «эл ырлары» (лирика), жана «жомок» (эпика) деген эки гана чоң топтон турат. Кошоктор эл ырларына киргизилет. М.Мамыровдун көз карашын Т. Танаев [238, 239] толугу менен бөлүшөт.

1980-90-жж. жарык көргөн илимий чыгармаларда кошоктун жаралуу доору жана эпикалык чыгармаларда чагылышы, ошондой эле кошоктун этимологиялары жана варианттары тууралуу тарыхый-этнографиялык анализдер берилген. Анда кошокторду тарыхый доорлорго – көөнө түрк доорунда (орто кылымдар) айтылган кошоктор; жаңы доордогу кошоктор; соңку жаңы доордогу кошоктор – деп бөлүү каралган [157]. Мындай бөлүштүрүүнү азыркы кыргыз фольклорчулардын басымдуу көпчүлүгү таанышат.

Адабиятчы-окумуштуу К. Артыкбаевдин [64], А.Акматалиевдин [51] жана башкалардын кыргыз фольклористикасынын түрдүү маселелерин изилдөөсү кыргыз элдик оозеки адабиятына карата илимий изилдөөлөрдү тереңдете алган. Эгер жогорку авторлор кыргыз фольклорунун жалпы өнүгүү маселелерин изилдешсе, кошок, арман жана жоктоо ырлары боюнча окумуштуу С.Егембердиеванын академик А.Акмата-

лиев менен авторлош даярдаган тарыхый ырлар, кошоктор, арман ырларына арналган элдик адабият сериясы жарык көргөн [23, 28]. Ал баалуу тексттер менен коштолуп, аларга комментарийлер берилген.

Фольклор таануу жана аны илимий жактан анализдөө иши Кыргызстандын эгемендик тарыхында жакшы өнүгүүдө. Кыргыз элинин фольклорунун ичинен кошок, арман жана жоктоо ырлары боюнча алгылыктуу изилдөөнү окумуштуу Э.Көчүмкулова жүргүзө алган. Биринчи параграфта белгилегендей бул окумуштуу кошокторду типтештирип, анын негизинде маселен маркумга жана күйөөгө кетип жаткан кызга карата айтылган кошоктордун мазмундук жана поэтикалык түзүлүшү, обону жана аткаруучулук стили жагынан абдан үндөш келип, экөө тең бир жанрга киргендиктен алардын текстинин мазмундук түзүлүшүнүн окшоштуктарын салыштырат [150, 15,17-бб.].

Кошок, арман жана жоктоо ырларына байланышкан кыргыз фольклористикасынын жалпы маселелери боюнча тарыхнаамалык серепти жыйынтыктап келип, төмөнкүлөрдү айтууга болот. Советтик доордо кыргыз фольклористика илиминде албан ийгиликтер менен бирге бир катар мүнөздүү кемчиликтер да орун алгандыгын айта кетүү абзел. Элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүнө объективдүү, туура тарыхый баа берүүнүн ордуна таптык көз караш үстөмдүк кылып келген. Салттуу поэзиянын үлгүлөрүнүн жаралыш доорун, элдин ошол кездеги көз карашын, идеясын эске албастан, көбүнчө аларды эстетикалык баалуулугун экинчи планга калтырып, аларга өтө курч саясаттын, идеологиянын талаптары коюлган.

Эгемендик доордо болсо, кыргыз фольклористика илиминин алдында сандаган олуттуу милдеттер тургандыгы жалпыга белгилүү. Анткени, дагы көптөгөн маселелердин чечилиши атайын илимий-теориялык изилдөөнүн объектиси боло элек. Экинчиден, буга чейин изилденген фольклордун көптөгөн үлгүлөрү кайрадан терең илимий талдоону талап кылары да талашсыз факт. Ошентип, кыргыз фольклористика илиминин чече турган маселелери, көтөрө турган илимий проблемалары дале болсо алдыда.

**Б) Кошок, арман жана жоктоо ырларында XIX кылымдын ичинде жана XX кылымдын башында жашап өткөн кыргыз тарыхый инсандарынын өмүрүн, ишмердигин чагылдырган конкреттүү изилдөөлөр**

Бул экинчи топтогу изилдөөлөр диссертацияда кабыл алынган тарыхый инсандардын хронологиялык катары боюнча баяндалат.

Саясий бытырандылыкта жашаган кыргыз уруулары XIX кылымдын аягында бирдиктүү багытта аракеттенүүгө мүмкүнчүлүгү жок эле. Кыргыз урууларынын өз ара келишпес мамилелеринен улам аларга тышкы душмандар коркунуч туудуруп турган.

Каралып жаткан мезгилдеги инсандардын өмүрү жана ишмердигине байланыштуу тарыхый материалдар кыргыз элинин тарыхы боюнча жалпы окуу китептеринде эгемендүүлүктөн кийин гана пайда болду. Аларга А.Асанканов менен О.Ж.Осмоновдун биргелешкен окуу китеби [65], Кыргыз тарых энциклопедиясы [159], кыргыздар жөнүндө көптөгөн тарыхый маалыматтар, санжыра, мурас, салт, рухий маданият, элдик билимдер жөнүндө жана башка кызыктуу маалыматтар камтылган «Кыргыздар» аттуу 14 томдук жыйнак [24] сыяктуу жалпылама чыгармалар кирет.

Диссертациянын негизин түзгөн ар бир тарыхый инсанга тийешелүү инсан таануу багытындагы чыгармаларга кыскача сереп берели.

*Медет датка* (1778-79-жылдарында туулуп, болжолдуу 1839-жылы өлгөн) Кочкор өрөөнүнүн Агучук айылынан чыккан атактуу бий, түндүк кыргыздарынын ичинен Кокон хандыгынан «датка» наамын алган сейрек инсандардын бири.

Медет датка саяк уруусунун курманкожо уругунан, өз мезгилинин абройлуу чыгаан мамлекеттик ишмери катарында таанылган бий, датка болгон. Кызы Аксыйнаттын кошогунда атасы Медетти Омор хан датка даражасына кошуп, өз колу менен туу ыйгаргандыгы, Түндүк Кыргызстандын элине Медет датканын арка-бел болгондугу, Кокондуктардын салыгына чек койгондугу, кыргыз элинин үрп-адат, мыйзамдарын акылдуулук менен колдонгон, калыс, акыйкат эл башкаруучу катары «Чоң Медет» деген атак алгандыгы, Ко-

кон хандыгына «Ак үйлүүгө» алынгандарды бошоткондугу айтылат [147, 18-б.].

Медет датка жөнүндө азыноолак маалыматтар Ж.Кенчиевдин [147] китебинде, окумуштуу Т.Өмүрбековдун монографиясында [202, 73-б.], Нарын областынан чыккан тарыхый инсандар жөнүндөгү К.С.Бокоевдин макаласында [83, 11-14-бб.], энциклопедиялык жана башка жыйнактарда [160, 190, 155-156-бб.], электрондук сайттарда [295, 296, 299] кездешет. Ошондой эле Медет датка жөнүндө адабий материалдар К.Осмоналиевдин романында да бар [199].

*Тайлак баатыр* Рыскул уулу (болжол менен 1796-жылы азыркы Ак-Талаа жана Тогуз-Торо райондорунун чегиндеги Нарын дайрасынын боюндагы Каргалык деген жерде туулуп, 1838-жылы Курткада өлгөн) .

Тайлак баатырдын ишмердиги Куртка, Ак-Талаа аймагынан алда канча кең, бүтүндөй Теңир-Тоонун, атүгүл түндүк - түштүк кыргыздарынын да тагдырына таасир эткен. Себеби, ал ошол кездеги геосаясаттык маселелерге аралашкан, ал процесске белгилүү деңгээлде түзөтүү киргизүүгө жетише алган. Ошондуктан ал кыргыз элинин чыгаан тарыхый инсаны жана баатыр жол башчысы.

Тайлак баатыр тууралуу маалыматтар кытай булактарында [153], Ч.Ч.Валиханов [88], Б.Жамгырчинов [98], К.Үсөнбаев [251], В.М.Плоских [214], Р.Н.Набиевдин [188], С.Аттокуров [68], Т.Кененсариев [144, 67-73-бб.], Ж.Жакыпбековдун [106] изилдөөлөрүндө, Т.Асановдун [67] макаласында, Б.Солтоноев [229], С.Закиров [113] сыяктуу авторлордун санжыралык эмгектеринде, А.Чоробаев [9], Ы.Абдрахманов [14] жазып калтырган кол жазма фондорунда, Ш.Бейшеналиевдин жана А.Чоробаевдин адабий чыгармаларында [79, 267] кеңири кездешет.

Тайлак баатырга арналган кошок материалдарын үч таризге бөлүп кароого болот: 1) саясий – дипломатиялык ишмердүүлүгү; 2) гуманистик мамилеси, идеялары жана көз караштары; 3) социалдык – экономикалык мамилеси.

*Нүзүп бий (1794-1844)* Эсенбай бий уулу көрүнүктүү аскерий жана коомдук ишмер, кыргыздын чыгаан уулдарынын бири, Кокон хандыгынын миңбашысы, Шералы хандын бирден-бир кеңешчиси (аталык наамга тете) болгон. Нүзүп миң

башынын Кокон мамлекетинин тарыхында ээлеген орду, кошкон салымы арбын. Анткени, Кокон мамлекеттүүлүгүн чыңдоого жан үрөп, хандыктагы саясий иштердин активдүү катышуучусу, калктын келечегин ойлогон инсан гана эмес, такшалган дипломат катары да кароого болот. Демек, чыгаан эр азаматтардын күчү менен элибизди Кокон амирлигинин жеми болуудан сактап гана турбастан, ал хандыкты кыргыз мамлекеттүүлүгү катары санап, ички жана тышкы саясатында зор мамлекеттик иштерди аткарып келген. Тарыхчылар Ж.Алымбаевдин [55, 56], Б.М.Бабаджановдун [71] монографияларында, П.Дүйшөнбаевдин адабий чыгармасында [105] Нүзүп бийдин тарыхый бейнеси жакшы ачылып берилген. Автордун Кокон хандыгы мезгилиндеги фольклор, анын ичинде Нүсүп бийге жана ага карата кошокторго арналган макаласы да жарык көргөн [60]. Казак окумуштуусу Т.К.Бейсембиевдин монографиясында [78], Зиябидин Магзунинин «Фаргана хандарынын тарыхы» китебинде [161] Нүсүп бийге тийешелүү бир катар тарыхый маалыматтар бар. Ошондой эле эл арасынан топтолгон информаторлордун маалыматтары да баалуу материал болуп саналат.

*Ормон хан (1792–1854)* Ниязбек уулу Чүй өрөөнүндөгү сарыбагыш уруу бирикмесинин чоң манабы, жалпы аркалык кыргыздардын белгилүү ишмери, өз алдынча кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түндүгүн бириктирүүгө аракеттенген. Тарыхчылар Ормон хан доору – кыргыз тарыхындагы маанилүү мезгил, деп белгилеп жатышы бекеринен эмес [203]. Ормон хан өз кезегинде кыргыз-казак, кыргыз-кокон, кыргыз-россия мамилелерин жөнгө салууга салым кошкон. Кыргыздын бул тарыхый инсаны «Эл уулу, эл башчысы» деген атакка адилеттүүлүк менен арзыган.

Ормон хан жөнүндө кыргыз тарыхнаамасында жеткиликтүү эле изилдөөлөр болуп келүүдө. Б.Солтоноевден баштап азыркы заманбап тарыхчыларга чейин ал инсан жөнүндө маалыматтар арбын. Ормон хандын инсандык турпатына, ишмердигине арналган чыгармаларга Б.Джамгерчиновдун [98, 99], А.Н.Бернштамдын [82] изилдөөлөрүн, Т.Н.Өмүрбековдун монографиясын жана макалаларын [202, 203, 129-134-бб.], А.Беделбаев [76, 119-бб.], Р.Жолдошев [109], И.Н.Грандин [96, 65-67-бб.], О.Ибраимов [115], И.Кадыровдун

[123, 134-138-бб.] макалаларын, А.Акматалиевдин санжыралык материалга негизделген макаласын [15], Ормон хандын өмүрү жана ишмердигине арналган атайын жыйнактарды [194] кошсо болот. Ошондой эле Ормон хан жөнүндө тарыхый роман жазылган [242]. Ал эми биздин талдоо Ормон ханга арналган кошоктордун мисалында болду.

*Алымбек датка (1799-1862)* Асан бий уулу кыргыз элинин белгилүү тарыхый инсаны, Түштүк кыргыздарынын адигине уруу башчысы, Кокон хандыгындагы мамлекеттик, саясий ишмер.

Алымбек датканын өмүр жолу жана ишмердиги тууралуу тарыхый маалыматтар Т.Өмүрбеков [202], Т.Өмүрзакова [209, 210] Т.Кененсариевдин монографияларында [132,140] жана макалаларында [133, 134, 11-16-бб.], Б.Абытовдун [278, 281, 282], М.Эркебаевдин китебинде жана макалаларында [275, 276], интернет материалдарда [285], бир катар массалык маалымат каражаттарынын бетинде [57] чагылдырылган.

Кошок ырлары боюнча Алымбек датканын саясий ишмердүүлүгүн 2 этапка бөлүп кароого болот. 1 – Алымбектин саясаттагы орду. 2 – Датканын илим-билим жана маданияттын өнүгүүсүнө кошкон салымы.

*Алымкул лашкер башы (1831-1865)* Алымкул Асан бий уулу тарых барактарында «Алымкул Аталык», «Аскер башчы», «амирул умаро» (эмирлердин эмири) ошондой эле «Амир и-Лашкар» деген бийик даражалуу наамдар менен белгилүү. Алымкул лашкер башы болжол менен Кокон хандыгында жети жылга жакын 1858-1864-жж чейин мамлекеттик кызматта туруп, 1862-63-жж. Бухара эмири Музаффардан Кокон хандыгынын көз карандысыздыгын сактаган. Кудаяр хандын жүргүзгөн туура эмес саясатына каршы чыккан. 1863-жылы Султан Сейитке Аталык (регент) дайындалып, иш жүзүндө хандыкты башкарууну толук колуна алган. Түркстан, Олуя-Ата, Чимкент шаарларын Орус падышачылыгынан коргоодо зор эрдик көрсөткөн. Кашкардагы саясий иштерди дагы жөнгө салып турган. Мамлекеттик ишмер жана таланттуу кол башчынын саясий ишмердүүлүгү бир канча окумуштуу-изилдөөчүлөрдүн, айрыкча жаңы көз караштагы Т.Кененсариев [132, 135, 290], К.С.Молдокасымов [174,

297], Ж.Алымбаев [54], А.Койчиевдин [148], Т. Өмүрбековдун монографиясында [202], өзбек тарыхчылары Р.Шамсутдинов менен П.Равшановдун китепчесинде [273], М.Абдуллаев менен С.Хошимовдун [39, 114-117-бб.] эмгектеринде, айрым жергиликтүү агартуучулардын макалаларында [235, 172-178-бб.], кыргыз жазма акын өкүлү болгон Молло Нияздын «Санат дигарасттар» эмгегинде [168], Алымкул Лашкер башынын урпактарынын макалаларында [284], массалык маалымат каражаттарынын [86] бетинде чагылдырылган. Ошондой эле Алымкул жөнүндө өзбек тилинде тарыхый роман жарык көргөн [244] жана ал кыргыз тилине да которулган [245].

Орус отор доорундагы окуялар XIX кылымдын ортосунан XX кылымдын башында жашап өтүшкөн жана ири саясий окуяларга катышышкан инсандарга карата кошок, арман, жоктоо ырларынын мисалында чагылган.

*Боромбай Бекмурат (Меңмурат) уулу (1789-90-ж. - 1858)* Ысык-Көл кылаасын жердеген бугу уруусунун белек уругунан чыккан ири тарыхый инсан [205]. Ал кеменгер акылгөй, өз мезгилиндеги саясий кырдаалды толук аңдаган, токтоо, кыраакы журт башкаруучу болгондугу менен айырмаланган. Ал Россия империясынын таасирине ыктап, өз уруусун оторчул бийликке моюн сунуп берүүгө үндөгөн. Ошол эле учурда элдин биримдигин, бейпилдигин сактап калууга аракеттенген. Эл арасында «Боромбайдын керээзин» (1858) Солтобай ырчы тараткан делет [17]. Анда XIX кылымдын аяк ченинде бугу уруусу башынан өткөрүп турган тарыхый кырдаал, бугулар тарабынан Ормондун өлтүрүлүшү, элдин социалдык ал-абалы, Орусия менен мамилени чыңдоо аракети сүрөттөлөт.

Боромбай манаптын ишмердигинин мезгилинде жашап өтүшкөн кыргыздын ойчул-акындары *Калыгул* менен *Арстанбек* акындар ошол кыйын кырдаалдагы тарыхый окуялардын күбөсү болуп, алардын коомдук идеялары, дүйнөгө болгон көз караштары ырларында берилген. Кыргызстандын социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүүсү, доордун тарыхый окуялары анын чыгармаларында кеңири орун алып, алар бир жагынан арман ыр катары кабыл алынат. Алардын насаат, арман ырларында кыргыз жерлеринин

отор саясатына чырмала баштаган мезгили жана ага байланышкан коомдогу психологиялык толгонуулар чагылдырылган.

Анткени, Арстанбек акын кыргыз коомчулугунун кыйын кезеңинде өмүр сүрүп, элдин Кокон хандыгына салык төлөп турганынан, сарбагыш менен бугу төбөлдөрүнүн чыгарган чатагынан калктын катуу кыйналганына күбө болгон. Кыргызстандын Орусия букаралыгына өтүшүн анчейин жактырбастан, андан көрө Чыгыш Түркстанда түзүлгөн Жакыпбектин Жети-Шаар мамлекетине кошулсак деген пикирде жүргөн. Кокон мамлекетинде жашоону көрүп, диний көз карашы да бекемделген Арстанбекке эмки жаңы бурулуш катуу тийип, натыйжада Калыгул олуянын орус оторчуларына каршы пикирин өөрчүтүп, «Тар заман» деген көлөмдүү ырын ырдап чыккан.

Арстанбек акындын көз карашы Б.Кебекованын жыйнагында [17], Р.Каулбекованын [129] монографиясында, Т.Чоротегин [269], Т.Кененсариев [145,114-120-бб.], О.Ибраимовдун [116] жана башкалардын макалаларында берилген.

*Курманжан датка (1811-1907)* Маматбай кызы XIX кылымдагы чыгаан айым, мамлекеттик жана коомдук ишмер, кыргыз аялдарынан «датка» наамын алган бирден-бир аялзаты, элдердин боордоштугун даңазалаган данакер, нукура дипломат, азаттык идеясынын ири өкүлү.

Курманжан 1862-жылга чейин өмүрлүк жолдошу *Алымбек датканын* каадалуу жубайы гана болбостон, анын кеңешчиси, өрөөндүн тагдырын чечүүгө аралашкан коомдук ишмер катары таанылууга жетишкен. Анын саясий иштерге аралашышы Алымбектин өлүмүнөн кийин башталган.

1863-жылы Бухара эмири Сейит Музаффар Эддиндин демилгеси менен ага «датка» наамы ыйгарылат. Ошону менен бирге Алай өрөөнүн гана эмес, Ош вилайетин, ага канаатташ жаткан жерлерди башкарууну Курманжан өз колуна алган. Хандыктын саясий иштерине аралашкан, ордодо жолугушууларды өткөрүп, ханга кеңеш айта алган.

1873-75-жж. Исхак Асан уулу Полот хан жетектеген элдик-боштондук кыймылда ал көтөрүлүшчүлөр тарапта туруп, тун уулу Абдылдабекти колдоп келген. Абдылдабек болсо Полот хандын жан жолдошторунун бири, куралдашы

болучу. 1875-жылдын жай мезгилиндеги Алай өрөөнүнө болгон генерал М.Д.Скобелевдин аскердик-илимий экспедициясынын акырында Абдылдабек таймаштардан жеңилип, Ооганстанга кирип кеткен мезгилде августтун башы ченде Курманжан датка да колго түшүп, тагдырга моюн сунуу менен элдин тынчтыгын каалап, орус бийликтерине багынып берген.

Ошол кезден өлгөнүнө чейин (1907) ал «Алай каныша-сы» аталып, коомдук, саясий, дипломатиялык иштерге аралашып, элдин бейпилдигине кам көргөн кеменгер жетекчи катары, орус отор бийликчилери менен тил табышып жашаган. Анын даңкы Фергана гана эмес, бүтүндөй Түркстан генерал-губернаторлугуна, атүгүл Петербургга да дайын болгон. Бир катар Түркстан генерал-губернаторлору менен жакындан тааныш болуп, алар Курманжан датка менен эсептешип турган.

Кыргыз элине аттын кашкасындай таанымал датка - айым жөнүндө учурда кеңири изилдөөлөр бар. Ал жөнүндө кыргыз тарыхнаамасынын Б.Жамгырчинов [98], К.Үсөнбаев [251, 255, 256], А.Хасанов [264, 265], В.Плоских [94, 214, 217] сыяктуу белгилүү тарыхчыларынан кийин датканын өмүрү жана ишмердиги жөнүндө азыркы муундагы окумуштуу тарыхчылар да тереңдеп изилдешүүдө. Маселен, Т.Кененсариевдин [132, 141, 133, 53-76-бб., 136, 137,], Т. Өмүрзакованын [210], Б.Абытовдун [45], Т.Өмүрбековдун [202], К.Молдокасымовдун [169, 171,177, 178, 179] изилдөөлөрү элибиздин бул тарыхый инсанынын өмүрү жана ишмердигинин бардык аспектилерин ачып беришкен.

Курманжан датка жөнүндө эл арасында олуя Нурмолдонун жоктоосу, чебересинин жана келининин кошоктору [155] сакталып калган. Ошондой эле эркин чыгармачылык менен жазылган арман да азыркы авторлордун басылмаларында коомчулукка тартууланган [287].

*Шабдан Жантай уулу (1839-1912)* Чүй, Кемин өрөөнүндө жашаган сарыбагыш уруусунун тынай уругунан чыккан манап, саясий, коомдук ишмер, кыргыз элинин көрүнүктүү тарыхый инсаны. Шабдандын өмүрү жана ишмердиги Кыргызстандын татаал, тагдыр чечүүчү заманында өтүп, кыйын кезең учурларда таасын жол тапкан, орус отор саясатына

баш ийип, элинин келечегин да ойлогон, ошол эле учурда өмүрүнүн акырында падышачылыктын элге каршы саясатынын уңгусун түшүнүү менен, ага карама-каршы пикирлерин билдирген инсан.

Шабдан баатырдын өмүрү жана ишмердиги боюнча кыргыз тарыхнаамасынын инсантаануу багыты зор ийгиликтерге жеткен. Бул жаатта Шабдан жөнүндө изилдөөлөрдүн саны жана көлөмү эң алдыңкы орунда турат. Ал жөнүндө Н.А.Аристов [62], О.Сыдыков [197, 198], С.М.Абрамзон [44], Б.Солтоноевдин [230] китептеринде, Кемель Шабдан уулунун [130, 131], Абдылдабек кызы Жаңылдын [41,15-б.], Т.Өмүрбековдун [202], Т.Кененсариевдин [132] монографияларында, К.Молдокасымовдун [176] макалаларында чагылдырылган. Д.Сапаралиевдин макалалары анын түндүк - түштүк кыргыздарын бириктирүүгө кылган аракетин [225], ажылыкка карай барып, темир жол курууга көрсөткөн демөөрчүлүгүн ачып берет [224]. Шабдан боюнча кинофильм даярдалып жаткандыгы, анын сценарийи жөнүндө талаш -тартыштар да көп маалыматтарды ачыкка чыгарууда [74]. Булардан башка Шабдан жөнүндө маалыматтар КРУИАнын кол жазмалар фондундагы, атайын жыйнактарда [30], санжыралык, фольклордук материалдар боюнча басылмаларда [130] жайгашкан. Бул багытта А.Акматалиевдин макаласы [52] да баалуу. Автордун да Шабданга карата кошоктордун мазмуну жөнүндө атайын макаласы бар [59, 147-49-бб.].

*Исхак Асан уулу Полот хан (1844-1876)* Кокон ханы Кудаярдын элге аёосуз кыйынчылыктарды алып келген саясатына каршы элдик кыймылдын башында туруп, 1873-76-жылдардагы Фергана өрөөнүндөгү 4 очоктуу көтөрүлүштүн көрүнүктүү жетекчиси болгон. Алгач ал Кудаярга каршы кыймылга жетекчилик кылса, 1875-жылдын август айында Түркстандын генерал-губернатору жарым падыша К.П.фон - Кауфмандын оторчул армиясын Кокон хандыгына басып киришинен кийин антиколониялык боштондук күрөшүнүн бирден-бир жетекчиси болгон.

Исхак Кокон хандыгынын акыркы ханы катары Кокон хандыгын ферганалыктардын орток мамлекеттүүлүгү катары сактап калуу үчүн, ошол эле учурда орус колониялык саясатына каршы азаттык үчүн чыккан улуу күрөшкер бол-

гон. Отор саясатына каршы боштондук кыймылдардын жетекчилеринин көч башы.

Полот хандын тарыхый бейнеси тээ өткөн кылымдын башында эле Н.П.Корытовдун макаласында жазылган [149]. Кийин С.Павлов жана М.Рабиновичтин китебинде [211], К.Усенбаевдин монографиясында [252] жана эгемендик доордогу макалаларында [253, 257, 258, 259, 260, 262], А.Х.Хасановдун [264], Х.Н.Бабабеков [70], В.Плоских [93], Т.Кененсариев [132,138,139,140,142,] сыяктуу окумуштуулардын монографияларында, К.Молдокасымовдун [170, 173, 175] макалаларында изилденген.

Кудаяр хандын элге жүргүзгөн адилетсиз, зордук-зомбулук саясатына карабастан, орус империясы ага жардам бергендиги үчүн алардан да жакшылык күтүүгө болбойт деп тыянак чыгаруу менен, орус падышачылыгынын куралдуу жоокерлерине каршы Исхактын Мамыр Мерген уулу, Абдылдабек Алымбек уулу, Молдо Ашыр [154] сыяктуу куралдаштары кыргыз элинин азаттыгы үчүн жан аябай күрөшүшкөн. Аталган инсандар жөнүндө да ушул күнгө кошок, арман жана жоктоо ырлары жетти. Ошондуктан, бул жаатта да азыноолак сереп кыла кетүү абзел.

Аталган инсандар жөнүндө изилдөөлөр азырынча салмактуу эмес, бирок, макалалар, санжыралык материалдар катары кыргыз тарыхынын инсан таануу багытында аздыр-көптүр коомчулукка жеткирилүүдө. Айта кетсек, *Мамыр Мерген уулу* жөнүндө Т.Кененсариевдин монографиясында [132, 140,] жана макаласында [291], К.Молдокасымов [298], Э.Авазов [283], С.Абдрахмановдун [36] жана башкалардын макала таризиндеги маалыматтарында берилген. А.Мусабеков ал жөнүндө тарыхый роман да жазган [185]. Ошондой эле фольклор багытындагы Мамыр тууралуу жоктоо ыры да бар [13].

Исхактын азаттык идеясын өмүрүнүн акырына чейин колдогон, алайлык гана эмес, бүтүндөй Фергана өрөөнүнүн көп улуттуу элдеринин мамлекеттүүлүгү болгон Кокон хандыгын сактап калууга жан үрөп аракеттенген, 1875-жылдын акыр ченинде Фергана өрөөнүнө орус оторчу армиясы каптап киргенде Кокон шаарынын коменданты болуп турган, ал эми хандык жоюлгандан кийин (1876-жыл, февраль)

Алай өрөөнүн орус баскынчыларына каршы көтөрүлүшкө алып чыккан инсан Алымбек датканын уулу *Абдылдабек (1837 - 1877)* болгон.

Ал жөнүндө Т.Кененсариевдин аталган чыгармаларында, Т. Чоротегин менен К.Молдокасымовдун окуу китебинде [271], Б.Жумабаев [110, 111], Б.Абытов [279, 280], Б.Шаматовдун [272] макалаларында да кенен жазылат.

Исхак Полот хандын куралдаштарынын ишмердиги жөнүндөгү аздыр-көптүр изилдөөлөрдү улантып айта берүүгө болмок. Ошондой болсо да маалыматынын жаңылыгы боюнча өзгөчөлөнгөн дагы бир инсанга көңүл бөлүүгө туура келет. Ал Баткен тараптагы алгач Кудаяр ханга, андан кийин орус баскынчылыгына каршы турган кыргыздын ичкилик канатынын нойгут уруусунун бийи Молдо Ашыр аттуу адам болгон. Азырынча ал жөнүндө Т.Курбанбековдун [154] чакан макаласы коомчулукка сунуш кылынган. Албетте, 1873-76-жылдардагы кыргыз элинин элдик кыймылынын каармандарынын азаттык күрөштөрү дагы да тереңдеп изилдене беришине ишенебиз.

Ата-бабаларыбыз мекендеп келген касиеттүү жергебизди коргоодо сырттан келген күч-кубаттуу баскынчылар менен болгон теңдешсиз күрөшү жөнүндө эскерүү, кошок, арман жана жоктоо ырлары келечек муундардын ар-намысын козгоп, аларды мекенчилдик духта тарбиялоодо зор салым кошо берет деп ойлойбуз.

**1916-жылдагы улуттук боштондук көтөрүлүш мезгилиндеги арман, кошок жана жоктоо ырларында** кыргыз элинин азаттык идеясы кенен-кесири чагылдырылган. 1916-жылдагы көтөрүлүштү, анын кайгылуу жыйынтыгы болгон Үркүндү изилдөө – кыргыз тарыхнаамасынын эң орчундуу маселелеринин бири болуп келе жаткандыгы маалым.

Мындан бир кылымдан ашык мезгилде болуп өткөн бул окуя XX кылымдын 20-жылдарынан тартып эле изилденип келе жатат. Кыргыздын улуу инсандары: Ж.Абдрахманов [12, 37], Т.Рыскулов [223], Б.Исакеевдин [118] чыгармалары пайда болгон. Кийин кыргыз тарыхнаамасынын улуу өкүлү К.Үсөнбаевдин [249, 250], эгемендик доордогу окумуштуулар Т.Өмүрбеков [206, 35-51-бб.; 207], Т. Шейшеканов

[274], М.Махмудбекова [167], Э.Авазовдун [47] монографиялары, 1916-жылдагы Улуу көтөрүлүштүн 100 жылдыгына арналган жамаатык жалпылоо китеби [34], Ж.Жакыпбеков [288], К.Молдокасымов [180, 55-70-бб.], Т.Кененсариевдин [143, 146-152-бб.; 154-159-бб.] макалалары, Р.Жолдошевдин чыгармасы [108], 1916-жылдагы көтөрүлүшкө карата документтердин жыйнактары [19, 20], кийинки маарекелик жыйнактар [11] жана башкаларда кенен-кесири тастыкталган.

1916-жылдагы көтөрүлүшкө карата элдик оозеки жана жазма чыгармачылыкта тарыхый ырлар, арман, казал ырлары арбын. Ушул жагдайдан алып караганда алгачкылардан болуп илимий айлампада 1916-жылкы көтөрүлүштүн катышуучуларынын азаттык идеясын көтөргөн материалдары кошоктордун мисалында каралат.

Жогорку тарыхнаамалык серепти жыйынтыктап келип, төмөнкүлөрдү белгилөөгө арзыйт. Ар бир элдин көрүнүктүү инсандары ошол конкреттүү элдин мамлекети, анын саясий, социалдык-экономикалык өсүп-өнүгүшү менен түздөн түз байланышта болот. Кыргыздардын тарыхынын ар түрдүү доорунун ар бир белгилүү өкүлү элибиздин этникалык аймактык биримдигин, улуттук тарыхын бекемдөөгө өзгөчө белсенип киришип, терең из калтырышканы баарыбызга маалым жана ал изилдөөнү талап кылат.

Тарых индивиддин тигил же бул инсандын, айрыкча көрүнүктүү тарыхый инсандын аракетинин негизинде өнүгөт, байыйт. Ошондуктан инсан таануу бул – кыргыз таануу, ал эми кыргыз таануу – бул инсан таануу деп түшүнүшүбүз шарт. Алардын өмүр таржымалын, эли үчүн жасаган эмгегин, кыргыз мамлекети үчүн жасаган ишмердүүлүгүн даңазалаган кошок, арман жана жоктоо ырларынын тарых илиминде омоктуу орду бар экендигин дагы бир жолу баса көрсөтүүгө туура келет.

**Изилдөөнүн булактык базасына сереп** – изилдөөнүн булактык базасы чынында абдан бай. Бирок, диссертацияда биз ар бир доордун ири өкүлдөрүнүн ичинен тандалып алынган тарыхый инсандарга гана байланышкан материалдарды илимий айлампага киргизүүгө аракеттендик.

Жалпысынан кол жазмада колдонулган тарыхый, фольклордук булактарды үч топко бөлүүгө болот.

1. Кагаз бетине түшүрүлүп, илимий чыгармаларга кошулган, жазма жыйнактарда китеп болуп чыккан, ошондой эле массалык маалымат каражаттарында жарык көргөн фольклордук материалдар (тарыхый ырлар, кошоктор, арман жана жоктоо ырлары)

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын кол жазмалар фондунан, ОшМУнун Т.Танаев атындагы кол жазмалар фондунан алынган материалдар.

3. Талаа материалдары же информаторлордун берген маалыматтары. Казалдар, кошоктор, армандар, жоктоолор.

**1. Кагаз бетине түшүрүлүп, илимий чыгармаларга кошулган, жазма жыйнактарда китеп болуп чыккан, ошондой эле массалык маалымат каражаттарында жарык көргөн фольклордук материалдар (тарыхый ырлар, кошоктор, арман жана жоктоо ырлары)**

Кыргыз фольклористикасынын келип чыккан генезистик башаты XIX кылымдын орто ченинде башталган. Академик В.В.Радлов (1837-1918) 1864-жылы жана 1867-жылдары Чүйдөгү солто, сарыбагыш уруусуна келип, жергиликтүү элден уккан фольклордук чыгармаларды кагаз бетине түшүрүп кеткен. Бул чыгармалардын айрымдары анын иргөөсү жана баш сөзү менен жабдылып, «Түндүк түрк 10 урууларынын элдик оозеки адабиятынын үлгүлөрү» деген 9 томдук эмгегинин 5-томундагы котормосу орус алфавити менен транскрипцияланып, 1870, 1885-жылдары жарыяланган [220, 221].

Кыргыз фольклорун жыйноо, жазып алуу ишиндеги алгачкы чыйырды казак окумуштуусу Ч.Ч.Валиханов салган. Аларга удаалаш фольклордук материалдарды иликтөө аракеттери колго алынды. Алсак, Г.Алмаши, П.Фалев, Ф.В.Поярков, А.Диваев, сүрөтчү Б.В.Смирнов, А.Т.Белинский, Г.Потанин, Г.Бардашев сыяктуу изилдөөчүлөр дагы ушундай эле зор кызыкчылык менен иликтөө, жазып алуу иштерин жүргүзүшкөн [28, 26-б.]. Чогултулган, изилденген материалдар ошол учурдагы мезгилдүү басма сөз беттерине, газета-журналдарга, жыйнактарга жарыяланып турган. Бул элдик материалдарды жазып алуу, аны жарыялоо, изилдөө иштери

параллель жүргүзүлө баштагандыгынан кабар берет. Ошентип, XX кылымдын башына чейин эле кыргыз фольклор таануу илиминин башаты түптөлүп, чет эл окумуштуулары бул илимдин жашай башташына негиз түзүп беришкен. Жыйынтыктап айтканда, XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында улуттук фольклористика илиминин жаралуу процесси акырындык менен активдеше баштаган. Элдик оозеки адабиятты жыйноо, жарыялоо, сыпаттама изилдөөлөр кадыресе калыптана баштаган.

XX кылымдын башынан баштап кыргыз эл оозеки чыгармачылыгын чогултуу, жарыкка чыгаруу жана аларды изилдөө ишин улуттук кыртыштагы алгачкы интеллигенция өкүлдөрү жүргүзүшкөн. 1920-жылдын жаз айларында Жети-Суу областында эл арасынан элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүн чогултуу боюнча атайын түзүлгөн комиссиянын негизги милдети жана иштөө максаты да ушул багытта жүргүзүлгөн. Ошол учурдун алдыңкы, билимдүү инсандары Б.Солтоноев, И.Арабаев, К.Тыныстанов, Х.Карасаев, З.Бектенов, Ы.Абдрахманов, К.Мифтаков сыяктуу интеллигенттердин демилгелүү аракеттери натыйжалуу болгон. Булар тарабынан, биринчиден, элдик оозеки чыгармалардын макал - лакап, жаңылмач сындуу майда жанрларынан баштап, ири көлөмдөгү эпосторуна чейин жазып алышкан. Муну менен алар фольклорист-жыйноочу катары элдик оозеки чыгармачылыктын жыйналып калышына эбегейсиз кызмат аркалашкан. Экинчиден, бул аталган интеллигенция өкүлдөрү зарылдыгына жараша жыйналган элдик чыгармалардын кол жазма түрүндөгү тексттерине илимий иликтөө жүргүзүү аракеттерин көрүшкөн. Адабий-теориялык изилдөө жүргүзүү менен жанрдык аныктама берүүгө аракет кылышкан [28, 35-б.].

Элдик чыгармаларды башка элдерге, улуттарга жеткизүү максатында которуу иши 30-40-жж. гана колго алына баштаган. 40-жылдардын аяк жагында лирикалык жанр, анын классификацияланышы, бөтөнчөлүгү, андагы кыргыздарга тиешелүү ырдык түзүлүш боюнча изилдөө эмгектери пайда боло баштаган. Аймактык жактан башка элдердин фольклору менен салыштырып изилдөө иши прогрессивдүү кадам болгон.

Бирок, атеисттик багыт өтө кулач жайып, чыгармалардын буга каршы келген, ага түздөн-түз толуктоо берген идеяларын бөлүп көрсөткөн изилдөөлөрдүн саны арбыган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын алдындагы Кол жазмалар фондусундагы материалдардан 1927-жылы белгилүү фольклорист Каюм Мифтаков жана анын шакирттери тарабынан топтолгон кошоктор иргелип алынып, 1940-ж. ал иш М. Татыбеков, 1954-ж. Ы.Абдракманов тарабынан дагы уланган, бирок жарык көргөн эмес. Жалпылап айтканда, буга чейин улуттук оозеки адабият жөнүндө орус, татар, казак жана башка чет элдик изилдөөчүлөр, айрым саякатчылар тарабынан жөн гана кабарлап коюуга окшогон, үстүрт маалыматтар берилип, илимий-теориялык жактан терең изилденбестен, учкай билдирүүлөр жана кургак баяндоолор менен коштолуп келген.

**2. Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын кол жазмалар фондунан, ОшМУнун Т.Танаев атындагы кол жазмалар фондунан алынган материалдар.**

Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын алдындагы Кол жазмалар фондусундагы материалдардын ичинде кошок жанры өлчөөсүз көп. Учурда алар кол жазма түрүндө сакталып турат. Биздин изилдөөбүздө илимий айлампага киргизилгендеринин саны төртөө болду [2, 7, 8, 10]. Бирок, акырындап ал кол жазмалар коомчулукка сунуш кылынууда. Маселен, эгемендик доорунда гана бул иш аягына чыгып, академик А.Акматалиев менен улук илимий кызматкер С.А.Егембердиева тарабынан 2002-жылы атайын тарыхый ырлардын, кошоктордун жыйнагы [23, 28], ошондой эле 2004-жылы энциклопедиялык жыйнак да жарык көрдү [157]. Биздин изилдөө үчүн мындай маалыматтык китептер баалуу булак болуп саналат.

Ошондой эле башка бир нече басылмаларды да атап кетүүгө болот. Маселен, А.Акматалиевдин [15, 51], Б.Кебековanын [17, 21], Кемел Шабдан уулунун [131], Е.Капаровдун [32] жана башкалардын жарык көргөн жыйнактары бул ишти далилдеп турат. Интернет басылмаларында да кол жазма фондунун материалдары жарык көрүүдө. Мисалы, «Разные фольклорные материалы» деген ат менен коюлган материал [292].

Региондордо ОшМУнун Токтош Танаев атындагы кол жазмалар фондусу да баалуу. К.Калчакеев менен А.Мусабековдун [126] жыйнагы да жарык көргөн.

Азыркы учурда эл чыгармачылыгынын 40 томдугун жарыялоо кызуу жүрүп жатат [304]. Мындай иш кыргыз фольклористикасы тарабынан биринчи жолу колго алынып, өтө масштабдуулугу менен айырмаланат. Бул топтомго кыргыз эпосторунун ар биринин бардык варианттарын жарыялоодон тартып, макал - ылакап, жаңылмачтарга чейин майда жанрлар киргизилүүдө.

**3. Талаа материалдары же информаторлордун берген маалыматтары. Казалдар, кошоктор, армандар, жоктоолор.**

Бул жерде стационардык байкоо жүргүзүү жолу менен 2003-2015-жылдарда Кыргызстандын аймагында (Жалал-Абад, Баткен, Ош областтары) жүргүзүлгөн жана чогултулган талаа этнографиялык материалдарды айта кетүү жөн.

Кыргыз эли оозеки чыгармаларын көкүрөгүнө жат сактап, аны билген, сактаган адамдарды туу тутуп, рухий маданиятты алып жүрүүчүлөр катары бөтөнчө урматташкан. Муну менен фольклорду сактоонун алтын казынасы – ошол элдин өзү, алардын арасындагы таланттуу, сөз өнөрүнө шыктуу, ышкыбоз адамдар болгондугун айтууга тийишпиз.

Диссертациянын библиографиясында талаа материалдары боюнча булактардын тизмеси 30 ысымдагы авторлору менен берилген.

Диссертациянын булактык базасынын серебин жыйынтыктап келип, алардын саны, көлөмү жана мүнөз-мазмуну биздин изилдөөбүзгө жетишерлик булак экендигин баса көрсөтүүгө болот.

# II бап

# КОКОН ХАНДЫГЫ ДООРУНДАГЫ УЛУУ ИНСАНДАРДЫН ИШМЕРДИГИНИН ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТА ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

## 2.1. Медет датка, Тайлак баатыр, Нүзүп бийдин ишмердигинин арман, кошок, жоктоо ырларында чагылдырылышы

Кокон хандыгы доору кыргыз элинин тарыхындагы маанилүү этап. Ал доордо кыргыздардын басымдуу бөлүгү хандыкты өз мамлекетиндей кабыл алышып, анын тарыхындагы омоктуу окуяларда активдүү катышуучу гана эмес, тарыхый жаратуучу да боло келишкен. Кокон мезгилиндеги кыргыз элдик оозеки чыгармачылыктын алкагында бир катар улуу тарыхый инсандардын ишмердиги алар жөнүндөгү арман, кошок жана жоктоо ырларында чагылган. Колдо бар материалдарга таянып, диссертациялык анализди кыргыз элинин белгилүү уулу Медет Даткадан баштайлы.

*Медет Датка (Медет Байтүгөл (Байтурган) уулу,* 1778-79-жылдары туулуп 1839-жылы өлгөн. Кочкор өрөөнүнүн Агучук аймагында жашап өткөн. Ал Кыргызстандын түндүгүнөн алгачкы даткалык наамды алган инсан. Анткени, Медеттин адилеттиги, акылмандыгы жана түйүндүү маселелерди «ийри олтуруп, түз кеңеш» менен чечүүдөгү иш билгилиги Кокон ордосунун билермандарын кызыктырган. Кокон ханы Омор хандын (1811-22-жж.) доорунда Медет башка кыргыз бийлери менен чогуу ордого чакыртылып, сый-урмат көргөн. Ошондо ага «датка» наамын ыйгарып, атайын туу жана артыкча укук берүүчү жарнама берилген. Тууну Медетке хан өз колу менен тапшырат. Хан берген туу учурда Асанбек Шаршеналиевде (КРдин башкы экс прокурору) сакталып тургандыгы жөнүндө маалымат бар.

Даткаларга мамлекеттин казынасынан атайын белгиленген өлчөмдө маяна чегерилип тургандыгы, алар казылык (диний соттук) иштерди көзөмөлдөп, даттанууларды ханга жеткирип, кайра элге жообун билдирип тургандыгы жана

чогултулган салыктын казынага түшүшүн көзөмөлдөгөн милдеттери маалым [222, 26, 27-бб.].

Медет датканын доорунда Жунгар баскынчылыгы басаңдап, Кокон хандарынын кыргыз жерине көз артуусу күчөп турган кез болучу. Хандыктын аймагын кеңейтүү Алим хандын (1800-1810) мезгилинен башталгандыгы маалым. Ал өлгөндөн кийин бул саясатты анын ордуна хан болгон уулу Омор уланткан. Медеттин даткалык бийлиги Омор хан (1810-1822) менен Мадалы хандын (1822 – 1840) мезгилине туш келген.

Кыргыздар далай жылдар Кокон хандыгынын кордугун тартып келишкен. Ушундай кыйынчылыкта Түндүк Кыргызстандын элине Медет датка арка-бел болуп асырап, канатына калкалаган. Кокондуктардын салыгына чек коёо алганы менен элге эгедер болуп, акыл менен иш алып барган. Кыргыз элинин үрп-адат, мыйзамдарын акылдуулук менен колдонгон, калыс, акыйкат эл башкаруучу катары «Чоң Медет» деген атак алган [159, 286-б.].

Медет датканын иш-билгилигинин натыйжасында Кокондо кыргыз бийлеринин ак үйлүүдө жүргөн 21 баласы кайтып келишкендиги булактардан маалым.

Медет датканын жаш курагын, датка наамын алып, элине кылган негизги кызматын кызы Аксыйнаттын кошогу далилдеп турат:

*«...Байгамбар жашы алтымыш,*
*Баарына кымбат баркыңыз...*
*...Алдына келсе чечилген,*
*Алты уруу элдин чатагы.*
*Алланын кылган иши экен,*
*Атакем алтымыш эле аша жашады» [147, 18-б.].*

Андан ары:

*«Атакем,*
*Тууганды коргоп тозоктон,*
*Туткундан эрди бошоткон.*
*Ажыратып тозоктон,*
*Азаптан эрди бошоткон» [147, 109-б.].*

Андан ары:

*«Алтын тон кийип, чен алган,*
*Айтылуу Кокон ордодон!» [147, 107-б.]*
*Атакем, козголгон элди жыйнаган,*
*Кордукка элин кыйбаган.*
*Достошуп кол беришке,*
*Оогандан келген кыйла адам.*
*Колуна берип бийликти,*
*Атамды, Кокондун ханы сыйлаган!» [147, 108-б.]*

Окуянын чоо-жайын кыскача кыстара кетели. Фергананын беги Мааткеримдин жигиттери жаңылышып хандын кербенин талап алышкан. Наймандарга жалаа жаап, Алдаш баатырды карматышкан. Медет датка ханга үч мүдөө менен кайрылган. Биринчиси «Ак үйлүүдөгү» балдарды бошотуп берүүсүн. Экинчиси – касиеттүү ордонун кызыкчылыгын эмес, өз кызыкчылыктарын көздөшкөн адамдарды жөнгө сала турган «Жарлык жолдомо» берүүнү. Үчүнчүсү куру жалаа менен зынданда жаткан Алдаш баатырды бошотууну суранган. Хан бардык өтүнүчтү орундаткан. Ал кошокто төмөндөгүчө сүрөттөлөт:

*«Атакем, алтын тон кийген жакалуу,*
*Алыска кеткен атагы.*
*Алдына келсе чечилген,*
*Алты уруу элдин чатагы» [147, 107-108-бб.] .*

Кокон тарыхында Омор хан салыштырмалуу адилет хан болгондугу, ошондуктан ал «Жаннатмакан» деген атак алгандыгы маалым [161, 50-б.].

Ж.Кенчиевдин жазганына караганда 1820-жылы жер талашып, сарыбагыш менен солто уруулары чабыша кетишкендигинен пайдаланган Кокон ордосу солтого жан тартымыш болушуп, шашылыш Бишкек (Пишпек) чебин курушкандыгы булактарда айтылып калган [147, 84-85-бб.]. Ал эми башка изилдөөлөр Пишпек чеби орус тарыхый булактарынын маалыматтары боюнча 1825-жылы Мадали хандын буйругу менен курулгандыгы белгилүү [104, 22-б.].

1825-жылы Атантай менен Тайлакты Кокон амирлигинин туткунунан саяк, солто, сарыбагыш, бугу, басыз, саруу урууларынын атынан Мадалы ханга арача болуп Медет датка баштаган Түндүк кыргыз бийлери барышып бошотуп алышкан [69, 15-б.].

*«Атакем,*
*Калыстык кылган калкына*
*Кадыры өткөн жалпыга.*
*Кадырман атам өтсө да,*
*Калтырды атак калкына!» [147, 109-б.].*

Кокон хандыгында салыктын бир нече түрү болгондугу маалым. Ошолордун ичинен хандын казынасына пайда алып келүүчү салыктарынын бири - зекет болгон. Зекет мал салыгы болуп, негизинен көчмөндөрдөн алынган. Көчмөндөр зекетти төмөндөгүдөй өлчөмдө төлөшкөн: койдон 1/40, мүйүздүү малдан 1/30, жылкынын 1/40 бөлүгүн, төөдөн болсо бир койдун наркында алынган. Ал эми кимдир бирөөнүн 40тан ашык жылкысы болсо, ашыкча ар бир жылкы үчүн 40 тенгеден зекет берген [212].

Зекет салыгы көбүнчө зордук жолу менен, көчмөндөрдүн малы жайлоого чыгаар алдында эрте жазда чогултулган [188, 119-б.].

Аксыйнат

*«Атакем,*
*Кымкапты алган Кашкардан,*
*Кыргыздын тобун башкарган.*
*Оогандан асыл ташты алган*
*Атакем, арамдык ишке баспаган,*
*Адамды тилдеп какпаган.*
*Алымын салып сарт келсе,*
*Азаптан элин сактаган»[147, 109-б.]*

деп ырастап тургандай Медет датка Кокон хандыгынын атына жамынып келүүчү зекет жыйноочулардын аксымдыгына чек койгон.

*«Жергеси кайың-тал болгон,*
*Айдыңы журтка даң болгон.*
*Кара-Тоо эле кайраты,*
*Калкына тийген пайдасы» [147, 109-б.] .*

1822-жылы Омор хан дүйнөдөн кайтып анын уулу Мадали хан болгон (1822 – 1840). Анын тушунда алык-салык күчөп, малдан алынган салык аз келгенсип сулуу кыздарды ордого ала баштагандыгы белгилүү. Муну Магзуни да далилдейт. «Мухаммад Али хан (Мадали хан) кайсы жерде болбосун (10-бет) оюн-күлкүнүн гүлү болгон жигит, кыздарды чогултуп, таң-тамаша кыла бермейге өттү [161, 50-б.]. Н.Петровский Мадали хан мамлекеттик иштерден оолак болуп, өз «гареминен» чыкпастан, шарап ичүү менен күн өткөргөн десе [213, 736-б.], ал эми В.Наливкин: «Бул бала, ыгы жок эрке, мүнөзү чыр, каардуу, ыймансыз, кераяк жана катын жандуу адам» [189, 122-б.] – экендигин айткан.

Теңир-Тоодогу Куртка чебинин беги Тургун кожо Нарын өрөөнүндө зордук-зомбулугун күчөтүп жиберген. Анткени, чоро саяктарынан бир атанын балдары Боотай менен Келдибек бийлик талашып, касташкан. Боотайдын тукуруусу менен Тургун кожонун сарбаздары Келдибектин Топу, Такыя деген эки кызын тартып кетишет. Ошондо Калыйман деген он төрт жаштагы бир кыздын эл-жер менен коштошуп, ыйлап бара жаткандагы кошогун эл эмдигиче айтып жүрүшөт.

Жумгал суусунун оң өйүзүндөгү Кокон хандыгынын беги да напсиси бузулуп, салыкка жыйнаган малынан башка элден дагы сулуу кыздарды жыйнап, Анжиянга жөнөткөнү жаткан экен. Тайлак баатырдын кабарын угушкан жумгалдыктар чепти талкалап, кокондуктарды өлтүрмөк болушат. Бирок Качыке баатыр буга макул болбойт. Бекер кан төгүүдөн сакташ үчүн Медетке киши чаптырат. Медет болгон ишти баяндап, Кокондуктарга түшүндүрүп, алардын чектен чыгып, бузукулук кылгандарын ашкерелеп, Куртка чебинин жайын айтып берет. Сарбаздар Жумгал чебин таштап, малын, кыздарды калтырып качып кетишет. Кошокто бул окуя мындайча сүрөттөлөт:

*«Коконго алса кыздарды,*
*Кордуктан атам куткарган.*
*Ордого алса кыздарды,*
*Оёнум атам куткарган» [147, 109-б.].*

Элдик уламыштарда чоң чыр-чатактарды калыс адам катары Медет чечип тургандыгы айтылат. Ошондон бир мисал. Жайлоо талашып, Кетмен-өбөлүк саяктар менен Таластык кушчу уруусунун ортосунда чатак чыгат. Эки ортодо чабыш башталат. Бул кабар Медетке жетет. Ал кишиге калыс адам катары солто, саяк, кушчу, басыз, саруунун манаптары кайрылышат. Медет чогулган колду токтотуп, Байбиченин соорусуна үч күнү жыйын куруп, чатакты токтотот. Жайсаңды Медетбек баатырга берип, таяке-жээндер сөөк жаңыртышып, кыз алышып, кыз беришип элдешет. Кийин Медетбек баатыр дүйнөдөн кайтканда келиндери:

*«Атакем, Жайсаңдын ичин жайлаган,*
*Жайкалтып кулун байлаган.*
*Кадимки Медет даткадан,*
*Жайлоосун алган кайрадан.*
*Арыстан жүрөк эр болгон,*
*Алышкан жоодон тайбаган,*
- деген кошоктору сакталып калган.

Медет датка өлөөрүнүн алдында: мен көп ишти аткара албай кетип бара жатам. Кытайдын манжуларынан турган бийлик ээлери Какшаал, Үч-Турпан, Кызыл-Суу тараптагы кыргыз туугандарга кысым көрсөтүшкөндө, Зыявидин менен Турдумамбет баштаган азаматтар кол баштап чыгышты. Чериктен Ажыбек баатыр, Чородон Тайлак баатырлар барышып, жардам беришти. Бирок, Жахангир кожодон бизге чабарман кечигип келип, Турдумамбетке жардам бере албай калдык. Экинчи жолу чабарман чоң багыш элин бийлеген Суранчыдан келди. Булар да жанагы эле манжуларга (1820-ж) каршы аттанган эле. Ага да жардам өз учурунда берилбеди. Экинчи жолу аткара албай калган ишим да ушул болду.

Биз дагы өзүбүзгө хандык кылып, мамлекет курсак, чогуу турсак, коркоңдогон кокондук, кыжылдаган кытай чоңсуна албас эле. Бир кыргыздын мыкты уулун хан шайлап алсакбы

- деп жүрдүм эле. Бул ой ишке ашпай кала турган болуп турат. Мына ушул үч иш аткарылбай калды. Сөөгүмдү береги «Агучуктагы» шиш дөбөгө койгула. Нары өтүп, бери өткөн жумгалдыктар куран окуп өтүшөөр [147, 98-99-бб.] – деп керээз калтырган экен.

*«Коктуда тунук суу калды,*
*Кокондон алган туу калды.*
*Токсонго чыга жашабай,*
*Тозокко салдың тууганды» [147, 107-б.],*

- деген кошоктун саптары муну далилдеп турат.

Медеттин ашы Кочкордун Кызыл-Дөбөсүндө өзгөчө шаан-шөкөт менен өткөн экен. Аза күтүү үйүнө Кундуз үй тигилген. Медет датканын он үч жашар кызы Сыйнат анда кошок кошкон:

*«...Медеттин кызы Сыйнатты,*
*Сыйнатты кудай ыйлатты.*
*Кайгыга салып шум өлүм,*
*Карчытты, минтип кууратты.*
*Карасам орду бош турат,*
*Кан атам жаткан үй жакты...» [147, 108-б.].*

Миңдеген кишилер үйдү сагаалап, ашка келген элдин көңүлүн бурган Сыйнаттын кошогу болгон. Кошоктун мааниси терең, сөздөрү таасын, ыр ыргактары көркөмдүү болгондуктан эл аны унутушпай сактап келе жатышат. Айрым комузчулар «Медеттин кызы Аксыйнаттын кошогу» деген күү чыгарышып, чертип да жүрүшөт.

Демек, Медет датканын эл-жери үчүн жасаган кызматы кылымдар бою сакталып ооздон-оозго айтылып келгендиги дагы бир ирет кызы Аксыйнаттын кошогу аркылуу тастыктоого аракеттер жасалды.

*Тайлак баатыр* Рыскул бий уулу кыргыз элинин Цин империясынын баскынчылыгына жана Кокон хандыгынын эзүүсүнө каршы күрөштүн жетекчилеринин бири. Ак-Таланын Куртка айлында туулуп, ошол аймакта жашап өткөн.

Тайлак баатырды эл «чегингенди билген, жеңилгенди билбеген» Теңиртоо арстаны, улуттук улуу баатыр Эр Тайлак [302] дешип аташканы кыргыз тарыхынын кооптуу, татаал тарыхый дооруна туура келген. Ал мезгилде кыргыз жергесине карай Казахстан аркылуу Орусия империясы өзүнүн отор саясатын ишке ашыруу үчүн келе жаткан. Ал эми түштүктө Индияны ээлеп жаткан Улуу Британия Ооганстан аркылуу Теңир-Тоого көз артып турган. Эки улуу державадан кем калбаган Кытай империясы болсо Теңир-Тоонун чыгышын биротоло ээлөөгө умтулуп, ыңгайы келсе кыргыз жергесине да басып кирүүнү дайыма оюнда сактап келген. Бул үч империянын атаандаштыгы, Евразия тарыхында айтылып келе жаткан «Чоң Оюндун» чыныгы көрүнүшү эле. Төртүнчү «кичине оюнчу» Кокон хандыгы болгон. Ал кезде кыргыз урууларынын биримдиги жок болуп, бирок, XVIII кылымдын башынан эле Кокон хандыгын өз мамлекети катары санаган ферганалык (анжияндык) кыргыздар, түндүктүк (аркалык) туугандарынын бул хандыктын курамына кирүүсүнө каршы болгон эмес. Демек, XIX кылымдын 20-жылдарынан 30-жылдарына чейин Кокон хандарынын мамлекеттин аймагын кеңейтүү экспансиясы түндүк кыргыздарынын мамлекет түптөөгө болгон олку-солкулугунан оңой эле ишке ашып келген.

Санжыраларда «Илеге жүрүш» же «Канайдын качуусу» деп аталган окуя бар. Кокондуктардын алгачкы жортуулдарында, анын сарбаздарынан жеңилип калган солтолордун бийи Канай баштаган солто, саруу урууларынан турган чоң көч 1824-25-жылдар чамасында Балхаш көлүнүн чыгыш тарабына, Иле боюна көчүп барышкан [132, 85-б.]. Көчүүгө сарыбагыштан Төрөгелди, саяктан Атантай, Тайлактардын катышкандыгы санжыраларда маалымдалат [229, 179-180-бб.; 68, 14-б.]. Иледе казактардын жаныш, чапырашты уруулары менен ымаласы келбеген солтолор менен саруулар көп өтпөй эле өз жерине кайтып келишкен.

Тайлак агасы Атантай экөө Иледе жүргөндө алардын жоктугунан пайдаланган саяктардын каба уругунун манабы Кетирекейдин уулу Алыбек Куртка чебине чабуул коюп, кокондуктардын жазалоочу отряды келгенде Кочкорго качып кеткен. Иледен жаңы эле келишкен Атантай, Тайлакты

Чүйдө орун - очок алып, Бишкек, Токмок чептерин куруп калган Кокон бийликтери туткундап, Коконго жиберишкен. Анткени, 1825-жылдары Кокон бийлигинин таасири Ички Теңир-Тоого тарамак турсун, али Куртка, Тогуз-Торо чептери курула элек болучу. Бирок, Атантай менен Тайлакты кыргыздардын саяк, солто, сарыбагыш, бугу, басыз, саруу урууларынын атынан Мадалы ханга арачы болуп ал мезгилде Жумгалды жердеген Медет датка чыгыш элдеринин салты менен белек берип туткундан бошотуп алган [100, 50-б.].

Тайлак баатырдын ишмердигин тастыктап келип, тарыхчы Т. Кененсариев анын үч эрдигин көрсөтөт [144, 67-73-бб.]. Анын биринчи эрдиги Кытай баскынчылыгын майтарууга байланыштуу. XIX кылымдын 20-жылдарында Кашкар, Турфан, Яркент, Артыш шаарларынын аймактарында эзелтен туруктап келген кыргыздар, уйгурлар, казактар Цин империясына каршы боштондук күрөш жүргүзгөндө Тайлак баатыр аларга көмөк көрсөткөн. Ал мезгилде Теңир-Тоонун, Алайдын кыргыздары менен Чыгыш Теңир-Тоо кыргыздары дайыма алакада турушкан [101].

Тарыхый булактар боюнча 1820-жылы Жахангир кожонун жана Тайлактын жигиттери кытай чек арасын бузуп, Кашкарга кирип барышат. Анткени, Тайлак Жахангирдин Кашкарга «ата-бабаларынын мурасын» мусулмандарды капырлардан «бошотуу» үчүн болгон күрөшүнө катышууга макулдук берген эле [68, 32-б.]. Ч.Валиханов Атантай менен Тайлак кожонун ишенимдүү адамдарынан болгон деп жазат [88, 141-б.]. Ал эми орус окумуштуусу Б.Гуревич: «Нарын дарыясынын жогорку жагында Атантай менен Тайлактын колдоосу астында Жаангир кожо Кашкарга жаңы жортуулга даярданып, ошол эле учурда тез-тез цинь чек арасына кол салып турган» [97, 248-б.] – деген маалымат берет.

Ушул эле 1820-ж. Ат-Башыдагы Чеч-Дөбө менен Кошой-Коргондун ортосундагы Бууракандын-Сазында Ажыбек, Тайлак баатыр башында турган кыргыздар циндик аскерлерди жеңип, бул жеңиш «Кашкар-Жаңырыгы» - деп аталган [79, 217-б.].

Тарыхчылар С.Аттокуров менен Д.Сапаралиевдин маалыматтарында Тайлактын атын алыска кетирип, анык баатыр наамга кондурган окуя - азыркы Ак-Талаанын Кароо капчы-

гайындагы кытай аскерлери менен болгон салгылашы эсептелет. Бул окуя XIX кылымдын башындагы кытай баскынчылары менен кыргыз жоокерлеринин бирден- бир жана чечүүчү салгылашы болгон [289].

Бул окуя тууралуу элдин оозунда:

*«Туткуй толгон эл деген –*
*Туйгун Тайлак эр деген.*
*Майстан толгон эл деген –*
*Баатыр Тайлак эр деген.*
*Тайлак минди буурулду –*
*Тамандары туурулду.*
*Таталаган кытайлар*
*Баары бүткүл кырылды» [303].* - деп айтылып калган.

Ал эми кошоктордун биринде:

*«...Карадан төрө чыкты деп,*
*Кармашкан жоосун жыкты деп.*
*Кашкардан кара туу келген,*
*Карышкырга уу берген.*
*Кайран Тайлак сен өңдүү,*
*Кыргызда баатыр болбогон.*
*Кытайдын жолун торгогон.*

- деп кошулган [8, 28, 217-б.]

Бул окуя чынында, Теңир-Тоого көз арткан Улуу Британиянын үмүтүн үзгөн, кийин Орусия баскынчылыгына ыңгайлуу шарт алып келген зор геосаясий жеңиш эле.

Кыргыздардын манжу-кытайларды жеңиши Жахангир кожону таң калтырган [97, 248-б.]. Генерал Баянбатунун кыйрашы [233], Атантай менен Тайлак элдик коргонуу кыймылынын жетекчилери катары таанылганы илимий эмгектерде көрсөтүлгөн [162, 208-212-бб.].

Санжыра материалдарында Тайлак Кашкарда хандык кылып, Бегимай чүрөккө үйлөнгөн, уулу Осмон ушул айымдан төрөлгөн делет [113, 126-б.]. Кандай болгон күндө да 1941-жылы А.Чоробаевден төмөндөгүдөй кошок жаздырылып алынган:

*«Кан атам жоого минүүчү,*
*Кара буурул ат калды.*
*Атыңды кармап минүүгө,*
*Артыңда Осмон жаш калды.*
*Каргылуу найзаң бош калды*
*Кармарга балаң жаш калды» [8, 28, 218-б.].*

*Экинчи эрдик* Нарын кыргыздарынын Кокондун эзүүсүнө каршы күрөшүнө байланыштуу болгон. Тарыхта Теңир-Тоо аймагына кокон аскерлери 1830–1831-жылдары келип, алгач Жумгал, анан Куртка чеби курулгандыгы жазылып жүрөт. Тайлак буга каршылык кылбай, атүгүл 1832-жылы Нарын дайрасынын боюндагы Айгыржал деген дөбөнүн үстү жагындагы Куртка деген жерге 1000ден ашык сарбаздарды кармап туруу үчүн чеп куруууга макулдашкандыгы жөнүндө маалымат бар. Чепти куруууга Тайлак башында турган чоро саяктар Сары-Иймек менен Кенжештин токоюнан карагай даярдап беришкен [79, 267-б.].

Бирок, Кокон бийлигинин алгачкы жылы эле алык-салык салып, жергиликтүү кыргыздарга зордук-зомбулук көрсөтө баштагандыгына Тайлак наразы боло баштайт. 1832-жылы Куртка чебинин коменданты Ташмат Нарындан, Ат-Башыдан, Ак-Талаадан жана Тогуз-Тородон сулуу кыздарды чогултууга буйрук берет. Себеби, оюн-зоокту жанындай көргөн жеңил ойлуу Мадали хандын гаремине сулуу кыз-келиндер улам талап кылынып жаткан эле. Андай буйрук бүтүндөй Кокон хандыгына берилип, ал буйрук Ички Теңир-Тоо кыргыздарына да барган болучу. Так ушул окуя Тайлактын чыдамын кетирген. Демек, Тайлак баатыр Кокон ханы Мадалинин саясатына каршы күрөшкө чыккан. Анын үстүнө Ташмат Тайлактын агасы Атантайды кайсы бир себеп менен чепке камап таштаган болучу.

Көркөм чыгармалардагы образга кайрылсак: А.Чоробаевдин казалында Тайлактын биринчи эрдиги сүйгөн кызы Барпыжанды (Барпыгүл) хан ордонун туткунунан бошотуудан башталат. Ал кетүүчүлөрдүн ичинде болгон. Зордук-зомбулуктун айынан 14 жаштагы кыз үмүтү өчүп, арман кошокко көз жашын төгөт. Барпыжандын кошогу баатырды намыстантып, Тайлак кырк жигити менен алдынан тосуп,

кокондук сарбаздардан «кыргыз жерин экинчи баспайбыз» деп ант алып, жөө-жалаң Коконго айдап, Мадали ханга кысым көрсөтүүсүн токтотсун деген шарт коёт [51, 76-б.].

Ал эми тарых барактарында, жини келген Тайлак кошун жыйып, куралданат. Кара-Менди өрөөнүнөн чыккан Тайлактын кошууну Алабука, андан кийин Нарын дарыясын кечип өтүп, Куртка чебин камайт. Кокондук сепил башчы Ташмат 200 сарбазы менен качып жөнөйт. Тайлак сепилди алып, Атантай сепилде камалып, Коконго жөнөтүүгө даярдалып жаткан улан-кыздарды, чогулган мал-мүлктү бошотуп, мындан ары Кокон ханы Мадалынын саясатына каршы турууну чечет. Ал эми Мадалы хан Арап баатырдын кол башчылыгында чоң кошуун даярдап, Ички Теңир-Тоого жөнөтөт [300].

Эки черик Бычандын белинен беттешет. Жеңилерине көзү жеткен Арап баатыр качып жөнөйт. «Качкан жоону катын алат» дегендей, Тайлак баатыр аны узатпай кууп жетип, белден аша берерде аттан ыргыта саят. Арап баатырдын каны тамган жер ошондон улам «Араптын бели» деп аталып калган [163].

Ал окуя кошокто:

*«Кокондун колун колоттуң,*
*Коктуга тыгып солоттуң.*
*Ак талга тууну аштадың,*
*Арапты сайып таштадың» [8].*

Андан ары кошокто жогорку окуялар төмөндөгүчө сүрөттөлөт:

*«Майыстан, Терек жердеген,*
*Баатыр Тайлак эр деген.*
*Бала жолборс атанып,*
*Баңсат келип жеңбеген.*
*Туткуй, Терек жердеген,*
*Туйгун Тайлак эр деген.*
*Туулгандан туу кандап,*
*Душманга намыс бербеген» [8, 28, 216-б.].*

*Үчүнчү эрдик* төмөнкү окуяга байланыштуу. Мадали хан Түркстан тараптагы казактын Эдиге төрөсү менен келишип, аны көп кошуун менен жабдып, Тайлак баатырга каршы аттандырган. Эдиге Таласты чаап, Өтмөктү ашып, Суусамырга келет. Тайлак баатыр Ак-Талаадагы басыз, чоро урууларынан кол жыйнап, Эдиге менен Суусамырдын Дубан-Кечүү деген жеринде беттешет. Эдиге баатыр сайыштан өлүп, жер жайнаган колу талкаланып, калгандары бет алды качып жоголот. Бул урушта да Тайлак баатыр жеңип чыккан [106, 57-б.]. Эпизод кошокто төмөндөгүдөй сүрөттөлөт:

*«Казакты чаап, олжо алдың,*
*Кашкарга барып, кол салдың.*
*Карышкыр кууп, түлкү алдың,*
*Казына толгон мүлк алдың» [28, 217-б.].*

Ушул окуядан кийин Тайлакка бата беришкен, кошуун баштаган аскер башчылык укугуна ээ болгон. Тайлак баатыр элге:

Биринчиден – соодага шарт түзүп, «Улуу Жибек жолун» каракчылардан тартипке келтирип, ууруларга тыюу, карышкырларга капкан салган.

Экинчиден – арык казып, эгин айдап, дыйканчылык кылууга шарт түзгөн; өзү болсо аңчылык, мал багуу менен кесиптенген. Согушта окко учкан жигиттердин үй-бүлөсүнө энчиден көбүн берип, көңүл айтып жубатып турган, душмандын колго түшкөн аскерлерине гумандуулук кылып, эркиндикке чыгарган. Замандаш баатырлардын ичинен Тайлак гана, С.Аттокуров белгилегендей, «өз заманынын мыкты саясатчысы» [68, 70-б.] болгон дейт.

Тайлак баатыр 1832-жылдан 1838-жылдарга чейин хандыкка көз каранды эмес болуп тургандыгын акыркы изилдөөлөр далилдеди. Ал элди дыйканчылыкка, малды багып өстүрүүгө, эмгекке жана ар түрдүү ишке тарта билип, тынч, бейпил турмушта жашоосун көздөгөн. Кала берсе арык каздырган [293]. Бийик тоолуу Арпа менен Аксайга эгин эктирип, айдоо жерге айландыра баштаган.

Тайлактын чарба иштерине да аралашышы кошокто:

*«Какырдан алыш чаптырган,*
*Жериң калды туйгунум.*
*Капа болуп кайгырып,*
*Элиң калды туйгунум» [28, 217-б.].*

- деген саптарда баяндалган.

Кокон хандыгындагы кыргыз бийлеринин ичинен биринчилерден болуп «миң башылык» даражага жеткен аскер башчы, көрүнүктүү мамлекеттик ишмер *Нүзүп бий Эсенбай бий уулу (1794-1844)* [(1798, азыркы Аксы району, Авлетим айылы –1844, Жармазар айылы (Өзбек Респ.)] болгон.

Нүзүп бийдин Кокон хандыгындагы зор тарыхый орду кокустук эмес. Анткени анын Эсенбай, Эшбото, Кожомкул деген аталары Кокон хандыгында таасирдүү роль ойноп турган. Биз 2003-жылы талаа материалдарын чогултканда Аксы районунун Авлетим айылында акын Ташбай Жоробеков бул инсандар жөнүндө төмөнкү маалыматтарды айтып берген.

Нүзүптүн атасы Эсенбай Аксы өрөөнүнө гана эмес Кокон ордосуна чейин ысымы тараган саруулардын белгилүү бийи болгон [56]. Эсенбай датканын атасы Эшбото бий, Эшбото бийдин атасы Кожомкул да жалпы Аксы элине жана Кокон хандыгына таасири тийип турган. Жергиликтүү элден салык алганы келген Кокон зекетчилери менен каршылашып, Кожомкул баатыр бир өзбек балбаны менен жекеге чыгып, аны эр сайышта өлтүрө сайгандыгын эл арасында айтып жүрүшөт.

Өрөөндөгү элди Кокон хандыгынын талоончул саясатынан коргоо үчүн хандыкты көздөй кол курап бара жатканда Касан-Сайдын мурунку Куйбышев колхозунда (азыркы Ызар, Баймак, Кош-Алмурут жана Кош-Терек айылдары) кокондук аскерлер тарабынан туткундалып, Кожомкулдун башын кесип Коконго алып кетип, ал эми денесин ошол жерге көмүптүр [315] – деп баяндалат.

Кожомкул балбанга кошулган кошокту кичине кезинде чоң апасынан үйрөнүп алган элем деп 87 жаштагы Айым эне айтып берген:

*«Элден мурун ат өлгөн,*
*Анан арабакеч өзбек-сарт өлгөн.*
*Кожомкул менен Кожояр,*
*Суу жүрөк кокон аскерин.*
*Ыргыта сайып өлтүргөн» [312].*

Мындай окуядан кийин Авлетимге салына турган салыктан эл дүрбөгөн себептүү кокон салыкчыларын бир нече жыл өрөөнгө киргизбей турган. Кожомкулдун агасы Кожояр хандыктан коргонуу үчүн чеп-коргон курган экен [318]. Бүгүнкү күнгө чейин жергиликтүү эл Кожоярдын чеп -коргону деп ар-ар жерде дөмпөйүп калган коргонду көрсөтүшөт.

Тарыхый булактарда Кокон хандыгында 18ден ашуун салыктын түрлөрү болгондугу айтылат. Салыкты суу, туз, токойду пайдалангандыгы, ар кандай коко-тикенек жыйнагандыгы, той өткөргөндүгү, өлүк көмгөндүгү үчүн да алышкан. Бул окуя арман ырларында төмөндөгүчө сүрөттөлөт:

*«Салык алып кедейден,*
*Хандык зулум элди жейт.*
*Ортогу болуп, бай-манап...*
*Түшкөн жери кыргыздын,*
*Кырк кулач зындан ор болду.*
*Кокондуктун бийлиги,*
*Маңдайга бүткөн шор болду» [322].*

Нүзүп бийдин саясий ишмердүүлүгүн 3 мезгилге бөлүп кароого болот. I – 1810–22-жж: II – 1822– 42-жж: III – 1842–44-жж.

**I мезгил –** 1810-1822-жж. Нүзүп бийдин ишмердүүлүгүнүн башталышы. Омор хан бийлик жүргүзүп турган жылдары Кокон менен Бухаранын чек арасында жайгашкан Оро-Төбө чатагы басылбай, эки хандыктын ортосунда чыр-чатак болуп турган эле. Бухара эмиринин жардамы менен Махмуд хан төрө Оро-Төбөнү ээлеп алган болчу. Кокон мамлекетинен чек ара коопсуздугун сактоо максатында, Омор хан бул аймакты кошуп алуу аракетин жасай баштайт.

1818-жылы хан тарабынан жиберилген аскерлер Алишер жүз башынын жетекчилиги астында (ичинде Нүзүп да бол-

гон) Оро-Төбөгө келет. Омор хан ашыкча кан төгүүдөн баш тартып, Махмуд төрөнү «уурдоого» буйрук берет. Башчысы уурдалгандан кийин айласыздан Оро-Төбө хандыктын курамына кошулат.

1806-жылы Оро-Төбөнүн калкы 12 миңге жакын эл болсо, ал эми XIX к. 70-жылдарында 10 миңге жакын гана тургундары калган [77, 20-б.]. Анткени, тынымсыз кайталанып туруучу (Бухара менен Кокондун ортосунда Оро-Төбө үчүн – А.В.) согуштардан улам, ал жердин калкы чет жакаларга көчүп кете баштаган.

**II мезгил –** Нүзүп бийдин ишмердүүлүгүнүн өнүккөн мезгили (1822– 42-жж.). Омор хан өлгөндөн кийин бийликке анын баласы Мадали хан келет (1822-1841-жж.). Хан ордосунда бир топ өзгөрүүлөр болот. Бир канча вазирлер, лашкер башчылар алмаштырылат. Нүзүп жүз башы болсо Сафед-Булан калаасынын коменданты болуп дайындалат.

Мадали хандын башкаруу учуру Кокон мамлекетинин ички жана тышкы саясий - экономикалык абалынын жогорулоо мезгили болгон. Мамлекеттин чөлкөмү Түштүк Казакстан, Талас, Чүй, Ысык-Көл жана Теңир-Тоого жайылган. Тышкы саясатта 1832-жылы Кытай менен Кокон-Пекин келишими түзүлүп, чоң ийгилик жаратылган [55, 126-б.]. Бул тууралуу эл арасында:

*«Кыргыз–Кытай чек араны,*
*Нүсүп кантип бөлдү экен.*
*Кантип башы жетти экен?*
*Кантип барып бөлдү экен…» [315].*

- деген кошок саптары сакталып калган.

Аталган кокон-кытай келишими боюнча жергиликтүү булактарга түшүндүрмө берген Б.Бабаджанов Мадали хан императорго төмөндөгүдөй төрт шартты койгондугун белгилейт: 1) «Пайгамбардын тукумунан болгон» Пекинде кармалып турган саййиддерди (кожолорду) бошотуу. 2) Мусулмандык шарият боюнча башкаруу үчүн Кашкарды өткөрүп берүү. 3) Ар жылы Кытайдан бажы кызматы катары он миң ямба жөнөтүп туруу [71, 195-б.]. Ал эми «*Гараиб-и сипах*» кол жазмасындагы тексттерге талдоо жүргүзгөн авторлордун

бири Т.К.Бейсембиев аталган кокон-кытай келишими 1832-жылы Аламанын жетекчилиги тарабынан ишке ашырылган, Синцзянь аймагында кокондуктар үчүн соода-экономикалык жеңилдиктерди алып келгендигин белгилейт [78, 255-б.].

Нүзүп жүзбашыны Ысык-Көл боюндагы Каракол калаасын тикелөө үчүн жиберет. Калаанын айланасына чет жакалардан кыргыздар көчүрүлүп келип, жайгаштырылат. Шаарга эң биринчи базар, мечит жана чакан дүкөндөр салынат. Натыйжада, Нүзүп Кара-Кол калаасында бир жылдан ашык убакыт жүрүп, калаанын чыңдалышына өзүнүн салымын кошот.

Демек, Мадали хандын мезгилинде Кокон хандыгы Чыгыш Түркстан аймагында гана өзүнүн үстөмдүгүн орнотууга жетишпестен, Фергана өрөөнүндөгү Бадахшан, Кожент, Жизак, Каратегин, Алай аймактарын кайрадан өз таасирине буруууга жетишет. Аталган аймактардагы маселени чечүүдө хандын буйругу менен жөнөтүлгөн Нүзүп паңсат чон роль ойнойт. Тарыхый материалдар далилдеп тургандай, Нүзүп паңсаттын жетекчилиги менен коргонуу катары салынган кокондуктардын Алай өрөөнүндөгү Кызыл-Коргон, Сары-Коргон, Дароот-Коргон, Памирдеги Таш-Коргон чептери бекемделген.

**III мезгил –** 1842-1844-жж. Нүзүптүн ишмердүүлүгүнүн гүлдөө жана кризис мезгили; Өлкөдөгү саясий кризистин натыйжасында 1840-1842-жж бийликти өз колдоруна кыргыз бийлери алышкан. Мисалы, Нүзүп бийдин хандыктагы аталыгын айтса жетиштүү. Нүзүп миңбашы баштаган делегация 1842-жылы жай айларында Таластан Шералыны үй-бүлөсү менен азыркы Аксы районунун борборунан 35-40 км алыстыкта жайгашкан Кара-Суу суусунун жээгине көчүрүп келгендиги чындык. Тарыхчы Ж.Алымбаевдин ою боюнча мунун эки себеби болушу мүмкүн: биринчиден, Аксы аймагы Нүзүптүн туулуп-өскөн жери, экинчиден - Жаркынайымдын төркүндөрү жашаган аймак [56].

Шералы хандын буйругуна ылайык Нүзүп Маргаландын акими болуп дайындалат. Маргалан Фергананын ири аймактарынан болуп, анын ичине Кува, Риштан, Язяйаван, Хайдаркан, Кадамжай, Шахимардан ж.б. көп шаарлар, кыштактар кирген. Акимдин так сарайы Маргалан шаарына жакын жер-

деги Ярмазар кыштагында жайгашкан. Шаардын көчөлөрүн кеңейтип, жаңылап мечит, мазарларды курууга буйрук берет. 30-40 жыл мурун Омор хан Маргаланга аким болуп, көптөгөн курулуш иштерин баштап, аягына чыкпай калган. Нүзүп болсо ушул иштерди кайрадан колго алып, жандандыра баштайт. Аялы Толгонай да сооп иштерди жасаган. Калк арасында Толгонай «кыргыз аким айым» деген атка конгон»,- деп белгилейт Мулла Гариб Маргилони. Ордо үчүн ич-ара чыр-чатактардын учурунда Нүзүптү кыргыз-кыпчак феодал төбөлдөрү Мусулманкул менен Шады датканын уюштурган кутумунун натыйжасында 1844-ж. өлтүрүлгөн [248, 130-б.].

Нүзүп миңбашынын бул капыс өлүмү тууралуу кабар Кокон хандыгына тез таркайт. Мусулман булактарына таянсак, Талас, Чаткал, Аксы, Афлатун, Анжиян, Наманган тараптарга чабарман жиберилип, Маргалаңдан 40 өргөө боз үй тигилет. Кокон хандыгына тиешелүү бардык вилаеттерде, бектиктерде, шаарларда 2 күнгө той-тамашалар токтотулат. Улуу инсанга аза күтүү аземи башталат.

Ошентип, 1844-жылдын күз айында Кокон мамлекетинин биримдигин сактоо үчүн күрөшкөн, кыргыздын чыгаан уулдарынын бири – Нүзүп миңбашы Маргалаң шаарындагы пайгамбарлардын сөөгү жаткан Ярмазар көрүстөнүнө Сопу Наби эшендин жанына коюлат [55, 187-188-бб.].

Демек, Кокон хандыгынын коомдук турмушунда Нүзүп бийдин ата-бабалары олуттуу салым кошуп келгендиги эл оозунда, тарых барактарында жана кошок ырларында унутулбай айтылып келгендиги жогоруда баяндалды. Буга ылайык Нүзүп миң башынын чебереси Байыскан атасы Сулайманкул болушка кошкон кошогунда да:

*«Он эки атам хан өткөн,*
*Ойлонбой баары даана өткөн.*
*Он бир атам хан өткөн,*
*Омоктуу баары даана өткөн*
*Жеткилең баары даана өткөн.*
*Тогуздап атам хан өткөн,*
*Токтолбой баары даана өткөн.*
*Катарлаш атам хан өткөн,*
*Катары менен даана өткөн» [125, 120-б.]*

- деген саптарда чындыгында эле түп аталары эл керегине жараган инсандардан болгондугун кошууда.

Нүзүп миң башынын Кокон мамлекетинин тарыхында ээлеген орду, кошкон салымы арбын. Анткени, Кокон хандыгынын мамлекеттүүлүгүн чыңдоого өзгөчө салым кошкон, хандыктагы саясий иштердин активдүү катышуучусу, калктын келечегин ойлогон инсан гана эмес-такшалган дипломат катары да кароого болот. Демек, чыгаан эр азаматтардын күчү менен элибизди Кокон амирлигинин жеми болуудан сактап турган жана кыргыз төбөлдөрүнүн хандыкта ээлеген орду чоң болгон.

Нүсүп бийге тике байланышкан кошок, арман ырларынын көлөмдүүлөрү азырынча табыла элек. Тарыхчылардын, фольклористтердин келечекте максаттуу иш-аракеттери өз жемишин берет деген ойдобуз.

## 2.2. Ормон хан, Алымбек датка, Алымкул Лашкер башынын өмүрү жана ишмердиги тарыхта жана кошок жанрында

Кыргыз элинин Кокон хандыгы доорундагы тарыхында жана анын Россия империясынын курамында калганга чейинки доорлордо кыргыз тарыхый инсандардан Ормон хандын, Алымбек датканын, Алымкул Лашкер башынын тарыхый ролу абдан чоң. Албетте, ал кездеги кыргыз тарыхый инсандарынан булардан башка да бир далай ирилери жашап келген болсо да диссертациялык иштин ушул бөлүмүнө жетиштүү булак деп санап, төмөнкү үч инсандын айланасындагы гана оозеки чыгармачылыкты анализдөөгө алдык.

Ормон хан сарыбагыш уруу бирикмесинин чоң манабы [7]. Анын чоң атасы Эсенгул бий XVII к. 40-жж баштап, XVIII к. 50-жылдарына чейин дээрлик 100 жылга созулган калмак баскынчыларына каршы күрөштүн акыркы этабында далай эрдиктерди көрсөтүп Чоң Эсенгул атанган. Кийинчерээк, XVIII к. 70-жылдарында Аблай хандын, Көк жал Баракты чапкындарына каршы күрөштү уюштурууда да зор роль ойногон [202, 40-б.].

Кээ бир тарыхый маалыматтар боюнча Эсенгул бийдин таасири арта баштаган алгачкы жылдарда 600 түтүндөн турган өз айылы азыркы Токмок шаарынын түштүк тарабындагы Бөксө тоонун этегиндеги Жылгын-Башыда туруп, кийин Ысык-Көлдүн күңгөй бетиндеги Байсоорунга конуш которгон.

Ормон жаш кезинде Медет датканын уулу Дуулаттын айылдарына жылкы тийгени келип, кокусунан колго түшүп калган атактуу Балбай баатырды түрмө сымал орго салып, бир жылча кармап, баатырдын урук-туугандарына сүр көрсөткөнү маалым [4]. Балбай сарыбагыштын жылкысын тийип жүрүп, колго түшөт да Ормон хандын буйругу менен ордо жатып чыгат. Бугу менен сарбагыш урууларынын ортосундагы ички чыр-чатактын себепчиси болгон.

Төрөгелди Абайылда уулу сарыбагыш уруусунун черикчи уругунан чыккан манап. Ормон хандын кол башчысы болгон. Кочкор өрөөнүн жердеп турган. Ормон хан өлгөндө Пишпектеги чепте камоодо жаткан, кийин Ормон хандын кунун кууп келип колго түшүп, үч жылдан кийин кутулган. Ал жөнүндө Ормондун кызы Куландын кошогунда:

*«...Атам*
*Соолук коюн сойгондо,*
*Субай коюн бөлгөндө,*
*Ормонду Бакең сайганда,*
*Анда Төрөкелди баатырың,*
*Төмөнкү Пишпек коргондо [28, 177-178-бб.]*
- деген ыр саптары бар.

Ормон өз кезегинде алайлык адигине уруу бирикмесинин жол башчысы Алымбек датка, саруу Ажыбек датка, кушчу Бүргө баатыр менен байланыштарды бекемдөөгө умтулган. Бишкек, Куртка чептеринде бир кыйла сарбаздары бар кокондук бектер да ага ачык кысым көрсөтүүгө дааган эмес. Атүгүл Мадалы хан (1822-1842) Ормонго кымбат-баалуу белек-бечкектерди тартуулап, кымкап чапан жаап, парваначы наамын ыйгарган [100, 111-130-бб.].

Мындай даражадагы наамды берүү Ормон хан түзүүгө аракеттенген түндүк кыргыздардын саясый бирикмеси Ко-

кон хандыгы тарабынан аймактык бөлүк катары саналгандыктан болуусу мүмкүн. Бул кадам аркылуу Кокон ханы Ормонду өз тарабына тартууну, ага таянып Арка кыргыздарын биротоло баш ийдирүүнү көздөгөн. Ал кошокто:

> *«Көрбөй душман багынган,*
> *Кан атам көрүп кокондук,*
> *Тартуу берип жагынган» [7],* - деп сүрөттөйт.

Ага бүткүл түндүк кыргыз уруу бирикмелеринен зекет жыйноо укугун да ыраа көрүшкөн. Бирок кокондук төрөлөрдүн ойлогон ою ордунан чыккан жок. Ормон баскынчыларга тизе бүкпөй кыргыздын башын бириктирип, түндүк көтөрүү, өзүнчө хандыкты түзүү үчүн оңтойлуу учурду күткөн. Андай мүмкүнчүлүккө кыргыздар 40-жылдардын башында ээ болушту.

Ормон ыңгайлуу учурду колдон чыгарбаш үчүн 1842-жылы жайында ири уруу бирикмелеринин жол башчыларын топко чакырат. Ормондун хан көтөрүлүшү изилдөөлөрдө ар башка берилет. Б.Солтоноев өзүнүн «Кызыл-кыргыз тарыхы» деген китебинин 1-томунун 195-бетинде Ормон 39 жашында 1830-жылы Кочкордун аягы Орто-Токойдо хан көтөрүлгөн деп жазат [229, 285-89-бб.]. Башка чыгармаларда ал 1840-жылдары бугу, саяк, сарыбагыш, солто, саруу, кушчу, черик жана башка уруулардын бийлери катышкан Кетмалдыдагы Тармал-Сазда (азыркы Балыкчы шаары жайгашкан жер) жыйында хан көтөрүлгөн делет [237, 27-б.]. Б.Жамгырчинов 1842-жылы ишке ашкан деп жазат [100, 111-130-б.]. Т. Кененсариевдин пикиринде эки окуя тең тарыхый факт болгон. Алгач 1830-жылы хан көтөрүлгөн Ормон Ниязбек уулу 1840-жылдарда түндүк кыргыз урууларына бир топ таасирдүү инсан катары таанылганда кыргыздардын басымдуу бөлүгүн мамлекетке бириктирүү аракетин жасап, өзүн экинчи жолу хан деп жарыялатууга жетишиши мүмкүн.

Ормондун хан көтөрүлүшүндөгү расмий курултайда оң, сол кыргыздарынын негизги ири уруу башчылары, маселен, сарыбагыштан Жантай манап, Төрөгелди, Адыл, Түлөберди, Калпак баатырлар; бугудан Боромбай манап, Муратаалы бий, Балбай, Өмүр баатырлар; солтодон Жангарач, Тынаалы,

Төкөлдөш, Жетикашка, Чыңгыш, Күрпүк бийлер; саяктан Алыбек, Черикчи, Качыке баатырлар; саруудан Ажыбек датка, чериктен Ажыбек баатыр; азык, кушчудан Бүргө баатыр жана башка уруулардын билерман бийлери катышканы менен иш жүзүндө ал хандыкты сарыбагыш уруусунан башка уруулар тааныган эмес.

Атүгүл сарыбагыш уруусунун Жантай башкарган тынай бөлүгү да Ормонду хан катары толук таанybaгандыгы чындык - дейт профессор Т. Кененсариев [132, 88-89-бб.]. Анткени, Жантай Кокон ордосуна жакыныраак болуп, бирок негизги маселелерде гана Ормонго баш ийген. Солто манабы Канайдан өзгөчөлөнүп, ошол эле уруунун экинчи манабы Жангарач Кокон амирлигине жан тартса да, Ормон аны менен тил табышып турган. Бугудан Боромбай менен Балбай XIX кылымдын 40-жылдарынын башына чейин Кокон хандыгынын бийлигин формалдуу кабыл алышканы менен, кийин Орусияга жүз буруп кетишкен. Ошол себептүү келечекте орус бийликтеринен жардам күткөн эки манап Ормонду жактырышкан эмес. Ормон менен куда болгонуна карабастан (Ормондун кызы Кулан Боромбайдын уулу Өмүрзактын аялы болучу.), бугу уруусунун манабы Боромбай Меңмурат уулу анын бийлигин тааныган эмес [247, 104-105-бб.]. Бул араздашуу кийинки бугу-сарбагыш чабышынын бир себеби болуп калган.

Ормон хандын башкаруу саясаты Чоң Кеңеш жана Кичи Кеңештен туруп, андагы атайын дайындалган адамдар ар дайым мыйзамды көзөмөлдөп турган [229, 196-б.]. Ормон хан коңшу элдер менен өз ара пайдалуу алака-байланыштарды жүргүзүү үчүн тышкы иштер министрлиги сыяктанган мекемени түзөт. Алар Ормон хандын тапшырмасы боюнча Кокон хандыгына, кашкарлык кожолорго, казактын хан султандарына, башкы штабы Омскиде орун алган Сибирь корпусуна караштуу аскер отряддарын башкарган орус генералдарына каттап, маанилүү маселелерди чечишчү.

Анын «Ормон опуза» деген ыкмаларын алгачкы кыргыз тарыхчыларынын бири О.Сыдык уулу мындайча мүнөздөйт «Эчен төөлөргө курал жарагын жүктөтүп, кан сөөлөтүн көрсөтүп, дар куруп, адам өлтүрмөккө азирленип, жаки бир калкты чаап, аны талоон кылууга даярданып жаткандай түр

көрсөтүп, ар түрдүү акыл айла менен опуза көрсөтүп жүргөндүгүнөн «Ормон опуза» деген сөз калыптыр» [22,164-б.].

*«Кызматын кыпчак окшоткон,*
*Кан атам өлдү дегенде,*
*Кылычын казак бошоткон» [28, 472-б.].*

- деген саптар аны чагылдырып турат.

Жортуулга чыкканда хандын аскерлерин кернейчи, сурнайчылар аспаптардан шаңдуу бийик үн чыгарып коштоп жүрчү. Манасчы Сагынбайдын атасы Орозбак – Ормон хандын сурнайчысы, Тоголок Молдонун чоң атасы Музооке - миң кубултуп күү чертип, комузда кол ойноткон шайыры болгону белгилүү [109]. Ормон кандын Байсоорунда жайгашкан ордосун өзүнүн экинчи уулу Чаргын баш болгон көзгө атар кырк мерген жигиттер кайтарган. Алар чапман деп аталган түтөтмө мылтыктар менен куралданып, ар дайым аскердик өнөргө хандын жигиттерин жана балдарын машыктырып турган. Ормон өлгөндөгү кызы Куландын кошогунда:

*«Кашкарлык сарт камалган,*
*Кан атамдын даңкына,*
*Кара калмак таң калган,*
*Кызматын кыпчак ушаткан,*
*Кылычын казак бошоткон,*
*Көрбөй жоосу багынган.*
*Төмөнкү калың кокондук,*
*Тартуу берип жагынган» [28, 373-75-бб.]*

- деп кошкондугу муну тастыктап турат.

Ал кезде солто, саяк, бугу, таластык кыргыздардын арасында уруулук, майдалап жылкы алышын эске албаганда, эч чатак болгон эмес. Казак менен да уруш кылбастан, Кенен-сары өзү келип урушканы үчүн аны менен согушуп, башка чоң уруш болгон эмес [229, 197-б.].

1847-жылы жазында Кене хан Чүй кыргыздарына экинчи чабуулун баштайт. Кенесарынын чабуулу, анын иниси Ноорузбай экөөнүн тең өлтүрүлүшү менен аяктаган. Кене хандын аскерин жеңүүдө Ормондун ролу изилдөөлөрдө жогору

бааланат. Чынында ушул окуядан кийин түндүк кыргыздарында Ормондун таасири олуттуу көтөрүлгөн [216, 109-б.].

Ушул арада кыргыз элинин тарыхындагы кайгылуу окуя – бугу-сарбагыш чабышы башталып кетет.

Ормон хан мурунтан эле өзүнүн хандык бийликке умтуулуусун күчөтүп келген. Бугулардын манабы Боромбайды өзүнүн кудасы болсо да, баш ийбегендиги үчүн аны атаандаш душманы катары эсептечү. Ошондуктан Ормон бир жагынан Кокон бийлигине ишенип, Ысык-Көлдүн түштүк жээгин, Тескей Ала-Тоону, Сыртты, айрыкча, Боромбайдын жайлоосу Кызыл-Үңкүрдү тартып алууну көздөп жүргөн. Муну элдик фольклор да тастыктайт. Атактуу Алдаш Молдо Жээнике уулу (1876-жылы туулган) «Ормон–Балбай» аттуу поэмасында: *«...Ынсап кетти Ормондон, ынтымак кетти кыргыздан... Бетегелүү Ысык-Көл, менин жерим болсо – деп,» Темир, болот черикчи, тегерете консо деп. Ормон жерге суктанды, жер алууга ыктанды... Он эки айры бугуну оодарып айдап бир жакка, Ысык-Көлдү алмакка. Ормон жерге кызыкты, Ошентип, бузук салмакта...»*, - деп жазган [184, 223-24-б.].

Акыркы изилдөөлөргө караганда бугу - сарбагыш чабышынын себептери саясый атаандашуу, тагыраак айтканда, Ормондун хандык бийлигин бекемдөө аракети менен кыргыз урууларынын «өз алдынчалыгына» карама-каршы келген Орусиянын курамына өтүү тенденцияларынын тирешүүсү [268, 104-б.] болгон. Чабыштын себептери негизинен саясый факторлор болгондугун башка изилдөөлөр да ырасташат [216, 114-б.]. Санжыралык материалдарда бугу - сарыбагыш чабышынын шылтоосу Ормондун 1853-жылы кеч күздө Иледен Ысык-Көлдүн түндүк жээгине жайланышкан эзелки конушу Байсоорунга көчүп келишин кудасы (ошол эле учурда саясый атаандашы) Боромбайдын 1854-жылы эрте жазда өрүлүктөп келген мезгилиндеги ордо оюнунан чыккан чатак, Ормондо кызмат кылган саяк манабы Алыбек Кетирекей уулунун Боромбай тарапка жан тартып кетиши эсептелет [230, 18-20-бб.].

1854-жылы июлдун акырында Ормон хан 600 жигити менен Боромбайдын айылдарына чабуул койгон. Бул бугу-сарыбагыш чабышынын башталышы болчу. Чабыштын

1854-55-жылдарындагы жүрүшү акыркы жылдарда жарык көргөн санжыралык булактарда, атайын изилдөөлөрдө ачылып берилген [230, 18-20-бб.]. Ошол биринчи эле болгон чабуулда Балбайдын бычагынан Ормон хан өлгөн.

Ормон хандын өлгөн мезгилин Б.Солтоноев, Б.У.Урстанбеков жана Т.Чороевдер 1854-жылдын жайында [247, 135-бб.] болгон деп беришсе, изилдөөчүлөрдүн бири Р.Жолдошев кеч күздө болгон деп жазат [109]. Ал эми үчүнчү көз караш-ты - 1855-жылы жазында [120, 340-б.] деп, Кыргызстандын тарыхынын 1963-жылкы академиялык басылмасы берген болучу. Т. Кененсариев бул окуяны 1854-жылы июлда болгон деген пикирди туура деп эсептеген. Себеби, Боромбайдын бугу-сарыбагыш чатагы жөнүндө 1855-жылы 18-июлда орус бийликтерине жазган катында, буга чейин эле жаңжал жөнүндө бир ирет аларга билдиргенин, бугулар Россияга элчи жиберер алдында (сөз 1854-жылы 26-сентябрда Омбуга келген элчилер жөнүндө болуп жатат) Ормон кол салып, бирок анын өлүмгө учурагандыгы маалымдалган болчу [109]. Бул маалыматтар П.П.Семеновдун эскерүүлөрүндө: - «Биз кара кыргыздардын даңазалуу манабы Ормон 1854-жылы мерт болгон салгылашуу талаасынан өттүк... Салгылашууга эки тараптан 6000ге жакын атчан катышкан. Окуя тээ 1854-жылы болгон...» – деп ырасталат [227, 280-б.].

Ормон хан катуу жарадар болуп, алгач Боромбайдын келини Куландыкына алынып келинген. Бирок, кудасы болгондуктан Боромбай Ормонду үйүнө алдырган. Ормон хан жылдыз толгон маалда Боромбайдын үйүндө каза болот. Эми хандын өлүгүн көп киши менен жиберсек кыргын болуп кетиши мүмкүн, - дешип, Ормондун кызы Кулан менен туугандарынын бири Жайыкбек деген кишини (кээде Намазбек деп айтылат) кошуп жөнөтүшөт. Ормон хан өлүп, анын сөөгүн алып келиптир деген суук кабарды уккандан кийин сарыбагыш элинде катуу кайгы болот.

Ошентип, 1855-жылы Ормондун сөөгү Байсоорунга жеткирилип, эки Ак-Суунун ортосундагы көрүстөнгө коюлат [76, 197-б.].

Ормондун кызы Куландын айткан кошогунда:

*«Ормонду Бакең [Балбай] сойгондо,*
*Анда Төрөгелди баатырың,*

*Төмөнкү Пишпек коргондо.*
*Саадактарын артынып,*
*Сарапчысын [соот,чарайна] тартынып,*
*Саган кайдан аттанды,*
*Кан атамды жазданды» [7]*

-деген кошоктун маанисинде ошол учурда Төрөгелди төмөнкү Пишпектеги өзбек бегинин камоосунда болгон экен.

Ормон хан өлөөр алдында кызы Куланга керээз айткан.

Керээзде: *«Кулан балам! Сени бугуга менин балдарым кайтадан жибербейбиз десе көнбө. Жана да эшиктен көрөгөчкө каратып коюп, сарбагыш эми мен бардагыдай болбойт. Үмөталы урушчагын коюп, элди аздырбасын, эл-журттун акылын Куттук уулуна (Шаменге) салсын. Бугу кылжырдын баласы, зили тууган эле. Өздөрү кайрылбай турган кара мүртөс журт эле. Кокустан элдиктен биротоло кетип калбасын, эгерде журттaшыбыз десе сарбагыш мен үчүн намыс кылбастан кыя тартып журт болсун. Эгерде журт болбосо Жантайга ишеним жок. Төрөгелди мен деп жүрүп өлөр. Көлдү үч айлансын. Мырзага Адил көз салсын..»* [28, 373-75-бб.]

Ормондун керээзинин чоң тарыхый мааниси бар жана ал бугу-сарыбагыш арасынын кийинки өнүгүшүн кайсыл бир деңгээлде жөнгө сала алган. Ошол эле учурда Ормон хандын бугулардын жерин тартып алууну ойлоп келген «ачкөздүгү» болгон күндө да баары бир кыргыз урууларынын өз ара мамилеси жакшы болуусуна кам көргөндүгү, анын формалдуу болсо да мамлекет башчысы катары инсандык принципиалдуу көз карашын чагылдырып турат. Кулaндын кошогунда:

*«…Ажалың жетти аңдоосуз,*
*Бир кылжырдын тукуму,*
*Бир атадан тең тууган» [28, 373-75-бб.],*

- деп айтылганы Ормон хандын жеке көз карашынан жогорку турган элдик тилектештик нерсени да көрсөтүп тургандай.

Ормон хандын керээзи аткарылып, Төрөгелди Көлдү үч жолу айланып, бугу уруктарын чапкан. Акырында өзү колго түшүп, туугандары чоң тартуу берип жатып, бугулардан аман-эсен алып келишкен. Шамен Ормон канды өлтүргөн-

дүгү үчүн бугуларга кундун үч шартын коёт. Биринчиси - көл аймагынан бугулар тукумунун чыгып кетишин, экинчиси - бугу элинин кыздарын сарбагыш элине берүүсүн, үчүнчүсү бугу элинде болгон кыл куйруктуу малдарын сарыбагыш элине берүүсүн талап кылган [277, 209-221-бб.].

Ормон хандын кызы Куландын кошкон кошогунда булар жөнүндө:

*«Абыке, Кубат эки урук,*
*Туугандыктан безгенбиз.*
*Кудайменде, Куйручук,*
*Кармап мурдун кескенбиз.*
*Ачууланып энекем,*
*Кокус кесип салганбыз,*
*Кагылайын Калаке,*
*Көңүлүңүзгө албаңыз» [230, 22-б.].*

Кудайменденин мурдун Кусубалды (Ормондун улуу аялы) кескен себеби, Абыке, Кубат деген эки урук, Ормонду бугу өлтүргөндө бугунун ичинде болгон. Ошол үчүн тууган боло туруп, эмне үчүн өлтүрөсүң деген таарыныч болгон [230, 22-б.].

Кантсе да, Ормон кандын саясий ишмердүүлүгүн чагылдырган кошок ырларында, анын жалпы аркалык кыргыздардын коопсуздугун сактаган белгилүү кол башчы болгондугун ырастап турат.

Алымбек Датка Асан бий уулу кыргыз тарыхында опол тоодой орду бар жана байыркы ата-бабалардан калган мамлекеттүүлүк идеясына жаңы дем берип жандандырган инсан.

Алымбек 1831-жылы Мадалы хандын колунан датка наамын алып, Кокон хандыгындагы белгилүү мамлекеттик ишмер катары белгилүү болгон. Додхох – фарсиче «адилеттүүлүк» деген түшүнүк берип, алгач вилайеттин диний көсөмү эсептелип, кийинчерээк хандын жергиликтүү бийлик өкүлү, акими же аскер башчысы катары таанылган. Жылына 10 миң теңге маяна алган «датка» наамындагы инсан хандыкта маанилүү бийлик ээси боло алган. Алымбектин Кокон хандыгындагы мамлекеттик бийликти чыңдоодо, хандыктагы кыргыздардын ролун жогорулатууда, элдин

турмуш-тиричилигин жакшыртууда, Ош шаарын көрктөндүрүп, аны кыргыздардын бир борборуна айландырууда, билим берүүнү жолго коюуда зор эмгектери бар. Айрыкча анын тоолуу Кыргызстандын түндүк, түштүк урууларын баш коштуруп, Кокондон өз алдынча мамлекет курууга болгон аракетин тарыхчылар баалап келишет.

Ордодон датка наамын алгандыгына карабастан Алымбек 1845-жылы алайлык жана ферганалык кыргыздардын хан бийлигине каршы көтөрүлүшүнө жетекчилик кылып, ордонун коопсуздугуна олуттуу коркунуч туудурган. Көтөрүлүштүн себеби, хан салыгынын күндөн-күнгө көбөйүшү болгон. Ошондой эле элет эли чептердеги кокондук сарбаздарды азык-түлүк, унаа ж.б. каражаттар менен камсыз кылып турууга милдеттендирилген. Кокон хандыгы жаңы ээликтерде үстөмдүгүн бекемдеп чек-араларды, соода кербендерин коргоо максатында Кыргызстандын жерлерине бир катар чеп-коргондорду курат.

Алсак, Алайда - Кызыл-Коргон, Сопу-Коргон, Дароот-Коргон; Чүйдө-Пишпек, Токмок, Кара-Балта, Ак-Суу; ал эми Теңир-Тоодо – Ат-Башы, Куртка, Жумгал, Кочкор; Көл боюнда – Тоң, Тамга, Барскоон, Каракол коргондору курулган. Айтымда ар бир чепте сарбаздардан тышкары көптөгөн кокондук соодагерлер жашаган [72, 158-б.].

Тарых барактарында XIX кылымдын 30-60-жж. анжияндык жана аркалык кыргыздардын арасында зор кадырбаркка ээ болгон инсан Алымбек Асан Бий уулунун атагы казактардын үч жүзүнө, Оренбург, Сибир тараптан Орто Азияга келе жаткан орустарга, Бухара, Хива калктарына, кашкарлыктарга жана Кытай бийликтерине чейин угулган. Анткени, ал ошол мезгилде Орто Азияда тең тайлаш өкүм сүргөн үч мамлекеттин бири Кокон хандыгынын саясий турмушунда 35 жыл бою активдүү аракеттерди жасап келген.

Белгилүү тарыхчы Т.Өмүрбеков: «XIX кылымдын орто ченинде кыргыз элинин чыгаан мамлекеттик ишмери, кылдат жана чебер саясатчы, айтылуу Алымбек датканын ишмердиги, аркалык кыргыздардын ага мамилеси, аны ак дилден колдоосу кыргыз уруулары тарыхый чечүүчү учурларда, татаал кырдаалдарда бекем баш кошуп, биригип турушканынын далили» [202] экендигин билдирет.

*«Хандар бир менен касташтың, даткам,*
*Кармашкан жооңду какшаттың, даткам.*
*Кашкарга барсаң кармаштың, даткам,*
*Кытайдын колун таркаттың, даткам» [42, 219-б.].*

Жогоруда кошок ырлары айтып тургандай Алымбек датканын кашкарлыктар менен болгон согушун 2 этапка бөлүп кароого болот. I этабында Алай жана Кашкар аймагындагы окуяларга Алымбек Асан бий уулу активдүү аралашкан. Мадали хан Алымбек датканы Коконго чакыртканда Жаңгир кожонун кыймылынын жана кокондуктардын Кашкарга жортуулдарынын учурунда алайлык кыргыздардын кылган «кызматын» эске алган. Кокон ханы Алымбекти колго алуу аркылуу ал башкарган кыргыз урууларын өз бийлигине биротоло имерүүнү көздөгөн. Ошондуктан, көп өтпөй 1831-жылы ага расмий датка даражасы – Алайдын башкаруучусу мансабы ыйгарылганы маалым [95, 50-б.].

II этабы Алымбек датканын 40-жж. экинчи жарымындагы коомдук-саясий ишмердигинин дагы бир өңүрү Кашкар тарапка кайрадан жанданган кожолордун кыймылы менен тыгыз байланыштуу. 1847-ж. күзүндө Кашкарда «жети кожонун козголоңуна» (Катта Төрө) Алымбек датка жана Кыдыр бий кошулуп, кыргыз кошуундарын топтоп беришет [189, 167-б.].

Кашкардагы кармаштардын жүрүшүндөгү оор жоготуулар Алымбек датканын темирдей бекем эрдигин майтара алган эмес. 40-жж. экинчи жарымында Алымбек датка ойлогон оюн ишке ашырууга, алайлык жана Теңир-Тоо кыргыз урууларынын баарынын башын бириктирүүгө, өз алдынча мамлекет курууга аракеттенет.

Айрым маалыматтарга караганда анын мындай аракетине колдоо көрсөтүү жөнүндө Россиянын императору Александр II өзүнүн чек арадагы генералдарына көрсөтмө берген экен [85, 60-б.]. Бирок ар кандай объективдүү себептерге байланыштуу андай аракеттен майнап чыккан жок. Ошондуктан, XIX к.50-жж. ордодогу окуялардан оолактап, чоң саясатка көп аралашкан эмес [140, 93-б.].

*«Асылым даткам, ак жолборс даткам,*
*Асылдан сендей жан болбос, даткам.*
*Максатың айкын чын болгон, даткам,*
*Алдыңда жолуң оң болгон, даткам» [42, 219-б.].*

– деген саптарда датканын көрөгөчтүгү тууралуу баяндалууда.

*Алымбек датка* Алай, түштүк кыргыздары менен гана иш жүргүзбөй, түндүк кыргыздарын да ортого тартып, мамлекеттин да саясатына аралашып турган. Ат-Башы, Жумгалдын кыргыздары да Алымбек даткага өкүлдөрүн жиберишкен. 1860-ж. Орусиянын чыгышты көздөй жылуусу менен Кокон хандыгынын аймагы тарып, ордодо саясий татаалдашуу, өзгөрүүлөр болгон.

Алымбек датканын коомдук саясий ишмердигинин туу чокусу 1858-1862-жылдарга туура келет.

1850-жылдардын экинчи жарымында Кудаяр хандын элге каршы саясатына нааразычылык күчөп, 1857-жылы күрөш башталган да 1858-жылы Фергана өрөөнүндөгү кыргыз элетинде олуттуу толкундоолорго айланган. Көтөрүлүшкө катышкан адамдардын саны 4-6 миң адамга жеткендигин изилдөөлөр кабарлайт [92,181-б.]. Бул саясый жанданууга айрыкча алайлык кыргыздар, анын ичинде адыгине уруусу активдүү катышкан.

Алымбек датка баштаган кыргыз бийлери Кудаяр ханга каршы активдүү саясый күрөшкө чыгышкан. Натыйжада Маргаландын жанындагы Самгар деген жердеги салгылашууда Кудаяр хандын аскери талкаланып, көтөрүлүшчүлөр Маргаланды, Коконду камаган [251, 48-б.]. 1858-жылы ноябрь айында Кокон ордосунун өзүндө да саясый күрөштөр башталып, ал Малабектин такка олтурушу менен аяктады. Бул окуяларда Алымбектин ролу чоң болгон. Малабек өзүнүн такка олтурушуна көмөк көрсөтүшкөн кыргыз бийлерин – Алымбекти алгач Анжыянга аким, кийинчерээк өзүнө баш увазир, Сейитбек датканы Кожентке аким, Молдокасымды Ноо чебине комендант, Алымбек менен пикирлеш Маргаландын мурунку беги, кыргыз-кыпчак Өтөмбай бийди Ташкентке аким дайындаган [189, 188-89-бб.; 95, 46-47-бб.].

Аңгыча Россиянын оторчул басып алуу саясаты күчөп, натыйжада 1860-жылы Чүйдө Токмок, Пишпек чептери алынган. Бирок орус кошууну Чүйдөн кайтып кеткенден кийин, Ташкент беги Канат Шаа баштаган ири кошуун Олуя-Атада жыйналып, бүткүл Чүй кыргыздарын орустарга каршы күрөшүүгө чакырган. Чүй өрөөнүндөгү Канат Шаа жетектеген Кокон күчтөрүнүн жалпы саны 20 миңден ашып, 10 гана замбиреги болгон [101, 35-б.]. 1860-жылдын октябрь айынын орто ченинде Канат Шаанын колу Курдай белин ашып, Кастек чебине жакындап келди. 18 – 21-октябрь күндөрү Кастекке жакын Узун-Агач жана Каскелең өрөөндөрүнүн боюнда кармашуулар болуп өткөн. Г.А.Колпаковский баштаган орус армиясынын аракеттери ийгиликке жетишип, көп жоготууларга учураган Канат Шаанын колу Чүйгө чегинүүгө мажбур болгон. Г.А.Колпаковскийдин Г.Х.Гасфордго 1860-жылы 26-октябрдагы жазган билдирүүсүндө «Эгер кыргыздар баары кокондуктарга астейдил жардам беришкенде жана кокон аскери азык-түлүк, жем-чөп тартыш болгон кеч күздөн мурунураак келишкенде «мүмкүн алар жеңишке жетишет беле» – деп жазат [132, 126-б.].

Кыргыздардын «астейдил жардам беришпегендигине» түштүк кыргыздарынын чыгаан инсандарынын бири, ошол кездеги Кокон ханынын баш увазири Алымбек датка чоң роль ойногон. 1860-жылы Токмок, Пишпек сепилдеринин алынганын угар замат, Мала хан Алымбек датканы орус аскери менен кармашууга жөнөткөн болчу. Алымбек «Анжыян колу» деп аталган кошуун менен Нарын аркылуу Чүйгө багыт алат. Жолдо кыргыздардан колун толуктап, аскери 12 миңге чейин жеткен. Алымбектин кошуунунун курамында Жангарач баштаган солто, сарыбагыш манаптарынын, алардын ичинде Шабдандын да жигиттери болгон [40].

Пишпектин алдында эки кошуун жолугат да Алымбек менен Канат Шаанын ортосунда аскер башчылыкты талашкан чатак чыгат. Натыйжада, Узун-Агач, Кара-Кастек, Каскелең өзөндөрүндөгү салгылашууларда Алымбек кошуунун кармашка кийирбей коюп, кокон армиясы чегинүүгө мажбур болгон. Алгач Кара-Кастекке койгон чабуулунун мизи кайтарылган соң, Узун-Агачка экинчи чабуул кылууну буйруган Канатка Алымбек кескин каршы чыккан. Кокон ордо-

сунун тарыхчысы Мулла Нияз: «Алымбек кыргыз менен Канат Шаа тажик кошуунга башчылык кылууну талашып, чатак башташты. Жаңжалдан улам Алымбек Анжыян колу менен кыргыздарды майдандан алып чыгып кетип, салгылашуунун сыймык же маскаралык алып келүүчү тагдырын колунан чыгарды...», - деп жазган [95, 52-б.].

Алымбектин мындай чечиминин түпкү максаты, бүткүл кыргыз урууларын бириктирип, өз алдынча мамлекет уюштуруу же Кокон ордосун толук ээлөө болгон деген жыйынтыкты окумуштуу Т. Кененсариев айткан [132, 126-27-бб.].

1860-ж. Узун-Агачтагы уруштун ийгиликсиз аякташына «Алымбек кыргыз менен Ташкент акими Канат Шаанын жоолашуусу себеп болду деп эсептеп, согуш талаасынан аскерин жана кыргыздарды алып кеткени үчүн Алымбекти айыптаган» дейт - Кокондук тарыхчы Молдо Нияз Мухаммед Хоканди [182, 354-б.].

Алымбектин мындай чечиминин түпкү максаты түштүк-түндүк кыргыз урууларын бириктирип, өз алдынча мамлекет уюштуруу же Кокон ордосун толук ээлөө болчу. Ошондуктан, ал орус бийликтери менен ушул мезгилден баштап эле ымала түзүүнү көздөгөн. Анын биринчи шарты орус аскери менен согушпоо экендигин жакшы түшүнгөн. Анын үстүнө оруска жүз буруп турган Чүй, Көл кыргыздарынын пикирлери да эсепке алынган. Ушул себептерге байланыштуу Узун-Агач салгылашуусунун алдында эле Түндүк кыргыз бийлери: Жангарач, Байтик, Шабдан жана башкалар менен жолугушкан Алымбек кармашта Канат Шаанын жеңилишин ыңгайлуу факты деп эсептеген [231, 22-76-бб.].

Түндүк кыргыздарына Узун-Агач салгылашуусунан кийин Ат-Башыда, Тянь-Шанда эл аралап жүргөн Алымбек датка чоң таасир тийгизген. 1861-жылы жайында сарыбагыш манаптары Үмөтаалы, Ажы, Төрөгелди Алымбек даткага жолуккандан кийин, аларда белгилүү деңгээлде Коконго да, ошол эле учурда Россияга да каршы пикир түзүлгөн болчу. Алымбектин тоолук кыргыз туугандарынын арасында аброюнун өсүп бара жатандыгынан кооптонгон Малла хан жарашуу үчүн аны ордого чакырган, бирок Алымбек барган эмес, ал турсун хан жиберген адамдарды өлтүрүп, алардын артынан келген кошуунду талкалап таштаган [98, 182-б.].

Мындай кырдаалда кайрадан Коконго же Орусияга ыкрар берерин билбей эки анжы болгон Алымбек датка тоолук кыргыз урууларын бириктирип, өз алдынча феодалдык ээлик же мамлекет түзүүнү ойлогон [140, 110-б.].

Аңгыча ордодо саясий абал кайрадан курчуган. 1862-жылдын башында Мала ханга каршы козголоң уюштурулуп, бирок максатына жетпей калган. Ошол эле жылдын февралында экинчи козголоңчулар (негизинен кыргыз бийлери: Алымбек, Кыдыр, Касым, Кудайназар жана башкалар) Мала ханды өлтүрүп, анын жээни – Сарымсактын уулу 15 жашар Шах Муратты такка олтургузушкан [183, 108-б.]. Алымбек баш увазирдик орунду ээлеген. Ташкент беги Канат Шаа, Рүстөмбек баш болгон экинчи топ такка Кудаярды кайрадан отургузууну көздөшкөн. Канат Шаа Бухарага качып кеткен Кудаяр менен байланыш түзүп, аны Ташкентке чакырып, хан деп жарыялап жиберген.

Шах Мурат кыргыз-кыпчак бийлеринин башчылыгында 14 миң кол менен Ташкентти камаган, бирок Букара эмиринин Кожентти басып алышына байланыштуу 53 күндөн кийин Ташкентти камоону токтотуп, Фергана өрөөнүнө кайтып кетүүгө аргасыз болгон [241, 267-б.].

Бирок, ал Кожентти коргоого кеткенде, Ташкенттен чыккан Кудаяр менен Канат Коконду ээлеп алышкан. Тактыга кайра олтурган Кудаяр Шах Муратты колдогон кыргыз, кыпчактарга согуш жарыялаган. Кыдыр, Ырсалы сыяктуу кыргыз бийлери алгач бийликтен четтетилип, кийинчерээк тындым кылынган [251, 43-б.]. Ошол каргашалуу күндөрдө 1862-жылы июль айында алдоо жолу менен ордого чакырылган Алымбек датка киши колдуу болуп өлтүртүлгөндүгү изилдөөлөрдө белгиленет [77, 123-124-бб.].

Алымбек датканын мамлекеттик жана азаттык идеяларына карата саясий аракеттери жогорку берилген кыска маалыматтан көрүнүп турат.

Окумуштуу Т. Кененсариев акыркы мезгилде Алымбек датка тууралуу изилдөөлөрдү жыйынтыктап, анын өмүрү жана ишмердигине карата ири тарыхый инсан катары баалоонун жети критерийин сунуш кылган. Алар: 1. Саясий, 2. Мамлекеттүүлүк, 3. Административдик, 4. Мекенчилдик, 5. Агартуучулук, 6. Социалдык-экономикалык, 7. Алымбек

датканын ишмердүүлүгүн азыркы сабактары деп бөлүнүшү мүмкүн деп жазат окумуштуу [134, 11-26-бб.].

Алымбек өлгөндө ага арналып кошулган кошоктор ал тарыхый инсандын турмуштук энциклопедиясы. Маселени ушул өңүттөн алганыбызда жоктоолор тарыхый баалуу булак болуп эсептелинет.

Мисалы, Курманжан датканын Алымбек датканы жоктогон кошогунан:

*«Кара бир жамгыр аптапта, бегим,*
*Калпагың калды оңбостон, бегим.*
*Кадыр бир туткан кыргызың, бегим,*
*Кырмызы манат чепкенди, бегим.*
*Кыябын барктап ким кийет, бегим?*
*Кыр–кырда жүргөн кыргызга, бегим,*
*Кыямат күндө ким күйөт, бегим...» [16].*

Андан ары кошокто:

*«Орустар менен беттештиң, даткам,*
*Оюңду бербей кектештиң, даткам» [42, 219-б.].*

Алымбектин бөөдө өлүмү Курманжан датканын жоктогонунда:

*«Алмадай сенин башыңды, бегим,*
*Көргөнү келдим, мен мында, бегим.*
*Тобурчак жалын беш бөлүп, бегим.*
*Өргөнү келдим мен мында, бегим.*
*Томуктай сенин башыңды, бегим,*
*Көргөнү келдим мен мында, бегим.*
*Эзиле тиктеп эсим оойт, бегим,*
*Эки бир тоонун аралын, бегим.*
*Эсилим сенден айрылып, бегим,*
*Элиңе кантип барамын, бегим» [28, 219-б.].*

Андан ары:

*«Кыргызым үчүн дегенсиң, даткам,*
*Кыргыздын камын жегенсиң, даткам.*
*Айың бир кептер жетиптир, даткам,*
*Алтын бир башың кетиптир, даткам...» [42, 220-б.].*

XIX кылымдагы коомдук жана мамлекеттик ишмер, кыргыз мамлекеттүүлүгүн негиздөөгө чыйыр салган атуулдардын бири – Алымбек датка 1799-жылы туулуп, 1862-жылы каза болгон. Анын сөөгү Коконго коюлган. Ошондо Курманжан өмүрлүк жолдошунун мезгилсиз дүйнөдөн кайтканын минтип кошкон - деп эскерет, урпагы Аккыз Жамшитбекова.

*«Асылым менин шейитим,*
*Кокондо калды бейитиң» [209, 86-б.].*

Алымбек датка жалаң чоң саясат менен алектенбестен, элинин турмуш-тиричилигине ар дайым көз салып турган. Анжияндын акимдигине дайындалгандан кийин турагын Ошко которгон. Ошондуктан Ош шаары XIX к. 30-жж. тартып Анжиян вилайетинин иш жүзүндөгү анык баш калаасына айланып, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсү үчүн мүмкүнчүлүгү кеңейген. Алымбек датка курулуш иштерине көбүрөөк көңүл бөлүп, Ошту Орто Азиядагы башка калаалардын эч биринен кем эмес көркөмдүү шаарга айландырууга аракет жасаган.

Ак-Буура дарыясынын оң-сол жээгиндеги уруулар, өзбек-кыргыздар бири-бирине байланышып турушу үчүн 9 көпүрө, ошондой эле Ак-Буурадан капталдата туш-тушка 9 арыкты каздырып, ага жумшалган бүткүл чыгымды жеке өзү чыгарган [275]. Шаардын кире берүүчү жана чыга берүүчү жолдорун оңдоткон. Ноокат, Араванга, Кара-Суруга, Алайга, Өзгөнгө, Кызыл-Кыя, Кадам-Жай багыттарына бет алган жолдорду тартиптештирген [45, 11-б.]. Алардын арасында XIX к. 50-жж. аягында Ак-Бууранын оң жээгинде курулган Ак Медресенин атагы алыскы аймактарга тез тарап, диний мүнөздөгү илим-билимдин анык борборуна айланган. Ал кошок ырында төмөндөгүчө сүрөттөлөт:

*«Динсиздер жолун тосконсуң, даткам,*
*Дин ислам үчүн коргонсуң, даткам.*
*Оң – тоого толгон байлыгың, даткам,*
*Ошонум эле дегенсиң, даткам.*
*Ошентип курдуң мечитиң, даткам,*
*Окусун балдар дегенсиң, даткам» [42, 219-б.].*

Имарат миң жылдарга туруштук берсин үчүн өзгөчө бышырылган (карапа) кыштан кынатылган: ал дарсканалардан, конокканалардан, өжүрөлөрдөн турган (аларда мударистер жана талабалар – окуучулар жашашкан) 28 өжүрөсү болгон, ичинде төрт күмбөздүк курулуштары, мечити, айбандары болуп, жума намаздарында, айт намаздарында намаз окушкан. Төрт бурчунда бийиктиги 15 метрден төрт мунарасы болгон – азандар айтылган.

Медресесине Алымбек датка башкы мудариси кылып, өз окумуштуулугу менен көп чыгыш өлкөлөрүнө белгилүү болгон аалым Хаджи-Мухамадды чакырган [215, 42-43-бб.].

Демек, Алымбек датка илим-билимдин, маданияттын өсүп-өнүгүшүнө көрүнүктүү салым кошкон агартуучулардын бири болгон жана кыргыз элинин бүтүндүгүн, өз алдынчалыгын сактаган белгилүү стратег.

Алымкул Лашкер башы (1831-1865) кыргыз мамлекеттүүлүгү жана азаттыгы үчүн күрөшкөн улуу тарыхый инсан.

Молдо Алымкул Асан уулу Анжияндык кыргыздардын кыпчак уруусунан. Бул тууралуу жазгыч акын Молдо Нияздын Санат дигарасттарында:

*«Кыргыз менен сарт эде,*
*Кыргыз сарттын ичинде.*
*Кыпчактан чыккан март эде» [168, 60-б.]*

– деп сүрөттөлөт.

Даректүү материалдар Алымкул кыргыздардын ичкилик канатындагы кыргыз-кыпчактардын таз уругунан экендигин ырастайт [297].

Эл арасында «Алымкул аталык» деп айтылып келсе, архивдик материалдарда «Аскер башчы» [245, 5-б.], «амирул умаро» (эмирлердин эмири) [188, 67-б.], ошондой эле «Амир лашкар» [117, 306-б.; 202, 218-б.] деген наамдар берилген. Т. Кененсариев акыркы макаласында «Алымкул лашкер башы» деп атайт [290]. Ал эми өзбек тарыхчылары Алымкул жөнүндө тарыхый роман даярдашып, анда «Амир и-Лашкар Алимкул» деп аташат [245, 5-б.].

Алымкул лашкер башы болжол менен Кокон хандыгында жети жылга жакын 1858-1865-жж. чейин мамлекеттик кыз-

матта турган. 1862-63-жж. Бухара эмири Музаффардан Кокон хандыгынын көз карандысыздыгын сактаган [189, 193-94-бб.] жана алардын хандыкты ээлөөгө болгон аракетине катуу сокку берген [202, 213-б.].

*«Ак жолборстой Алымкул,*
*Айкырып атка мингенде.*
*Аччыгы чындап келгенде,*
*Азахардай залым кул.*
*Кызыл чаар шер эле,*
*Кыргыздан чыккан эр эле.*
*Кара-чаар шер эле,*
*Карадан түшкөн эр эле.*
*Алыскы жоо душманга,*
*Айдыңы көп зор эле...» [168, 60-б.]*

– деген саптарда Алымкул лашкердин марттыгы сүрөттөлөт.

Кудаяр хандын жүргүзгөн саясатына каршы 1862-жылдын сентябрь айында Алымкул лашкер башы кыргыз, кыпчактарды жетектеп Хал датка, Алибай датка, Жумабай, Мамет, Мырзабек, Ташбек сыяктуу бийлер баштаган [251, 43-44-бб.] кыргыз, кыпчак уруулары Алымкулдун жетекчилиги астында хандын сарбаздары менен ийгиликтүү кармашкан. Алар Наманган, Маргалан, Кожент шаарларын убактылуу каратып алышкан.

1863-жылы 9-июль күнү Маллабектин 12 жашар уулу Султан Сейит такка отургузулган. Кыргыз-кыпчактардын жамаатындагы эң таасирдүү мамлекеттик ишмер жана талანттуу кол башчы Алымкул [140, 125-б.] Султан Сейитке Аталык (регент) дайындалып, иш жүзүндө хандыкты башкарууну толук колуна алган [77, 126-б.; 251, 44-б.; 140, 125-б.].

1863-жылдын жайындагы Кокон көтөрүлүшүнөн кийин пайда болгон Алымкул аталыктын өкмөтү жылдын экинчи жарымында орус жүрүшүн тосуу үчүн катуу даярдыкка өткөн. Алымкул лашкер башчы Кашкардагы саясий иштерди да жөнгө салып тургандыгын [89, 160-б.] булактар ырастайт. Демек, Алымкул лашкер башы Кашкарда «Жети-Шаар» мам-

лекетин негиздөөгө да салым кошкон. Себеби, ал жиберген Бакдөөлөт Жакыпбек мамлекет кура алган.

Падышалык Россиянын 1864-жылы Түркстан, Олуя-Ата, Чимкент шаарларын алгандагы мусулман-орус беттешүүсүнүн күбөсү болгон Молло Нияз Алымкул жөнүндөгү казалында Кокондун аскер башчысы Алымкул жети күндө Чимкентке жетип, катуу уруш салганы, ишенген баатыры Миңбай датка жардамга келгенде душманды жакшы эле сүрүп барганы жөнүндө айтып келип:

*«Эл давлати эссиз эр,*
*Эр Миңбайдан баш кетти.*
*Алымкулдун көзүнөн*
*Үч күнгөчө жаш кетти» [168, 16-б.]*

- дейт, башкача айтканда жеңишке жетип бараткан Алымкулдун ишенген канаты кайрылганын, ошондон улам согуш токтоп, эки жак келишим түзүп, тарап кетишкенин белгилейт:

*«Эч муратка жете албай,*
*Элчи коюп арага,*
*Эки жакка айрылды.*
*Олуя-Ата, Пишкеги*
*Орус кафир ол кетти» [168, 7-б.]* – деп баяндалат.

Алымкул лашкер башы өлкөнүн тынчтыгын ойлоо менен Кокон-Россия мамилелеринин курчуп кеткенинен Англияга (Улуу Британия) Молдо Кожобек элчи алып барган катты [174, 202, 226-б.], ошондой эле М.Д.Черняевге бир нече жолу элчилерин жана кат жиберип, жоолашпай ынтымакка келүүнү, алар караткан шаарларды кайра кайтарып берүүнү өтүнгөн [202, 228-б.].

Ушундай эле элчиликтер Петербургга жана Англия королуна жөнөтүлгөндүгү тууралуу материалдар Х.Турсунматов жана Р.Шамсутдиновдордун тарыхый романында да айтылат [245, 100-101-бб.]. Бирок бул өтүнүчтөрдөн майнап чыкпай 22-сентябрда Чымкент шаары да М.Г.Черняевдин колуна өткөн. 2-4-октябрда Ташкентке жүрүш жасалган, бирок М.Г.Черняев жеңишке жетише алган эмес [202, 228-б.]. Бул

окуя тууралуу Молло Нияздын Алымкул казалында төмөндөгүчө айтылган:

*«Коргон салып Алымкул*
*Коруп калды Чимкентти,*
*Тахкын кылды Ташкентти» [168, 62-б.]*

- деп сүрөттөлөт.

1864-ж. 4-6-декабрда Ыкан (Икан) кыштагынын алды жагында согуш болуп жеңиш Алымкул тарапта болгон. Мындагы Алымкул лашкер башынын согуштук искусствосу боюнча есаул Серовдун 1864-ж. 8-сентябрда Түркстан шаарынын комендантына жиберген билдирүүсүндө берилген [102, 80-83-бб.]. Ошондой эле М.Хорошиндин топтогон архивдик материалдарында да Икан согушунун жүрүшү жана орус - казак аскерлеринин курмандыктары тууралуу кеңири баяндалат [266].

*«Кулан сындуу Алымкул,*
*Хан болду чыгып карадан.*
*Баатырдыгын барчага,*
*Азаматтыгын ааламга,*
*Бүтүндүгүн Бухарга,*
*Үрүстөмдүгүң Урумга.*
*Маалим болуп жетти эле.*
*Балли сизге Алымкул» [168, 64-б.]*

- деген саптарда Алымкул лашкер башынын согуштук искусствонун чебери экендигин ырастайт.

1865-жылдын жазында Кокон-Бухара арасында жаңы жаңжалдын башталышын ыңгайлуу учур деп санаган генерал М.Г.Черняев 29-апрелде Ташкентке жакын турган Ниязбек чебин басып алып, шаарды суусуз калтырган [245, 149-б.]. Ташкентти коргогон Алымкул аталыктын негизги күчтөрү менен орус аскерлеринин ортосунда 9-май күнү каттуу салгылашуу болуп, кандуу кармашта Алымкул аталык оор жарадар болгон жана анын өлүмү Кокон күчтөрүнүн чегинүүсүнө алып келген [132, 142-б.]. Бул учурдагы душман-

дардын сүйүнүчү менен күйүнүчүн Молло Нияз Алымкул жөнүндөгү казалында төмөндөгүчө сүрөттөйт:

*«Ордодон туйгун учту» – деп*
*Оруска чапты сүйүнчү.*
*Кыргыздын ханы өлдү деп*
*Кытайга чапты сүйүнчү.*
*Бутпарас маңгыт аралаш*
*Бухарга чапты сүйүнчү.*
*Ак жолборс көзүң өттү эде*
*Саратанда кыш түштү.*
*Сан журтуңнун башыга*
*Кыяматтай күн түштү...» [168, 17-18-бб.]*

– деп журт башына келген кайгыны айтат.

Баш аламан түшкөн шаарга 14-15-июнь күндөрү чабуул жасалып, 17-июнь күнү Ташкент багынып берген.

Ошентип, көрүнүктүү мамлекеттик ишмер, таланттуу кол башчы жана кыргыз элинин ичкилик кыпчак уруусунан чыккан белгилүү тарыхый инсан Алымкул аталык 1865-жылдын 9-майында Мекен үчүн шейит болуп Ташкенттеги Шейхантаур (Шейх Ховand Тахур) мазарына коюлган [186, 245, 154-бб.].

*Эфакта жаның үзүлдү,*
*Чырактай көзүң жумулду.*
*Мусафир Ташкен шаарына,*
*Беит болдуң, Алымкул [168, 65-б.].*

Алымкул аталык журт азаттыгынын курманы өз элинин чыккынчыларынын колунан шейит кеткендигин бир канча тарыхый эмгектер жана информаторлор [307] да ырасташат.

Мундуз уруусунан чыккан Молдо Калбек Муса уулу да Алымкул аталыктын эрдиктерин даңазалап, анын өлүмүнө кайгырып, жаназасына катышканын өз ырында жазып калтырган [185, 12-б.]. Анда төмөндөгүдөй арман берилет:

*«Жок эми Фергана сендей дүйнө сакчы,*
*Ферганaнын жалгыз коргоочусу, кош бол!*
*Токсон эки жерден издеп, сендей аганы таппайбыз,*
*Деп, колбашчылар турушат ыйлашып.*
*Берген тузуңа раазы бол, жакын тууганым, кош бол!*
*Айрылып калды сенден Мулла Халбектей пенде,*
*Перзенттериң, малы мүлкүң калды, кош бол! [135, 78-б.]*

Демек, Алымкул лашкер башы Кокон-кыргыз мамлекетиндеги кыргыз, өзбек, кыпчак, тажик жана казак элдеринин орус падышачылыгына көз каранды эместиги үчүн журт азаттыгынын курманы болгон. Кокон хандыгын өз мамлекетиндей, өз өлкөсүндөй сактап калууну, ага ээлик кылууну көздөгөн Алымбек датка менен Алымкул лашкер башы хандыкты коргоп, азаттык үчүн каны-жанын беришкен.

# III бап

# ОРУС КОЛОНИЯЛЫК ДООРУНДАГЫ ТАРЫХЫЙ ОКУЯЛАР ООЗЕКИ ФОЛЬКЛОРДО

## 3.1. Орус империясынын саясатына карата мамилелердин Боромбай бийдин керээзинде, Курманжан датка, Шабдан баатырга карата элдик оозеки чыгармачылыкта берилиши

XIX кылымда Ысык-Көл, Каркыра жана Текес өрөөндөрүн жердеген бугу уруусунун белек уругунун манабы *Боромбай бий (1789–1858)* болгон. Ал 1843-жылы Жууку суусунун боюндагы Кызыл-Үңкүр деген жерге чеп курдуруп, аны ордо кылган. 1844-жылы Боромбай бугу уруусунун атынан Батыш Сибирдеги орус падышалыгынын бийликтерине букаралыкка кабыл алуу өтүнүчү менен элчи жиберген. Элчилер 1854-жылы сентябрда Омскка келип, 1855-жылдын 17-январында Орусиянын букаралыгына өтүү жөнүндө бугу уруусунун атынан ант беришкен. 1855-жылы Боромбай орустун подполковник чинин алган. 1855-жылы бугу менен сарыбагыш уруулары чабышкан кезде улам артка чегинип, Текести жердеп калган. Боромбай бугу уруусун сактап калуу үчүн цин-манчжурдук Кытайдан да көмөк сураган, бирок оң натыйжа болгон эмес. Ошондон кийин кайрадан падышалык орус бийликтерине өтүнүч менен кайрылган. 1856-жылы июнда Чокон Валиханов Боромбайдын Тулпар-Таш капчыгайындагы жайлоодогу айылында болуп, бийдин сүрөтүн тарткан. Саякатчы П.П.Семенов-Тянь-Шанский болсо Боромбай менен 1856-57-жылдары Теңир-Тоого саякаты маалында жолуккан [270].

Боромбай бугу уруу бирикмесинин манаптарынын ичинен өзү толук үстөмдүк кыла алган. Бугунун башка манаптары иш жүзүндө ага тең ата болуп, алдынан кыя өтө алышкан эмес [29, 209-210-бб.].

Нускоочу акын Арстанбек Буйлаш уулунун шакирти Солтобай Токтоболот уулу (1834-1918) эл арасында «Боромбайдын керээзи» [2] аталган чыгарманын чыныгы автору. Бугу уруусунун башчысы Боромбай Бекмурат уулу өлөөр алдында

(1858) коштошкону чогулуп келген эли-журтуна керээзин айтып, аны Солтобай ырчы поэтикалык формага түшүрүп, эл арасына таратат. Негизинен кара сөз түрүндө айтылган Боромбайдын сөзүнүн мазмуну ырда да сакталгандыгына карабастан, керээздин мааниси кеңейип, көркөм-эстетикалык таасири арткан.

Кылдат көз жүгүрткөн кишиге чыгармада логикалык жагынан бири-бирине анчалык коошпогон эки түрдүү башталыш, эки башка идея орун жаткандыгын байкай алат. Алсак, Боромбайдын көзү өткөндөн кийин өзүн узатуунун жол-жобосу, элдин жашоо тиричилиги, орустарды кыргыз жергесине баштап келүүгө эмне себеп болгондугу, Ормондун зордук-зомбулугу жөнүндө айткандары, өткөндөгү бугу уруусунун тарыхындагы же манаптын өз өмүр баянындагы жагдайлар менен ачык шайкеш келип турат.

Кадырлуу, журт башчысы өлөрүндө өзү менен коштошкону чогулуп келген элине осуят калтырып, керээзин айтышы салт болгон. Бугу уруусунун башчысы Боромбай да өлөрүндө керээзин айтып, эли-журту менен коштошкон экен.

Кыраакы акылдуу адам кара аш, аш деп, элинин ашкере ысырапчылыкка учурашын каалаган эмес. Ошондуктан, «коргон урба башыма», «ат чаптырба ашыма,» - деп керээз калтырат. Жалпы журтчулукка кайрылып:

*«Журтум, Ысык-Көлгө ыктаңар,*
*Кең Текес көздөй чыкпаңар» [2]* – деген.

XIX кылымдын биринчи жарымында Ысык-Көл өрөөнүн негизинен кыргыздардын үч чоң уруу бирикмеси – бугу, сарыбагыш, жана саяктар жердешкен. Ч.Валихановдун жазганына караганда бугулар Ысык-Көл өрөөнүнүн түштүк-чыгыш тарабында, Жыргалаңдан тартып Аксу менен Кызыл-Суугa чейин ээлик кылышкан [87, 10-11-бб.].

*«Жерге салгын эгинди,*
*Тегиз уккун кебимди...*
*Түлкүлөрүн ыштаңар,*
*Түп Жыргалаң кыштаңар...» [28, 288-б.]*

- деп элди отурукташууга, көл боюнан байыр алып дыйканчылык кылууга үндөгөн.

Журтчулукка *«ага-ини болуп сыйлашып»*, *ынтымакта жашагыла, «четтен келген коңшуну өз туугандай куштагыла»*, - деп осуят калтырат.

Боромбайдын керээзинде [2] алгачкылардан болуп Россияга кошулууга кол созуп, демилге көтөргөн уруу башчысынын көз карашы ачык кубатталат.

Боромбай керээзинде Россияга ыктоонун себебин айткан:

*«Сарбагыштын зарпынан,*
*Күйдүргөн күндө дартынан,*
*Баштап келдим орусту*
*Баш карматтым болушту» [28, 384-87-бб.].*

Бирок, ошол эле учурда Боромбайда болочок отор доорунун келишине карата түпөйүл кооптонуу да бардыгын керээзинен байкоого болот.

*«Келе турган заманга*
*Кеңитип кеттим конушту...*
*Элим-журтум, ук сөзүмдү,*
*Ач көзүңдү.*
*Заманың тар болор, Залимдин сөзү шар болор,*
*Пейли жумшак бечаралар кор болор,*
*Алдамчылар көп болор,*
*Айткан сөзү жат болор.*
*Калыстык жок болор,*
*Касиеттүү сөздөр токтолор»*
*Оюлган заман ай,*
*Сарттар келип эшен болор*
*Журт бузулган кезинде*
*Мындай шумдук нечен болор.*
*Кийгени күрмө болор,*
*Издегени дүйнө болор,*
*Башка түрдүү жүрүш болор.*
*Урунганы күмүш болор.*
*Күмүштү кор кармаса,*
*Түбүндө буга күйүт болор.*
*Алтын менен күмүштү тепсеп өтөр,*
*Анык жери-ал иштен мээри кетер.*
*Айал кылган көрөт ал заманды*
*Аргымак аттай зыпылдап, заман жетер [28, 384-87-бб.].*

Бул сөздөрдө «заманчыл» Калыгул олуянын көз карашы чагылып турат. Демек, аракети ошол кездеги саясий кырдаалда келечекке туура жол табууга аракеттенген Боромбай, ички дили менен Калыгулдун пикирин кайталап, келе жаткан отор заманына протест жарыялагандай туюлат.

Ошондой заман келсе да, элди эгинчиликке, жашоодо мыйзамдуулукка үндөп:

*«Эгин айдап, бак тигип,*
*Көнүңөр журтум дыйканга.*
*Баш көтөрбөй моюн сун,*
*Шариат менен мыйзамга.» [28, 384-87-бб.]*

-деп кайрылып, гумандуулуктун да үрөнүн себүүгө аракеттенет.

Демек, Боромбай бий өмүр бою калкынын жакшы жашоосу, жаркын келечеги үчүн кам көргөн инсан болгондугу өзүнүн керээзинде берилген.

*Калыгул Бай уулу (1785-1855)* 1854-ж. бугу менен сарбагыштын өз ара жаңжалын болтурбоо үчүн сарбагыш манабы Ормон хан уюштурган ордо оюнун токтотууга чакырган. Ошол ордодон чыккан таарынычтар кийинки тирешүүгө шылтоо болгон.

*«Каз өрдөгү болбосо,*
*Айдың чалкар – көл карып.*
*Улук адил болбосо,*
*Убара болот эл карып...» [269, 10-б.]*

Боромбайдын керээзине төкмө акын *Арстанбек Буйлаш уулунун (1824-1878)* ырдаган накыл, арман жана жоктоо ырлары үндөш келет. Ал бугу уруусу менен сарбагыштардын чатагы мезгилин айрыкча Ормон хан өлтүрүлгөндөн кийин анын 20 уруулаштары тарабынан бугулар катуу кысымга алынып, калк чабылып туш-тарапка качкан учурунда бугулардын турмуш акыбалын сүрөттөп, эки урууну ынтымакташууга чакырып ырдаган:

*«Ой, сарбагыш, туугандар,*
*Бугуну үч бөлүнтсөң.*
*Эсенгулдун Ормону,*
*Эми кайдан табылаар?*
*Чабуулдан бугу өлчү эмес,*
*Ой, сарбагыш, туугандар.*
*Тирилип кайра келчү эмес» [17, 29-б.]* – деп ырдаган.

Арстанбек акын жашаган доордогу (XIX к. биринчи жарымы жана орто чени) Кыргызстандын социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүүсү, доордун тарыхый окуялары чыгармаларында кеңири орун алган. Кыргыз жерлери колонизациялана баштаган мезгили жана ага байланышкан коомдогу психологиялык толгонуулар чагылдырылган.

Арстанбектин «Тар заман» аттуу чыгармасында коомдук, саясий, турмуш-тиричилик, кыскасы адам менен коом жөнүндөгү тарыхый конкреттүү шарттарга байланыштуу ар түрдүү мазмундагы поэтикалык жыйынтыктар берилген. Кыргызстандын Орусиянын букаралыгына өтүшүн анчейин жактырбастан, андан көрө Чыгыш Түркстанда түзүлгөн Жакыпбектин Жети-Шаар мамлекетине кошулсак деген пикир болгон.

*«Капкандай чапты белиңди,*
*Каптап алды жериңди.*
*Сурап алды башыңды,*
*Каттап алды жашыңды» [292]*
- деп коомдогу болуп жаткан кескин өзгөрүүлөрдү жана алдыдагы далай тагдыр чечээр тарыхый кубулуштар болоорун алдын ала эскертип ырдайт.

Арстанбек акындын көз карашы Жети-Суу аймагы менен Теңир-Тоого орус падышачылыгынын отор заманында курчуган. Кокон мамлекетинде жашоону көрүп, диний көз карашы да бекемделген Арстанбекке эмки жаңы бурулуш катуу тийип, натыйжада Калыгулду ээрчип (Арстанбек Калыгулду көрбөсө да, анын ырларынан таалим алган го), анын ырдагандарын улаган Арстанбек эми Калыгул олуянын орус оторчуларына каршы пикирин дагы да өөрчүтүп, ал анын «Тар заман» деген көлөмдүү ырында кенен берилген [286].

«Тар заманга» үндөш келген тарыхый ырлардын да бир нече үзүмүн келтире кетели. Бул ырлар арман ырларына кирип, орус отор доорунун кейиштүү маселелерин чагылдырган жана колониячыл бийликтин шартында кыргыз мамлекеттүүлүгү мындай турсун, азаттыктын шооласы да көрүнбөй жаткандыгын түшүнгөн элдин коомдук пикири чагылып турат. Элдик тарыхый ырда:

*«...Падышачыл орустан,*
*Бай, манап, болуштан,*
*Арызга келген кишиден,*
*Алып алган тогуздан.*
*Падышанын касабы*
*Баары журтка азабы.*
*Калп жеринен теңдик деп,*
*Элге ичирген касамы...*
*Теңдик бербей зайыпка.*
*Өлсө дагы көз салбай,*
*Чолок, мунжу, майыпка.*
*Нар өлтүргөн пулдууга,*
*Эр өлтүргөн кундууга,*
*Арзын айтып ыйласа,*
*Көз салбаган муңдууга.*
*Бай, ыстарчын залымы,*
*Журттан алган алымы.*
*Бай, манапка кул болгон,*
*Бакыр кедей карыбы... [28, 104-123-бб.].*

Элдик тарыхый ыр отор доорундагы административдик башкарууну төмөнкүдөй сүрөттөп жазат:

*«Жок жеринен касташып.*
*Таш салышып кармашып,*
*Куран кармап жандашып,*
*Бай, манаптар бир бирин,*
*Бара берип алдашып.*
*Ыстарчын, элүү баш деп,*
*Салыштырган ташы деп,*
*Сайып алган жаатты,*

*Ошол элдин башы деп,*
*Жааттатышып безишип,*
*Букараны эзишип,*
*Томаяктын мойнуна,*
*Тогуздан мал кесишип.*
*Элүү башы элүүсү,*
*Эки тарап черүүсү.*
*Бөрү тийген короодой,*
*Букараны бөлүшү.*
*Бечараны зарлантып,*
*Бий, болушка алдантып.*
*Илгеркинин тарабы,*
*Байы менен манабы.*
*Падышанын колунда,*
*Ошолордун танабы.*
*Жандыраалы, үйөзү,*
*Жалпы журттун мүнөзү.*
*Төрөлөр менен генерал,*
*Ошолордун бүлөсү.*
*Романдын тукуму,*
*Төрө деген ушуну.*
*Орусуя журтуна,*
*Болуп өткөн учуру.*
*Падышанын тукуму,*
*Байкап турсаң ушуну.*
*Пайдаланып кедейден,*
*Чагып жеген чучугу.*
*Төрө деген ак сөөгү,*
*Кыргыздан алган ат төөнү» [28, 104-123-бб.].*

Кыргыз тарыхында аттын кашкасындай таанымал болгон Курманжан Датканын (1811–1907) ишмердүүлүгү Т.Кенерсариевдин пикиринде 3 этаптан турат. 1 – Курманжан датка – коомдук ишмер (1832–1862); 2 – Курманжан датка саясий ишмер (1862–1876); 3 – Курманжан датка дасыккан саясатчы жана коомдук ишмер (1876-1907) [133, 54-76-бб.].

Курманжан Алымбек датканын (1862-ж. чейин) саясий - коомдук иштерине кеңешчи, пикирлеш болуп келген. Алымбек менен бирге Кокон мамлекетинин көйгөйлөрүнө ортоk-

тош болгон, алайлык элин сактап, Ош жергесин, шаарын өнүктүрүүгө кам көргөн. Алымбек датканын өлүмүнөн кийин Курманжан 1862-жылы «датка» наамын алган, хандыктын саясий иштерине аралашкан, ордодо жолугушууларды өткөрүп, атүгүл ханга да кеңеш айта алган. Бул окуя Шабдан казалында:

*«Алымбек менен Курманжан,*
*Алар да өттү жалгандан.*
*Коконго барып кан болгон,*
*Алымбек датка зор болгон.*
*Эри өлгөн соң Курманжан,*
*Кокондун барып канынан.*
*Даткалыкка жол алган.*
*Катын да болсо Курманжан,*
*Бактылуу болду адамдан» [197, 84-б.].*

XIX к 60-70-жж. Курманжандын даңкы жана аброю Ферганага гана эмес, Орто Азияга тарап, Фергана чөлкөмүндө андан өткөн таасирдүү адам болгон эмес. Датканын ошол кездеги ээлеген орду жөнүндө орус саякатчылары Б.Л.Тагеев, «Бухара эмири Музаффар, Кашкар ханы Якуббек, Кокон ханы Кудаяр, Курманжан даткага ызаат-урмат менен мамиле жасашкан. Ал тургай, жыл сайын өзүнүн көптөгөн элчилерин белек-бечкектери менен жөнөтүп турушкан [210, 147-б.].

Курманжан датка 1873–1876-жж. элдик кыймылда алгач адилетсиз хан бийлигине каршы күрөшүп, көтөрүлүштүн айтылуу жетекчилери: Шер датка, Мамыр Мерген уулу, Абдымомун, Оморбек датка, Орозаалы, Молдо Ашыр сыяктуулар менен алака түзгөн. Тун уулу Абдылдабек кыймылдын жалпы жетекчиси, ичкилик кыргыздарынан Исхак молдо Асан уулу Полот хандын жан жөкөрү болуп, Орусия баскынчылыгына каршы акыркы күндөргө чейин күрөшкөн. Көсөм жана даанышман Курманжан датка эл башына түшкөн кыйын кезеңде азаттыкты туу тутуп, чыгаан баатырлардын башын коштуруп, жалпы чечимдердин негизинде гана иш жүргүзүү элдин келечегин камсыз кылаарын жакшы түшүнгөн.

1875–1876-жж. антиколониялык маанидеги зор кыймыл Кокон хандыгынын жоюлушу менен аяктаган.

Курманжан датканын өмүрү жана ишмердиги, коомго болгон мамилеси, саясаттагы көз карашы, даанышмандыгы жана нукура, көөнөрбөс асыл сапаттары олуя акын *Нурмолдо Наркул уулунун (1838–1920)* «Даткайым» аттуу жоктоо ырында классикалык кошок катары сакталып калган. Нурмолдо кыргыз элинин жазгыч жана төкмө акыны, ойчулу, агартуучусу катары белгилүү.

Олуя акын Нурмолдонун «Даткайым» аттуу жоктоо ырынан:

*«Кулады тоодон ак кайың,*
*Кусадар калды сан айыл.*
*Кайрат болуп жүрбөстөн,*
*Кайгыртып кеттиң Даткайым.*
*Шуудурабай ак кайың,*
*Шу бойдон калды ак чайың.*
*Шүйшүттүң далай калкыңы,*
*Шумкар болуп Даткайым.*
*Орус, чүрчүт, башка айыл,*
*Оозанган сөзүн ар дайым.*
*Ооруксанттың бүт элди,*
*Олуябыз Даткайым.*
*Оронгон асыл пашпайың,*
*Окшобойт сизге башка айым.*
*Оён болгон акылы,*
*Ордонун гүлү Даткайым.*
*Бап келбейт сизге Даттайым,*
*Башкача майес каттайым.*
*Баарисинин сараси,*
*Хансарайдын Даткайым.*
*Анжыянда каттайым,*
*Ак сарайда Таттиайым.*
*Асты бири чендебес,*
*Алымбектин Даткайым.*
*Орошон дешен Шаттиайым,*
*Обуз бойлор маттиайым.*
*Ошолордон артыкча*
*Он ордонун Даткайым.*
*Кокондогу катта айым,*
*Көксарайдын Аттиайым.*

*Кейп-cooмaты өзгөчө,*
*Курманжан деген Даткайым.*
*Сактаган чекти ар дайым,*
*Саадат огул дардайыл,*
*Бек төрөгөн балдарын,*
*Бек анасы Даткайым.*
*Багып тууган баары айыл,*
*Бактылуудай сурайыл.*
*Хан төрөгөн балдарын,*
*Хан энеси Даткайым,*
*Көңкү дүйнөң шай болсун,*
*Кекиргениң май болсун.*
*Күмүш ковсар оозу,*
*Гүлдатка сизге жай болсун.*
*А дүйнөңүз шай болсун,*
*Ашаганыңыз май болсун.*
*Алтын кевсар оозу,*
*Айдатка сизге жай болсун» [28, 182-183-бб.]*

Курманжан датканын тарыхый инсандык бейнеси анын чебересинин, келинин да кошокторунан таасын көрүнүп турат. Төмөндө Курманжандын чебересинин кошогунан:

*«Чыгыштын болгон ардагы,*
*Чыккандай чолпон таңдагы.*
*Тегин сурап энемин,*
*Таңданган аалам кандары.*
*Батыштын болгон ардагы,*
*Балбылдап чолпон таңдагы.*
*Байманалуу анагам,*
*Баалаган бар жак кандары.*
*Теңирим сүйгөн балдары,*
*Түптүү элдин ардагы.*
*Түп атасын сураган,*
*Таңданып түндүк кандары.*
*Түштүктүн сүйүп кандары,*
*Түбөлүк билип памлади.*
*Таламдарын талашкан,*
*Тан берип бар жак кандары.*
*Анагам айла тапкычым,*

*Абийрин элдин жапкычым.*
*Анча калкты кырдырбай,*
*Аңданып берген оруска,*
*Анжияндын ачкычын.*
*Ойлогон элдин бактысын,*
*Ооматтын түзгөн сакчысын.*
*Орошон элин кырдырбай,*
*Чачына дайым байлаган,*
*Оштун берген ачкычын» [28, 183-184-бб.]*

Бул жерде Курманжан датканын ошол кездеги геосаясаттык кырдаалда кыргыз элинин тагдырына күйгөн чечими чагылып турат.

Курманжан датканын келининин кошогунан:

*«Барар эдең көч баштап,*
*Башкаруудан сөз баштап.*
*Бек, бийлердин ичинде,*
*Байманалуу топ баштап.*
*Кашкар менен Үрүмчү,*
*Куралдарын сөзгө аштап.*
*Кокон, Анжы, Үргөнчтүн,*
*Датка энем, Кылычынан эп баштап»...*
*Артынып барган жеринде,*
*Акполот сандык кондурган.*
*Акполот сандык үстүнө,*
*Ак дарай көрпө каптаган.*
*Акылман балдар болсун деп,*
*Датка энем, Ак шумкар кылып таптаган.*
*Көздөгөн душман билинсе,*
*Көк полот сандык ичинде,*
*Көкбараң мылтык алдырган.*
*Көкжал жигит шерлерге,*
*Көкө сырын кандырган.*
*Көмүскө келген тыңчыны,*
*Датка энем,*
*Көгөнгө байлап талдырган... [28, 184-185-бб.]*

Жогорку саптарда Курманжан датканын алысты көрө билген кеменгерлиги, азаттыкты барктаган мекенчилдиги,

татаал маселелерди чече алган даанышмандыгы чагылып турат.

Дагы бир тарыхый инсан **Шабдан баатыр** тууралуу 1885-жылы орус окумуштуусу Н.А.Аристов Шабдандын өз оозунан анын өмүр баянын жазып алып, кийинчерээк бул өмүр баян илимпоздун илимий чыгармасына киргизилген [62, 552-б.]. Уулу Кемелдин жазганы боюнча Шабдан 13 жашка келгенде алгачкы жолу Түлөөгабыл баатыр баш болгон кыргыз жигиттеринин өтө кооптуу жортуулуна катышат. Андан көп өтпөй ал өзүнчө жигит курап жортуулга чыга баштайт [10].

*«Маргалаңга барганы,*
*Багында сарттын сардары.*
*Айтып келди сөз кылып,*
*Бирге жүргөн чалдары» [28, 239-б.]*

- деген саптарда 1860-жылдын жаз айларында Пишпек сепилинин ошол кездеги беги Атабек датка Шабдан баатыр менен ынак болуп, казак Тойчубек бийдин кичүү уулу Байсеит экөөнү Кокон ханына жөнөткөндүгү чагылып турат. Маллахан аларды зор кызыгуу менен кабыл алып, сабына алтын жалатылган кылыч, мылтык ж.б. куралдарды тартуулаган, ошондой эле жибек чапан жапкан [62, 476-б.]. Анткени Кокон ханы алдыда боло турган орус аскерлери менен жаңы кагылышууларда Шабдан баатыр менен Байсеит аркылуу кыргыз, казактарга таянууну көздөгөн. Буга ошол жылы күзүндө болуп өткөн Узун–Агач, Кастек салгылашуулары күбө.

1860–жылдын 19-21 - октябрда Узун – Агач – Кастек аралыгындагы орус аскерлери менен кокондук кошуундардын ортосундагы кагылышуулардын учурунда ал атасы Жантай менен бирге Канат Шаа жана Алымбек датка башкарган Кокондук кошуундар тарабында турган. Атасы Жантайга кошулган кошокто:

*«Карабек уулу кан Жантай,*
*Улуктар менен жанашкан.*
*Журт талабын талашкан,*
*Айыгышып келген душманды.*
*Заманасын кууруган,*
*Элин доодон сууруган» [28, 216-б.].*

- деп сүрөттөлөт. Кастектеги кармаштардын жүрүшүндө Шабдан, Суранчы, Байсеит баатырлар, Султан Садык башында турган кыргыз, казактардан куралган тандалма 500 жигит Г.А.Колпаковскийдин аскерине байкатпай айланып өтүп, Верныйга чейин кирип барышкан. Бул аракет орус аскерлерин алагды кылып, Кокондук кошуундардын оор жоготууларсыз майдан талаасынан кайтып кетиши үчүн мүмкүнчүлүк түзүү максатында жасалганы кийин белгилүү болгон [132, 132-133-бб.]. Ы.Шайбеков жазып алган кошокто:

*«Анжиян менен Наманган,*
*Багындырып алган чын.*
*Анын төмөн жагында,*
*Үлкөн шахар чоң Ташкен.*
*Казак, кыргыз оңу, сол,*
*Баары болгон сизге жем.*
*Бирге жүргөн адамга,*
*Бөлүп бердиң жемиңден.*
*Баяке ажы, Манапбай,*
*Үлкөн болгон демиңден...» [28, 236-б.]*

-деген кошоктор айтып тургандай 1862-жылы Шабдан Баатыр Ташкент шаарын коргоого активдүү катышып, өз эрдигин көрсөткөн [62, 512-513-бб.; 202, 269-б.].

Академик В.В.Бартольд жазгандай, Аркалык кыргыздардын Кокондон кол үзүшүп, орустар тарабына оошуна 1862-жылкы окуялар чечүүчү роль ойногон [75, 244-б.]. Ошол жылы жазга маал «оруска карабагыла» деп, Шабданды ызаат менен Кудаяр хан элине узаткан. 1862-ж. Баяке деген жолдошу менен Шабдан кайта келе жатканда Пишпектин улугу Рахматулла: «Сенин атаң Жантайдын орус менен сөзү бар», - деп орго салып койгондо бир нече күндөн соң качып чыккан» [230, 51-б.].

Рахматулланын туткунунан кутулган соң, Шабдан баатыр атасынын жолун жолдоп, биротоло Россия тарапка оогон. 60-жылдардын орто ченинен тартып Шабдан баатыр ачык эле Жети–Суудагы орус бийлиги менен ынтымак түзүүгө киришет.

*«Касен менен Осмону,*
*Алар сизди тосупту,*
*Байкап айтса акындар,*
*Баары жогун козгоду» [6]*

- деген саптарда 1868-ж. жайында Тайлак уулу Осмон Кочкордо, Нарында жашаган кыргыздарды орустарга каршы уюштуруп, Г.С.Загряжскийди жолдоштору менен бирге камап коюшкандыгы жөнүндө айтылууда. Анткени, Токмок уездинин начальниги майор Г.С.Загряжский Нарын, Кетмен-Төбө өрөөндөрүндө болуштуктарды уюштуруу учурунда эсепке кирбей калган кыргыздардын санын тактоо жана административдик-аймактык бөлүштүрүүнү аягына чыгаруу үчүн Тогуз-Торого келген эле [265, 57-б.].

Бул кезде Үмөтаалы Ормон уулу менен Осмон Тайлак уулу жетектеген нарындык кыргыздардын көз каранды эместик үчүн кыймылы басылып, Ички Теңир Тоону Россияга каратуу толук аяктаган [265, 57-б.]. Курал жабдыгы арбын болгон орус аскерлерине, бул жасалган мамиле келечекте кыргыз элине катуу кыргын болоорун Шабдан алдын ала түшүнүп, Ормондун уулу Осмондун чырын токтотуп, Г.С.Загряжскийди жолдоштору менен бошоттурган [277, 177-б.]. Майор Загряжскийди Тогуз-Тородогу кагылышуудан аман алып калгандыгы үчүн Шабдан Баатырга орус өкмөтүнүн алгачкы сыйлыктары ыйгарылган. Кошок ырында төмөндөгүчө айтылат:

*«Падышанын жоктур арманы,*
*Алматы менен Ташкенде,*
*Жандыралы генерал,*
*Чениңиздин үлкөнү,*
*Ошолорго барабар...» [32, 122-б.].*

1870-жылдардын орто ченинде орус бийлиги Шабдан баатырды жигиттери менен бирге Жети-Суулук казак-орус аскерлеринин курамында кызматка тартат. 1875-ж. күзүндө ал өз жигиттери менен «Түркстан генерал-губернатору К.П.Кауфмандын буйругу боюнча Кокон хандыгын каратуу учурунда Нарындан Кокондун чегине жөнөтүлгөн есаул барон Штакельбергдин отрядын коштоп чыгып Кокондогу

окуяларга катышкан». Ферганага 1875-жылы алгачкы келишинде ал Полот хандын көтөрүлүшүнүн акыркы этабындагы Сузак, Анжиян, Наманган, Ботокара, Спаскендеги (Избаскен) окуяларга күбө болгон [202, 273-б.].

*«Казак кыргыз тыягы,*
*Анжыян, Кокон, Наманган.*
*Быягы орчун чоң Ташкен,*
*Каратып берип аларды,*
*Падышадан алдың чен [32, 118-б.]*
-деген кошок саптары бул окуяны ырастап турат.

Кийин 1876-жылы жай мезгилинде Абдылдабек жол башчылык кылган Алайлык кыргыздардын кыймылын басуу үчүн уюштурулган генерал М.Д.Скобелевдин экспедициясына Шабдан баатыр 40 жигит менен келгендиги кошок ырында:

*«Анжианды караткан.*
*Андан ары Алайга.*
*Маргалаң менен Кожентке,*
*Наманган менен Коконго,*
*Акыры барган шоолорго.*
*Ушундай кылган кызматы,*
*Ошол шаарды каратты ...» [197, 83-б.].*

Шабдан Баатырдын кеңеши боюнча 21-июлда генерал М.Д.Скобелев Алай өрөөнүндөгү айылдарды тынчытуу үчүн күрөштү токтоткондорго кечирим берилээрин билдирген. Шабдан баатырдын өтө кылдат, эптүүлүк менен жүргүзгөн элчилик аракеттеринин аркасында 26-июлда ага Абдылдабектин бир тууган иниси Асанбек келип, эки тараптуу сүйлөшүүлөр башталат. 27-июлда Абдылдабектен М.Д.Скобелевге келген каттагы сунуш: *«Эгер Сиз тынчтыкты каалап, убадаңызды аткарсаңыз, анда бул ишти Шабдан баатырга тапшырыңыз, биз ошого макулдугубузду беребиз. Шабдан кандай ойлосо ошондой чечилсин. Чынында ал өз ишиңиз. Анан дагы бир нерсе. Эгер Шабданды Ош уездинде калтырсаңыз, анда ал бул жерде тынчтыкты орнотор эле деп ойлойбуз»* [132, 340-б.].

Бирок, эки тараптуу сүйлөшүүлөр ийгиликсиз аяктап, Абдылдабек жол башчылык кылган алайлык кыргыздар багынуудан баш тартышкан.

*«Атретке [отряд] баш болуп,*
*Айдап жүрүп караттың.*
*Анжиян менен Алайды,*
*Атайы каран таштадың.*
*Адигине, Тагайды,*
*Ардактаган тулпарды.*
*Адырга чапса тер чыкпас,*
*Адигине, Тагайдан.*
*Ак калпактуу кыргыздан,*
*Артылып сендей эр чыкпас...» [28, 232-б.].*

Шабдан баатыр Курманжан датка менен жолугуп, аны эски конуш журтуна Гүлчөгө көчүрүп келүүдө да зор роль ойногон экен. Бул окуя кошокто:

*«Катын да болсо Курманжан,*
*Бактылуу болду адамдан.*
*Даткалыктан түшүрбөй,*
*Ызаат кылган эр Шабдан» [28, 84-б.]*
– деп сүрөттөлөт.

Шабдан баатыр 1878-1879 жана 1880-жылдары өз жигиттери менен Ат-Башыга коюлган орус отрядынын курамында Кытай менен Ат-Башы, Ак-Сай өрөөндөрү аркылуу өткөн чек араны тактоодо да активдүү роль ойногон. Жакыпбектин мамлекети кыйраганга чейин Аксай өрөөнү ага карап, атүгүл айрым жылдары Ат-Башы өрөөнүнө да көз артып, аны каратып алууга умтулуп турган. Бул маселе Чыгыш Түркстан 1878-жылы кайрадан Цинь империясынын карамагына өткөндөн кийин ого бетер курчуп кеткен.

Шабдан баатыр орус отор саясатынын улам күчөп бара жаткандыгынын күбөсү болгон. XX кылымдын башында отор саясатынын кай бир багыттарына нааразылык билдире баштаган. Буга Жети-Суунун мусулман калкынын атынан түзүлүп, 1905-жылы Орусия империясынын Министрлер Ка-

бинетинин төрагасы П.А.Столыпинге жөнөтүлгөн 11 пункттан турган жолдомо-кайрылуу да (петиция) мисал болот.

Петицияда Жети-Суу облусундагы мусулман калкын башкарууда бийликтин укуктук турмуштагы мүчүлүштүктөрү айгинеленген. Анда дин башкармалыгын (муфтий) ачуу, муфтийликке вакуфтук жерлердин берилишине, кыргыз, татар ж.б. чыгыш тилдеринде гезит-журналдарды, китептерди чыгарууга жана аларды эркин сатууга уруксат берилишине, жер маселесинде орус чарбаларынын конуш оодарышы токтотулсун деген талаптар коюлган [176].

Петициянын «Жер жөнүндө» деп аталган бөлүгү Шабдандын койгон талаптарынын эң негизги өзөгүн түзөт [176].

*«Карагай, чөбү калың деп,*
*Жер алганың Келинден.*
*Олуя-Ата, Таласты,*
*Ойрон кылдың Алашты» [32, 120-б.]*

- деген кошок саптарында айтылгандай, чындыгында ал жер бөлүп берүүнү өтүнүп, 1898-жылдан баштап өтүнүчү көпкө чейин четке кагылып, 1910-жылы 24-октябрда гана канааттандырылган. Ал бөлүнгөн жерди пайдаланууга үлгүрбөй 1912-жылы 6-апрелде дүйнөдөн кайткан. Өлөөрү менен бөлүнгөн жер кайра алынып коюлган.

Мындай мыйзамсыз көрүнүштөрдү өз убагында жөнгө салууга аракет кылган Шабданга окшогон айрым адамдардын пикирлери эске алынбаган. Натыйжада кырдаал курчуп олтуруп, 1916-жылдагы кандуу кагылышка алып келди.

Шабдан өзү ашкере динчилдиги менен айырмаланган [43, 529-б.].

*Алыстан молдо алдырып,*
*Окутуп жатат балдарды,*
*Шариятка кандырып*

– деген саптар динчилдигин ырастап турат.

Мисалы, С.М.Абрамзон Шабдан баатырдын кайрымдуулук иштерди өзүнүн элинин эсебинен көп жасаганын белгилеген.

*Мекке барып жеткенде,*
*Зыяратта баскан жөө.*

*Баккан факыр гарыпты,*
*Көргөн Меке шарифди.*
*Анын ары жагында [28, 241-б.].*

1904-жылы декабрда Мекеге ажыга барып, ал жактан 1905-жылы майда кайтып келген. Солтобай ырчынын (1834 – 1917) Шабданды «кордоо» жана «мактоо» ырлары да тарыхый мааниге ээ [2].

*Элет журттун баашасы,*
*Эр Шабдан көчтү жалгандан!*
*Барбай адам калабы,*
*Түгөл кыргыз атасы,*
*Кан жыгылды кыргыздан!*
*Караңгынын жарыгы,*
*Шам жыгылды кыргыздан! [28, 231-б.].*

1912-жылы 6-апрелде Шабдан баатыр дүйнөдөн кайткан [243]. Шабдандын сөөгүн көмүүгө Пишпек, Пржевальск жана Верный уезддеринен 7 миңдей адам келген, булардын арасында ал жерде жашаган бардык улуттардын өкүлдөрү болгон [43, 532-б.]. Бул окуя кошокто төмөндөгүчө чагылдырылат:

*Жедигер менен Мундуздан,*
*Жетимиш уруу кыргыздан.*
*Кутчу менен Саруудан,*
*Курама журттун баарынан,*
*Саяк менен Бугудан,*
*Зар ыйлады үч дубан [32, 118-б.].*

Шабдан өлгөндөгү кырдаалды сүрөттөгөн Осмоналы Сыдык уулунун тарыхый ырынан:

*«Баатыр ажы эр Шабдан,*
*Өтүп кетти, дарыйга!*
*Чыгыптыр Кызыр жолунан.*
*Куткардың нечен адамды,*
*Кутулбас азап торунан.*

*Жетимиш үч соттууну*
*Бошоттуң салган кишенден,*
*Суранып улук акимден*
*Сөзүн аким сыйлаган,*
*Күбүрнадыр, жандырал,*
*Ызат кылды ошолор.*
*Күбүрнадыр, жандырал,*
*«Шабдан баатыр, Шабдан» деп,*
*Колдон алып жүрдүлөр.*
*...Казак менен кыргызды*
*Жалгыз өзүң билипсиң.*
*Тириликте болгонун,*
*Айта берсем – түгөнбөс,*
*Тириликте кылганын.*
*Бу тарыхта жазылды,*
*Анык гана болгону. ...*
*Осмонаалы мен өзүм,*
*Дагы калды көп сөзүм...!*
*[28, 53-57-бб.]*

**Шабдан баатырга карата кошоктордон:**

*«...Түгөл кыргыз атасы,*
*Кан жыгылды кыргыздан!*
*Караңгынын жарыгы,*
*Шам жыгылды кыргыздан!*
*Сарбагыш, бугу элиңди!*
*Азирет кудай жар болуп...*
*Он бешинде аттанган,*
*Ок атканда жазганган.*
*Оң жолго кылган иштери,*
*Оң жолуна башталган.*
*Кыргактуу найза колунда,*
*Кырк жигити оңунда.*
*Кыйыр болгон душманы,*
*Кылчайбаган соңунда.*
*Уккан адам таң калган,*
*Баатыр атам чоңуна.*
*Казак, кыргыз, оң мен сол,*
*Кирип турган колуна.*

*Кайрат кылган душманды,*
*Кыргын кылган жолуна.*
*Баатыр атам мархумай,*
*Кылчайбаган жолуна.*
*Казак, кыргыз, сарбагыш,*
*Баарысына сиз калыс.*
*Кытай менен кыргыздан,*
*Кырымга кетти сиздин даңк.*
*Кытай, орус тушунда,*
*Чыгалбас сиздей чебер жан.*
*Орустан орноп ар жагы,*
*Кабарын уккан алыстан.*
*Өтүп кетти бир туйгун,*
*Чыгар бекен кыргыздан.*
*Кыргыз менен казактан,*
*Кутулткан далай азаптан.*
*Болор бекен сиз өңдүү,*
*Казак, кыргыз тараптан [28, 193-206-бб.].*

Бул ырларда Шабдан баатырга тийешелүү мекенчилдик, азаттык, мамлекеттүүлүк, гумандуулук асыл сапаттардын бардыгын чагылдырып турат.

## 3.2. Исхак Асан уулу Полот хан, Мамыр Мерген уулу, Абдылдабек, Молдо Ашырдын ишмердиги тарыхта жана элдик оозеки чыгармачылыкта

XIX кылымдын экинчи жарымында Кыргызстанда, өзгөчө Түштүк аймактарында тарыхый олуттуу окуялар болгону белгилүү. Кыргызстандын Россияга каратылыш процесси ал мезгилдеги окуялардын чордону болучу. Кокон хандыгынын күнү түгөнүп бара жаткан. Аны менен кошо түштүк кыргыз урууларынын мамлекеттүүлүгү жоголуу коркунучуна кабылып, кыргыз элинин азаттык күрөштөрү ошол кездеги коомдук-тарыхый турмуштун негизи максатына айланган. Тарыхтын логикасы мындай кырдаалда эркиндик үчүн күрөшкөн кайсы бир чыгаан инсанды жаратат

эмеспи. Так ошол тарыхый инсан *Исхак Асан уулу Полот хан (1844-1876)* болчу.

Окумуштуу Т.Кененсариев Исхак Асан уулу Полот хандын негизги изилдөөчүлөрүнүн бири. Ал өзүнүн акыркы эмгектеринин биринде бул инсанды *«кыргыз элинин баатыры, тарыхый улуу инсан жана мамлекеттик ишмер»* деп атап, азаттыктын ири күрөшкери катары баалаган [138, 66-б.].

Эл-жердин боштондугу үчүн күрөштү чагылдырып берүүдө тарыхый ырлар өтө жогору деңгээлге жеткен. Бул ырлардын мазмунунда Кокон хандыгынын кысымына, андан кийин Орусия падышасынын басып алуучулук саясатына каршы элдин башын бириктирип көтөрүлүшкө чыккан эр - азаматтардын күрөштөрү даңкталган.

1873-жылы жаз алды менен башталган алгач Кокон ханы Кудаярдын аксым саясатына каршы, кийин Россиянын оторчул басып алуусуна каршы күрөшкө чыккан ферганалыктардын 1873-76-жылдардагы элдик кыймылынын жетекчилигинин өзөгү Исхак Асан уулу Полот хан болгондугу тарыхый изилдөөлөрдөн кенен маалым. Ошол кезде 29 жашка чыккан Исхак Асан уулунун «Полот-хан» деген ат менен Аксынын Сафед-Булан кыштагында миңдеген кутлуксейит, найман, саруу, кытай урууларынын катышуусу менен ак кийизге салынып хан көтөрүлүшү улуу кыймылдын башталышы болгон [188, 78, 282-бб.; 139, 12-б.].

Көтөрүлүштүн Аксы очогу менен байланышкан окуялары элдин эсинде бүгүнкү мезгилге чейин сакталып калган. Эл арасынан материал жыйнап жүргөн учурубузда бул көрүнүштүн күбөсү болдук. Чаткал өрөөнүндө «Кызыл Токой» деп аталган айылда көтөрүлүшкө байланыштуу элдик кошокто:

*«Кызыл жаян кан агып,*
*Кыргын согуш, болгон дешет.*
*Кызыл Токой ошондон-*
*Аталып калган дешет...»*

- деп айтылат экен элдик арман, кошок ырларында [323, 324].

1874-жылдын 1-августуна чейин Сафид-Булан, Чартак, Жаңы-Коргон чептери алынып, Касан шаарынын коменданты Төрө-Коргонго качып кетип, шаар согушсуз ээленген.

Шаардыктар көтөрүлүшкө кошулуп, Полот хандын кошууну Төрө - Коргон чебин талкалап, Наманганды камаган [139, 14-б.]. Төрө-Коргондун беги Саранчы бий 500 сарбазы менен көтөрүлүшкө кошулуп, кийин анын активдүү жетекчисине айланган. Мындай көрүнүш Чаткал районунун Курулуш айылынын тургуну Малика Тажиматованын айтуусунда төмөндөгүдөй сүрөттөлөт:

*«Кудаяр хандын тушунда,*
*Калкы менен кас болуп.*
*Катуу согуш болгон дешет мурункулар,*
*Ал согушта, ар бир дарак бутагына.*
*Илинген баатырлар да,*
*Жай казылып көмүлбөстөн,*
*Дагы деле ач кыйкырык,*
*Онтогон үндөр угулат, эч бир өзгөрбөстөн» [330].*

Аксы көтөрүлүшүнөн чочулаган Кудаяр хан, аларга каршы Абдырахман аптабачы, Иса Олуя, Науман паңсат баштаган 7000 сыпайдан жана 1000 сарбаздан туруп, жакшы куралданган жазалоочу отряд жиберген. Көтөрүлүшчүлөр беттешүүдө жеңилип, мерт болгондор арбын болуп, алардын ичинде жетекчилердин бири Мусулманкул көз жумган. Момун Чаткалга, ал эми Исхак бир аз жигиттери менен Ала-Буканын Чанач капчыгайына чегинген. Саранчы бий баштаган топ хандын жазалоочу аскерин Кызыл-Токой капчыгайында кармап турууга аракеттенген, бирок, талкаланып калган.

Аптабачынын жазалоочу аскери караламан эл, коргоосуз калган айылдарды катуу бүлүндүргөн. Айыл-кыштактар аёосуз өрттөлүп, Ала-Бука өрөөнүндө эле даргага асылгандардын саны 1000ден ашты деп булактар билдирет. Айрыкча, Ала-Бука, Өрүктү, Касан-Сай өрөөнүндө жашаган тургундар Жолдош паңсаттын жазалоочуларынын куралынын мизине тушуккан [259]. Бул окуя элдик арман, жоктоолордо мындайча айтылат:

*«Кырчылдашып кармашып,*
*Кыйкырышып дем берип*

*Кайраттанып бири-бирин,*
*Кайра тур,- деп ар кимисин.*
*Качыратып таш чайнап,*
*Кыжырданып кыл чайнап,*
*Толгон күчүн жыйнашып.*
*Чымырканып чыдашып,*
*Жыгылып кетпес үчүн, адам эй!*
*Тизе бүгүп калбас үчүн, оо жан ээй!*
*Колун сермеп, урунганды туткакташып.*
*Тал-дарактын бутактарын бургакташып,*
*Тике турган экен ар бир жоокер.*
*Калдайган кара топ болуп,*
*Кара тоого тең болуп.*
*Турган экен бирге болуп ар бир жоокер,*
*Адамдан да, талдан да жылжып кандар агып.*
*Баардыгы кошулуп чоң суу менен бирге агып,*
*Аттиңай, кең дүйнө турган экен тарып-тарып...»*
*[330].*

Жазалоочулар бет келген адамдарды өлтүрүп, аялдарды, балдарды жана карыларды да аяшкан эмес. А түгүл «дарга орун жок болгондуктан дарактын бутактарына да» асылышкандыгы илимий изилдөөлөрдө берилген [259]. «Кызыл-Токой баяны» аттуу элдик кошокто:

*«Сүйөнгөн талын аяп.*
*Сынбаса экен, чыдаса экен,*
*Сурданып, душманына тике карап.*
*Суу болуп, алсыз болуп,*
*Сууга тамган аккан канды карап.*
*Найза учуна, жаа огуна көкүрөгүн тосуп турду» [330].*
- деген кейиштүү саптар да бул окуяны ырастайт.

Фергана чөлкөмүндө элдик кыймылдар бир эле мезгилде keминде төрт жерде башталган. Алар: Аксы, Эки-Суу арасы, Алай жана Түштүк-Батыш очоктору. Түштүк кыргыз уруу башчылары 1873-жылдын ноябрында Кожент уездинин башчысы барон Нольдеге көтөрүлүштүн чыгыш себебин билдирген кат беришкен [139, 9-б.]. Ал каттагы маалымат-

тарына караганда, көтөрүлүшкө 42 уруу же 132500 түтүн кыргыз, кыпчактар катышкан. Эгер ар бир түтүндү карыкартаң, жаш балдарды кошкондо орточо 4 - 5 кишиден турат деп эсептесек, анда көтөрүлүшкө тиешеси бар калктын саны 530 - 650 миң адамды түзмөк [214, 312-б.; 258]. Албетте, ал кезде Фергана өрөөнүндө мынча кыргыз жашаган эмес, чамасы тизмеге кыпчактар, көчмөн өзбектер, түрктөр жана каракалпактар да кошулган болсо керек. Ошентсе да аталган сан көтөрүлүштүн масштабын айкын белгилеп турат. К.Үсөнбаевдин изилдөөлөрүндө аталган 42 уруунун кай бирлеринин аттары берилет: Мисалы, басыз, мундуз, найман, кесек, тейит, кыдырша, бостон, каратейит, кутлук-сейит, кызыл-аяк, жору, бөрү, тооке, монгуш, кыпчак, кыргыз-кыпчак, кытай, абагат, каман, тамга, саяк, катаган нойгут, кушчу, карабагыш жана башкалар [252, 72-б.].

1874-жылы июль айында Чаткал тоо этектеринде кыймыл кайрадан башталган. Исхак эми Полот хан деген ат менен көтөрүлүштө чыныгы жетекчиликти колго алган да, кабары Аксы чөлкөмүнө гана эмес, Фергананын башка тоо этектерине, шаарларга, ал турсун Ташкенттеги орус бийликтерине да дайын болгон.

Апкаарып калган Кудаяр хан көтөрүлүштү басууга чамасы келбегендиктен 1868-жылдагы кокон-орус вассалдык келишимге ылайык Ташкентте турган отор бийликтерин «жардам бергиле» деп улам суранып жатып, жардам келбегендиктен, 1875-жылдын июль айында Кожент аркылуу Түркстан крайынын чектерине карай качып кеткен.

Натыйжада, элдик кыймыл улам алоолонуп олтуруп, бул кырдаалда Түркстан генерал-губернатору, «жарым-падыша» К.П. фон-Кауфманды элеттиктердин бул күрөшүн тыптыйпыл басып гана койбостон, Кокон хандыгын биротоло империяга каратуу чечимине келген да, чоң аскер менен 1875-жылдын август айында хандыктын Кожент тарабынан басып кирген.

Падышалык бийлик Полот хандын өсүп бара жаткан таасиринен чочулап, ага каршы 1875-жылы эле үч согуштук экспедиция уюштурган. 1875-жылдын август-сентябрь айларындагы I аскердик жүрүшкө генерал-губернатор К.П.Кауфман өзү жетекчилик кылса, октябрь-ноябрдагы II

жүрүштү генерал В.Н.Троцкий, ал эми 1875-жылдын декабрынан 1876-жылдын жай мезгилине чейинки III согуштук жүрүштү генерал М.Д.Скобелев жетектеген [175, 76-б.].

Молдо Исхак кышында Алайда, из жашырып жүргөн жеринен, 1876-жылдын 18-февралдан 19-февралга караган түнү, Скобелев жиберген адамдар тарабынан туткунга алынган. Ал акыркы күчү калганча кармашып жатып колго түшкөн. Архивдик материалдарынын сурак кагаздарында Молдо Исхак Орусия басып алган аймактарда элдин боштондук үчүн күрөшкө тартылышынын жана колдоого алынышынын башкы себеби катары, падышачылыктын жер маселесин туура чече албаганы болду деп түшүндүргөн. Молдо Исхак эркиндик үчүн күрөштө өзүн кандай кайраттуу алып жүрсө, өлүм алдында өзүнүн тайманбастыгын, эр жүрөктүүлүгүн көрсөтө алган [170].

1876-жылы 1-мартта Маргалаң шаарында ордонун бет маңдайындагы аянтта Молдо Исхак дарга асылган. Исхак ошол кезде болгону 32 жашка келген болчу. Анын өлүм алдындагы кайраттуулугу элди дагы бир жолу таң калтырып, кыска жана даңазалуу өмүрү, өз элин эркиндикке ээрчиткен эрендин жаркын элеси элинин эсинде түбөлүк сакталып калды [175, 79-80-бб.] жана «*азаттыктын*» идеясын түбөлүк таштап кетти [132, 320-б.].

Көтөрүлүштүн 1873-жылдын жазында башталган дагы бир орчундуу очогу – Эки-Суу арасында мундуз уруусунан чыккан 35 жаштагы Мамыр Мерген уулунун жетекчилиги астындагы кушчу, мундуз, багыш, басыз, карабагыш уруулары катышкан кыймыл болчу. Көтөрүлүш Жалал-Абад, Сузак, Ханабад кыштактарын каптаган. Ал бир топ өз деңгээлинде кубаттуу жана ордо бийлигине зор коркунуч келтирген [265, 88-б.]. Тарыхчы Б.Жумабаев да «Мамыр баатырдын 1873-76-жж. Түштүк кыргыз көтөрүлүшүндөгү ролу аябай зор болгондугун» белгилеп кетет [110, 82-б.].

Бирок, Кудаярхандын Мамырга каршы жиберген чоң армиясынын күчү менен көтөрүлүш 1873-жылы күзгө маал талкаланып, көтөрүлүшчүлөр Тогуз-Торо, Кетмен-Төбө өрөөндөрүнө качып кетишкен. Хандын качкындарды кайтарып берүү жөнүндөгү өтүнүчү Токмок уездинин башчысы тарабынан аткарылып, козголоңчулардын бир бөлүгү

Анжыян вилаетине кайтарылган. Бирок Мамыр баштаган жүздөй жигит 1873-жылдын 1874-жылга караган кышында кийинки жылкы күрөшкө даярдануу үчүн Алай тараптагы адигинелерге өтүп кеткен. Кай бир маалыматтарда Мамыр андан ары Кашкарга барып, кыргыздарды Кудаярга каршы үндөгөнү айтылат [265, 90-б.]. Бирок анын аракеттери ийгиликке жетпеген соң кайрадан Кара-Кулжага кайтып, кышында Алайдагы кыргыздарды көтөрүлүшкө чакырып, эрте жазда Тогуз-Торого өткөн. 1874-жылы жазында орус бийликтеринен колдоо издеп, аларга букара болууга макулдугун билгизип, кат жазып да көргөн [121, 220-б.]. Бирок анын 1868-жылкы орус-кокон келишими жөнүндө кабары жок эле. Албетте, орус бийлигинен кабар келген жок. Үмүтүн үзгөн Мамыр Фергана чөлкөмүнө кайткан [140, 195-б.].

Мамыр 1874-жылдын майына карата олуттуу күч топтой алган. Кара-Кулжа чөлкөмүндө 5-6 миң кишиден турган көтөрүлүшчүлөр анын жетекчилиги астында жаңы күч менен күрөшкө чыгып, Коргон-Бардан сепилин алышкан жана Анжыян шаарына чабуул коюшкан. Бирок, жеңилип калышты. Мамыр Мерген уулу Капка өрөөнүнө (Нарын чөлкөмү) качып кеткен, бирок Кудаяр хандын орус бийлигине жеке өтүнүчү менен Токмок уездинин башчысынын буйругуна ылайык Мамырды Осмон деген досунун жардамы менен алдап 1874-жылы 15-июлда колго түшүрүшкөн [132, 122-б.].

Элдик санжыраларга таянган изилдөөлөрдө Мамыр баатырдын сүрүнөн корккон Кудаяр хан: «Мамырды кармап берсең, бүт хандыгым менен сен жакка өтөм» - деп, падыша өкмөтүнүн элчилигине убада берген имиш. Кара башы бир хандыкка татыган Мамыр баатыр Токмок уездинин начальниги тарабынан 1874-жылы кармалып, бир кабарда 1876-жылы, бир кабарда Анжиян шаарында 1881-жылы асып өлтүрүлгөн делет [165].

Андан кийин Мамырды көтөрүлүштүн чордонунан алыстатуу жана орус ээликтериндеги кыргыздарды Кокон тополоңуна тартууга мүмкүнчүлүгүн жоготуу» максаты менен Лепси уездине (Казакстан) камакка алышкан [36]. Мамыр Токмокко айдалып келгенде комуз сурап, арман күү чертип, эл менен коштошкон. Ошол күү эл арасында «Мамырдын күүсү» деген ат менен азыркы учурга чейин чертилип келет

[84]. Күүнүн мазмунунда элдин башынан өткөргөн кыйын турмушу, Кокон хандыгынын алык-салыгы жана тоолук кыргыздардын кыздарын ордонун кызжатноого (гаремге) алып кеткендиги да баяндалган. Мындай окуя кылымдар бою калктын эсинен чыкпай жүргөнүнө диссертациянын автору да күбө болгон. Мисалы, 2003-жылы материал жыйноо иши жүрүп жаткан кезде Жалал-Абад областындагы Чаткал районунун Курулуш айылынын жашоочусу 82 жаштагы Тажиматова Малика эне Кокон хандыгына деп кыргыз үйлөрдү тигишип, жасалгалап, жада калса ордого сулуу кыздарды үйгө кошуп алып кетип турганын чоң энесинен укканын айтып берген [330].

1877-жылы гана энесинин сураныччына байланыштуу Мамыр Мерген уулу Анжыян уездине тымызын көзөмөлдөнүп туруу укугу менен кайтып келген [46, 33-б.]. «Абдылдабектин арман кошогу» аттуу жоктоо ырында Мамыр Мерген тууралуу:

*«...Тилла калкан кийинип,*
*Жоо дегенде сүйүнүп,*
*Эңкейиште эр сайып.*
*Экөөдү катмар тең сайып,*
*Баатыр Мамыр баш болуп.*
*Айтса көңүл каш болуп...» [110, 85-б.].*

– деген саптар менен баатырды сүрөттөгөн.

Ошондой А.Х.Хасанов дагы эле эл арасында:

*«Алтын кылыч болоттон,*
*Мамыр чыккан Колоттон»*

- деген ыр саптары да сакталып калгандыгын белгилейт [265, 89-б.]

Мамыр азаттык идеясынан өмүрүнүн акырына чейин кайткан эмес. 1877-78-жылдары ал «Жетим хандын козголоңуна» катышып, бир топ окуялардан кийин 18-сентябрда Булат Тартамышев жана Наркул Алакул деген эки жолдошу менен кармалган. Мамырдан Кокон шаарынын кадыр барктуу аксакалдарынын жана тууганадрынын атынан Мухаммад Алибек мөөр баскан газаватка катышуу макул-

дугун билдирген документтер алынган. Мамыр баатырдын өзүнүн туусу болгон. Ошол туунун бир аз белгиси сакталып калган жана мундуз уруусунун калпагында тартылган [305].

1878-жылдын 22-декабрында аскердик талаа соту кыргыз Мамыр Миргиниевди (Мамыр Мергеновдун орус тилдүү булактардагы аталышы) алгач 15 жылга рудникке каторгалык ишке айдоо өкүмүн чыгарганы менен кийин ал өлүм жазасына өзгөртүлүп, Анжиян шаарында 1879-жылдын 25-январында орус бийликтери тарабынан асылып өлтүрүлгөн [46, 35-36-бб.].

Калган козголоңчулар Сибирге сүргүнгө айдалган. Алардын арасында кыргыз жазгыч акын Молдо Калбек Муса уулу да болуп, 10 жыл бою Сибирде көргөн кордугун ырга кошуп, жазып калтырган. Молдо Калбек Муса уулунун жазганына караганда, ал Кокон хандыгы учурунда көптөгөн окуяларга күбө болуптур [185, 12-б.]. Калбек Муса уулунун ырларында:

*«Түрмөгө отургузду орус шаасы,*
*Ашык-кеми жок он жыл кайтпастан эч.*
*Сүргүнгө айдашты жалаа менен*
*Шылтоосу – Мамурга кошулду деген*
*Кайгы менен өткөрдүм тиричилик,*
*Карап көр ал жазылган көк дептерден..»,*

- деп, Сибирге сүргүнгө айдалганынын себебин жана мезгилин өзү ачык жазып калтырган [298].

Абдылдабек (1843-1876) Исхактын жан жөкөрү 1875-жылдын октябрынан январына чейин Кокон шаарынын коменданты болуп туруп, Кудаяр хандын мураскери Насирдин бектин кошуундарын, орус жазалоочуларын шаарга киргизбей коргоп турган. Инилери Баатырбек, Мамытбек жана Асанбектер орустарга каршы куралдуу көтөрүлүшкө атташышкан.

Абдылдабек Көкчө, Олжоке, Сарттар ж.б. уруктардан чоң кол курап, Гүлчөдөн 25 чакырым жогору Жаңырык тар капчыгайында кармашка камынат. 24-апрелде генерал М. Д. Скобелевдин кошууну Гүлчөдөн чыгып Терек-Даван жолу менен Абдылдабектин турагы Жаңырык капчыгайына жөнөгөн. 25-апрелде 3 саатка созулган согушта Абдылдабек-

тин 1500 жигити жоонун бир нече жолку чабуулунун мизин майтарып, катуу каршылык көрсөтүшкөн. Бирок, чегинүүгө мажбур болгон [132, 326-б.].

Генерал М.Д.Скобелев алайлык кыргыздарды Россиянын карамагына биротоло өткөрүү максаты менен 1876-жылдын июль-август айларында «Алай аскерий-илимий экспедициясын» уюштурган. Отряддын курамында Кыргызстандын түндүгүнөн атайын чакырылган Шабдан Жантаев жигиттери менен болгон.

Июль-август айларында болуп өткөн бир топ окуялардан соң, көтөрүлүш жеңилип, Абдылдабек баштаган азганакай топ Шугнан аркылуу Ооганстанга өтүп, ал жакта Меккеге бара жатканда Абдылдабек каза болгон. Анын үстүнө майор М.Е.Ионов Кашкардан кайтып, Ооганстанга өтүп бара жаткан Курманжан датканы колго түшүрүп, 29-июлда Чоң Алайдагы Арчалуу деген жердеги М.Д.Скобелевдин лагерине алып келишкен [140, 299-б.].

Бул окуя Абдылдабектин атынан берилген арман ырда:

*«Алты канат ак үйдү,*
*Алты айлана капшырдым,*
*Алты жашар уулумду,*
*Жаркынбайга тапшырдым.*
*Жети канат ак үйдү,*
*Жети айлана капшырдым.*
*Жети жашар уулумду,*
*Жаркынбайга тапшырдым*
*Жетим ашын ичирбей,*
*Жетим тонун кийгизбей.*
*Боюга бычып тон кылсын,*
*Асырап-сактап чоң кылсын» [110, 85-б.].*

Ал эми Абдылдабектин зайыбынын кошогунда:

*«Суранчы датка Алыбек,*
*Бостонкул, Бото бек.*
*Дубана датка, Тойчубек,*
*Ичкиликке баш болуп,*
*Кайтып калган эмеспи...» [28, 250-б.].*

Ата-бабасынын туулган жеринен алыста жүрүп, куса болуп, санаа тартып ооруп, өмүрүнүн акыркы ирмемдеринде өзү менен кан кечкен жолдош-жоролоруна Абдылдабектин айткан керээзи Т.Касымбековдун романында чагылдырылган [128, 648-б.]. Ошондой эле Мургабдык карыя Мыйманбай Мамытовдун айткан кошогунда:

*«Уай, Омарбек датка аке,*
*Чыгып ла кетсе жанымды.*
*Алып кет жүктөп теңимди [сөөгүмдү],*
*Арканды беш кат бүктөй көр.*
*Гүлүшө карап жүктөй көр,*
*Кызыл-Артты ашыргын.*
*Гүлүшөгө жашыргын,*
*Эгиз көтөр кабырды .*
*Ыйлабай кылгын сабырды,*
*Асанбек, Маамыт жигарым» [110, 86-б.]*
-деп керээз айткан.

Жигити Акбалбан, жатындашы Баатырбек бир айдан ашык жол жүрүп, Абдылдабектин жүрөгүн түбөлүккө жашырып, акыркы өтүнүчүн аткарышкан.

Отуз жаштан жаңы өткөн Абдылдабекке арналган казалдагы бул саптарда анын өмүрүнүн эрте кыйылгандыгы төмөндөгүчө берилет:

*«... Жан сапарың келген жок,*
*Бул каафырды берген жок.*
*Кыз чыгарып, уул үйлөп.*
*Кызматыңы көргөн жок,*
*Кыргызда сендей үлкөн жок.*
*Минген атың чарчады,*
*Миң куралдуу кошунуң.*
*Асты-астынан таркады...» [28, 544-б.].*

Мүнөзүндө бийликти, зордук-зомбулукту сүйгөн Абдылдабек хандыктын жергиликтүү таяныч-тиреги болуп кызмат кылат. Ал Газаваттын (ыйык согуштун) жактоочусу болгондугуна карабастан, көз карашындагы инсандык ич-

ки-тышкы карама-каршылыктары менен бирге эле өз элинин азаттыгынын курманы болгон.

Курманжан датканын Абдылдабекти жоктоосунда:

*«Атаң сымал арстан жүрөк жан элең,*
*А бирок да өжөрлүктө чалаң ай...*
*Айыптабайм: күрөшүң ак, ишиң ак,*
*Эл жер үчүн, ислам үчүн турдуң так...*
*Жагдай шартка, бирок, маани бербедиң,*
*Дал ошондо, сенин катаң билсең нак...» [42, 238-б.].*

Абдылдабектин ийгиликсиз болсо да кыргыз элинин кызыкчылыгы үчүн кылган иш аракети, нечен кылымдардан бери ата-бабабыз мекендеп келген касиеттүү жергебизди коргоодо сырттан келген күч-кубаттуу баскынчылар менен болгон теңдешсиз күрөшү келечек муундардын ар-намысын козгоп, аларды патриоттук духта тарбиялоодо зор салым кошмокчу.

Исхак Асан уулу Полот хандын жетекчилиги астында башталган элдик көтөрүлүштүн Баткен аймагында болгон дагы бир активдүү кол башчыларынын бири Молдо Ашыр жөнүндө сөз кылууну чечтик. Анткени, бул инсан тууралуу эл арасында азыркыга дейре кошок ыры сакталып калган. Өз мезгилинде Зардалы, Суу-Башы, Кара-Булак өрөөндөрүн мекендеген толук кыргыздардын Кокон хандыгы жана орус бийлигине каршы көтөрүлүшкө активдүү катышкан Молдо Ашырдын кызы Дилпигардын кошогунда:

*«Баш үстүнө от жаккан,*
*Ташкенттин элин топ чапкан.*
*Муз үстүнө от жаккан,*
*Бухардын элин топ чапкан» [154, 155-б.].*

1876-жылы 18-июнда ичкиликтердин нойгут уруусунун бийи Молдо (Молло) Ашырдын жетекчилигинде Зардалы айылы орус колонизаторлоруна каршы көтөрүлүшкөн. Аны басуу үчүн Чимион уездинин башчысы Лящевский менен Сполатбогдун орус-казактардан турган отряды Зардалыны ала албай артка чегинген.

Кайрадан 21-июндан 23-июнга чейин орус отрядынын аскер башчысы Сполатбог 100дөй аскери менен Кан кыштагынан Зардалы өрөөнүнүн Ноожайлак жайлоосуна жөнөгөн. Молдо Ашыр 600дөй жигити менен душманды күтүп жаткан. Чалгынчылар Топхана деген айылда колго түшүп, Талаа айылында Мырзашты өлтүрүшөт, ал эми Каримкул качып кутулган. Молдо Ашырдын колун жеңе албай, Зардалы, Дөгмөн айылдарын өрттөшкөн [122, 27-28-бб.; 140, 291-б.]. Орус бийлигинен кооптонгон Молдо Ашыр баш баанек издеп, Каратегин өрөөнүнө качып кеткен. М.Д.Скобелев Алай жана Баткен чөлкөмүнөн качып өткөн көтөрүлүшчүлөрдү кайтарып берүү жөнүндө Каратегин беги Райым Шаага кат жөнөткөн. Райым Шаа Ашыр Молдону орустарга туткундап берген.

*Коконго барып корктуң беле бек атам?*
*Коңшу журтум деп барсаң,*
*Кармап берди Каратегиндин Улугу.*
*Коконго карап айдады,*
*Орок мурун сарбаздар,*
*Ойноп колуң байлады.*
*Коконго барып корктуң беле бек атам?*
*Шаарга барып шаштың беле бек атам?*
*Караңгы тамга камалып,*
*Кишендегенде канттиң экен бек атам [154].*

Орус бийлиги Кокон шаарында Молдо Ашырды соттоп, Иркутскийге сүргүнгө айдаган [154, 156-б.].

1873-1876-жж. улуттук боштондук кыймыл жеңилген. Бирок орус баскынчылары кыргыз элинин «Эркиндик!» деген рухун жеңе алган жок. Муну кийинки тарыхый окуялар – 1898-жыл, 1916-жыл далилдеди.

## 3.3. 1916-жылдагы улуттук боштондук көтөрүлүш – арман, кошок багытындагы тарыхый ырларда

1916-жылдагы улуттук боштондук кыймыл, анын изилдениши – кыргыз тарыхынын эң эле орчундуу маселелеринин бири. Ушул жагдайдан алып караганда алгачкылардан болуп илимий айлампада бул маселени кошок, арман ырларынын мисалында кароону чечтик.

Кошок ырлары бири-бирине ширелген бай фактылары менен ошол кездеги аймактын элинин турмушун аябагандай таасирдүү сүрөттөгөн. Жоктоолордо кыпындай фактыларды куроо чеберчилигинен улам реалдуу, ачуу чындык көз алдыга элестейт. Анткени, окуянын терең изилденгени, келтирилген фактылардын, документалдык материалдардын көптүгү жана ирээттүү тизмектелгендиги кошоктун баалуулугун арттырып, кандайдыр бир деңгээлде бул багыттагы изилдөөлөргө жол салгандай болот.

*«Алаамат күндө зорлонсо,*
*Айлыбыз аман калбайбы.*
*Артыңдан кууган солдаттын,*
*Алдынан кыргыз торгосо,*
*Баатырды бали дебейби» [28, 83-б.].*

Отор заманында ички жана тышкы себептери бышып жетилген 1916-жылкы боштондук көтөрүлүш Кыргызстандын аймактарында 1916-жылдын 4-июлунда Коженттин айланасындагы кыргыздардын чыгуусу менен башталып, Фергана өрөөнүнүн элет жеринде алоолоп, ал эми август - сентябрь айларында Чүй, Ысык-Көл жана Кочкор өрөөнүндө Россиянын отор саясатына каршы кадимки азаттык согушуна айлангандыгын XX кылымдын 20-жылдарынан ушул күнгө чейинки жүргүзүлгөн ондогон ири изилдөөлөр далилдеп турат. Көтөрүлүш жеңилүүгө учураган, бирок анын жыйынтыгы кыргыз элинин башындагы эң оор жана кайгылуу окуяга – Үркүнгө айланган. Көтөрүлүштүн так ушул жактары элдик фольклордун арман, кошок, жоктоо жаатындагы тарыхый ырларда сакталып калган.

1914-жылы башталган дүйнөлүк биринчи согушка Россиянын катышуусу кыйналып турган колониялык элдин башына түшкөн мүшкүл болгон. Кыргыздар да жалпы түшкөн кыйынчылыктан четте калбастан согушка акча, кийим-кече, атчан аскерлер үчүн кыргыз жылкыларын жөнөтүп турган. Ошондой эле падышанын Указы элди биротоло дүрбөткөн [201, 258-б.].

Кыргыздарды, орустардын башкаруучу өкүлдөрү жөн эле сабап, токмоктогонун Алдаш Молдо:

*«Далайды Чоң кол сойлотту.*
*Жесир кылып аялын,*
*Жетим кылып баласын,*
*Ботодой Чоң Кол боздотту» [184, 190-б.]*

-деп жазат.

Кыргыздардын ата-бабаларынан бери жашаган аймактарын келгин орус дыйкандарынын пайдасына тартып алуулар барган сайын көбөйө бергендигинен жергиликтүү жашоодогу социалдык карама-каршылыктар күчөп кеткендиги кошок ырында төмөндөгүдөй сүрөттөлөт:

*Бай, манапка жалдантып,*
*Жардынын жалгыз атын жеп.*
*Таманынын акын жеп,*
*Кара таман кедейдин.*
*Казанынын батын жеп,*
*Бий, ыстарчын элин жеп.*
*Кыбыраган жерин жеп,*
*Малай менен жардынын.*
*Маңдайынын терин жеп [28, 128-б.].*

Манаптар башка айылдын жерин мыйзамсыз жыйындардын негизинде, башка бай адамдарга сатып жиберген, андан алар кошумча акча кирешелерин көбөйтүп турган.

Көтөрүлүштүн Фергана өрөөнүндө жүрүшү мисалынан Аксы аймагында Таласбай Алымбаев деген кедей жигит жетектегендиги маалым. Ал өзү куракттуу аскер – оорук иштерине алынуучу жигиттерди уюштуруп, «мандикерге бар-

байбыз» дешип, Түрдүктүн Сарай деген жайлоосуна чыгып кетишкен [326]. Согуштук аракеттер тең келбегендиктен көтөрүлүшчүлөр жан сактоо үчүн Бозбу, Кызыл-Капчыгай, Алаң аскасына качууга аргасыз болгон. Кара-Суудагы Түрдүк капчыгайында чоң салгылаш болгон, ал жерде күнү бүгүн да коргонуу үчүн курулган таштын ордулары турат [310]. Ошол убактагы окуя тууралуу кошоктун:

*«Түрдүк менен Сарайда,*
*Жалын менен от болду» [326]*

- деген саптарында Таласбай Алымбаев жетектеген көтөрүлүшчүлөрдүн максаты, бир дагы кишини мандикерге бербөө, падыша тараптуу болгон бий, болуш, ыстарчыларды өлтүрүү болгон. Алар, Кетмен-Төбө эли менен бирге көтөрүлүшкө чыгууну мерчемдешкен. Бирок, алардын көтөрүлүшү басылып калган себептүү, аксылыктар да көтөрүлүш чыгарууга жетишпей калышкан [228, 323-б.].

Таласбай Алымбаев кармалганда Алымкул болуш, Шералы деген жигитине сабатып өлтүрткөндүгү жөнүндө маалымат бар. Ал эми Чыныкбай, Саркулду кармап алышып, өтө ырайымсыздык менен өлгөнчө тепкилеген [249, 167-б.].

*Бул окуя кошок ырында:*
*«Орустан элди коргойм деп,*
*Алыбай уулу кор болду,*
*Оттуу жигит жок болду» [326]* – деп айтылат.

1916-жылдары кадимки Нүсүп бийдин небереси Бердикожону орус чиновниктери атып өлтүрүшкөн. Жергиликтүү кыргыздардын көтөрүлүшүнөн чоочуп, элди токтотуу максатында Наманган уездинин аскер командачысы Баранский Бердикожону аткан орусту атып өлтүрөт [317]. Натыйжада канга-кан деген шылтоо менен орус бийлиги Авлетим айылынын жашоочуларын тынчтандырат. Мына ушул окуядан соң баласынын орус бийлигинин колунан өлгөнүн угуп азап чегип, кайгыдан Сулайманкул болуш ооруп калып, көз жумат. Ошондо анын Байыскан деген кызы төмөнкүдөй кошок кошот:

*«...Жети атам катар кан өткөн,*
*Жеткилең баары даана өткөн*
*Катарлап атам кан өткөн,*

*Кайраты журтка даана өткөн.*
*Кан атам кайрылып келсечи,*
*Орустун сазайын берсечи.*
*Жети атам кайрылып келсечи,*
*Орустун жетесине жетсечи» [308].*

- деген саптарда түпкүлүгү бар тарыхый инсандын орустарга болгон жек көрүүсү жана алардан өч алуусун самагандыгы ый аркылуу жеткиликтүү чагылдырылууда.

Ушундай эле трагедия Кыргызстандын түндүк аймагында дагы эң жогорку чекке жеткен. Мисалы, Шабдан баатырдын уулу Мөкүш орус империясынын 1916-жылдагы буйругуна каршы чыгып, алгачкылардан болуп эл менен бирдикте көтөрүлүшкө чыккан. Бул окуя жөнүндө тарыхчы Б.Солтоноев да Шабдандын уулдары түн жамынып, көлдүк кандаш туугандары бугу уруусуна өзүнүн чабарманын жөнөткөнүн жана да орус жазалоочу күчтөрүнө каршы күрөштү биргеликте жүргүзүүнү кабарлаганын айткан. Ал кошок ырында:

*«Каршы туруп атышып,*
*Кайран Мөкүш сактады.*
*Ыбырайым, Мөкүш болбосо,*
*Кыйратат эле ал кезде» [28, 173-б.].*

Кошоктон дагы мисал келтирели:

*«Кочкор менен Жумгалдан,*
*Көкүмбай, Канат, Курмандан.*
*Угулду кабар ушундай,*
*Урушка кыйын чыңдалган.*
*Канатты шайлап кан кылып*
*Кай-кайчы жерге даң кылып.*
*Казаттан өлгөн шейитти,*
*Калкка угузуп шаң кылып» [28, 90-б.].*

Канат хандын орусча окуп бүткөн баласы Жапарды Бишкекте атып салышкан. Сөөгүн Кочкорго алып барып коюшкан. Ошондогу кошоктон:

*«Кытайда кыргыз Чоң багыш,*
*Кыргыздын чоңу Сарбагыш.*

*Жаш молдо кунун албаса,*
*Сарбагышка чоң намыс...»*

-деген саптарды Осмонаалы Сыдык уулунун кызы Бүбүш эне Кыргызстандагы санжырачылардын сынагында баяндап берген [53, 128-129-бб.].

Кыргыздар орус келгиндери басып алган жерлерди кайтарып алууга аракеттенишкен. Мисалы, Аалым Карасай уулунун айтуусуна караганда, алар: «Биз Отрадный кыштагына чабуул койдук. Анткени, башында ал жер биздики болуп, кийин украиналыктар кыштак салып алышкан», - деп эскерет [254, 208-б.].

*«Кайнак баатыр Дүр болгон,*
*Кылган иши оң болгон*
*Чүйгө келген отряд,*
*Так беш-алты миң болгон» [28, 193-94-бб.]*

- деген кошок саптарында айтылгандай Токмоктогу жана Чүйдөгү кыргыздар көтөрүлүшкө чыкканда аларга казак жана кыргыздар кошулуп, баары 5 миңге жеткен. Ал эми орус аскерлеринин жалпы саны ырда беш-алты миң деп айтылса, чындыгында Жети-Суу аймагына 6530 орус аскери келген [200, 288-б.].

Көтөрүлүш Ысык-Көл өрөөнүндө аябагандай кандуу өткөн. Бирок, куралсыз көтөрүлүшчүлөр орус жазалоочуларынын кандуу аракеттеринен өзүнүн күчүнөн тайып, басылган. Кыргыздар Түпкө, Сыртка жана башка жерлерге мал-мүлкүнүн теңинин көбүн калтырып, Кытай тарапка аргасыздан чегинишке мажбур болушкан. Мындай көрүнүш кошокто төмөндөгүдөй чагылдырылат:

*«Үйдөгү зыйнат оокат-жай,*
*Мүлүгү калды жолдордо.*
*Уук камдап жүк арткан,*
*Төөлөр калды жолдордо.*
*Уул-кызын жетелеп,*
*Жөөлөр калды жолдордо...» [28, 99-б.] .*

Кытайга качуу оңойго турбаган. Бир чети ашуулардын катаалдыгы, экинчи жактан туш-тараптан орус аскерлеринин куугунтуктары, үчүнчүдөн Кытай бийлигинин тоскоолдугу кыйынчылыктарды алып келген. Жети-Суу облусу боюнча 1916-ж. түзүлгөн отчётто: «1917-ж. 1-январына карата 38000 түтүн 150 000 киши Кытайга жер которушкан» – деп берилген. Жазалоочу аскерлер тараптан куугун мезгилинде эле 12 000ден ашуун кыргыз өлтүрүлгөн [249, 238-б.].

Кытайга кыргыздар негизинен үч жол менен багыт алышкан. Биринчиси Нарындын Ат-Башы аймагынын Ак-Сай өрөөнү аркылуу Торугарт жана Келтебек ашуусу; экинчиси Пржевальскиден түштүккө, Бедел ашуулары; үчүнчүсү Каркыра аркылуу Кулжа жана Текес тарапка барышкан [35, 18-б.]. Бул окуя кошокто төмөндөгүчө чагылдырылат:

*Акыл кетип, көз талды,*
*Калмак алып катынды.*
*Кытай тандап кызды алды,*

- деген саптар ырастагандай чоочун жерде, чоочун элде, айыл-кыштакты аралап, бир сындырым нан үчүн кыргыз эли кор болгондугу арман ырында:

*«Сатылып кеттик Кытайга.*
*Ачкалыктан күң болуп.*
*Көбүбүз кеттик Бээжинге.*
*Катын болуп кытайга,*
*Кара-калмак, кечилге...*
*Үрүмчү, Кулжа, Кумудду,*
*Манжу менен Мугуа.*
*Карашаар, Аксыда.*
*Кара-калмак, Кучада» [28,101-б.].*

Качкындар Аксуу, Аксы, Бай, Шайа Бөтүр, Кара-Шаар, Маралбашы, Артыш, Кашкарга чейин тараган. Жокчулуктан эпидемия каптаган. Элдин арасында келте, котур, чечек, чума оорулары жайылгандыгын төмөндөгү арман ырлары далилдеп турат:

*«Эңкейип басып жөтөлүп,*
*Чалдар калды жолдордо.*
*Эне-атасын таба албай,*
*Алганынан ажырап.*
*Аял калды жолдордо,*
*Алсыз нечен оорулуу,*
*Чабал калды жолдордо» [28, 99-б.].*

Кытайга Жети-Суу аймагынан 332 миң кыргыз качып баргандыгы булактарда айтылат. Алар өтө оор турмушту, кордукту, кемсинтүүнү көргөн жана өзүнүн кара жанын гана ойлоп калганын кошок, арман ырлары тастыктап турат.

*«Айланайын Ала-Тоо,*
*Айрылдык сенден ажырап» [28, 96-б.] .*
*«Өскөн-өнгөн Ала-Тоо,*
*Өз үнүңдү сагынып.*
*Какшаалда калды далай кыз,*
*Кап эгинге сатылып.*
*Караанын көрсөң балдардын,*
*Кайгырып ыйлап жашыдык» [28, 106-б.].*

Төмөндө кыргыз элинин Үркүн маалындагы азап-тозогун, кыйынчылыгын, кайгысын, ошондой эле азаттык үмүтүн чагылдырган тарыхый ырлардан, кошоктордон мисал келтире кетели.

**Үркүн казалынан:**

*«Кыргыздар карап турабы,*
*Даяр турган чыңдалып.*
*Ушундай кабар угулуп,*
*Удаа-удаа тил келди.*
*Удургуп турган кез эле*
*Урматтап сүйлөп диндерди.*
*Орус, кыргыз беттешип,*
*Ок атышар күн келди...*
*Аскер жыйнап түптөлүп,*
*Ар кимдин дарты козголуп,*
*Жарды, жалчы, малайлар*

*Жалданбай башы бош болуп.*
*Кол чакыртып туш-туштан*
*Кош аттап киши чаптырып,*
*Чүй, Ысык-Көл, Нарындан*
*Кошулган элди бактырып,*
*Ашуунун баарын чалдырып,*
*Ар кайдан кабар алдырып,*
*Анжиян, Пишпек, Ташкенден,*
*Салдат келсе кырууга,*
*Аянбай мыкты кам кылып.*
*Мусакожо калпага,*
*Кол сурап кагаз жаздырып,*
*Аттанып калды тезинен.*
*...Аңгыча кабар угулуп,*
*Чүйдөн тынай качты деп,*
*Күңгөй, Тескей – Ысык-Көл,*
*Күрдөлү менен шашты деп.*
*Беш жүз салдат Көк-Артты,*
*Үч күн болду ашты деп,*
*Жыйналган кошун тарады.*
*Кабарчынын сөзүнөн,*
*Үркүп калды дегенде.*
*Үйлөрү учуп көзүнөн,*
*Үмүтүн үздү окшоду,*
*Өскөн жер кетип эсинен.*
*Алды-алдынан бет алып,*
*Аялдабай чапкылап,*
*Айылга келсек үй калбай,*
*Журт калыптыр бузулуп.*
*Адыр-түздө малдар жок,*
*Бүт калыптыр томсоруп.*
*Кашка-Суу жатат шаркырап,*
*Кары бар тоолор жаркырап,*
*Катын-бала жөнөптүр*
*Кыйкырып ыйлап, заркырап.*
*Чачылып калган жүк турат,*
*Чечилбей бүтүн үй турат.*
*Көмүскө булуң жерлерде,*
*Көчтөн калган уй турат.*

*Журт сайын улуп ит жатат,*
*Жууркан-төшөк бүт жатат.*
*Желеси калган тартылуу,*
*Көнөктө куйган сүт жатат.*
*От жагылган чок калган,*
*Ороодо эгин көп калган.*
*Бышып турган кезинде*
*Орулбай аштык чөп калган.*
*Казандар калган асылуу,*
*Калыптыр түндүк тартылуу.*
*Салыктар калган алынбай,*
*Сарайга койгон катылуу.*
*Капталда баспай төө калган,*
*Качалбай кедей жөө калган.*
*Көч артынан караандап*
*Көп бечара жөө калган,*
*Кыргынга далай учурап,*
*Качты деп уктук ушуну.*
*Жол арытып, жер жайлап,*
*Ошол кабар угулуп,*
*Качканбыз жерден сай-сайлап.*
*...Бекиртик кайчы беделди*
*Ашып түштү качкан эл.*
*Чек аранын кароолун,*
*Басып түштү качкан эл.*
*Кара жанын калкалап,*
*Шашып түштү качкан эл.*
*Кызыл жүзү бузулуп,*
*Азып түштү качкан эл.*
*Жылкы коён чубатып,*
*Айдап түштү качкан эл.*
*Ат өгүзү ташыркап,*
*Чайлап түштү качкан эл.*
*Ашуусуз белге жол салып,*
*Сайлап түштү качкан эл.*
*Ала-Тоо кайран жерим деп,*
*Сайрап түштү качкан эл» [28, 76-103-бб.]*

Кытай жергесиндеги окуялар **«Үч доор»** деп аталган тарыхый арман ырында (Кол жазмалар фондусу. Инв. 23. А. Жутаке уулунан жазып алган К.Мифтаков. Нарын округу, Шаркыратма айылы. 1926-жыл.) мындай сүрөттөлгөн:

*«Канча күндөр жол басып,*
*Катуу багыт бел ашып.*
*Тосмочуктан өткөрбөй*
*Токтоп жаткан андан көп.*
*Тобунан калып элеңдеп*
*Боздоп жаткан андан көп.*
*Кароолчу кытай топтолуп,*
*Калың көчтү токтотуп,*
*«Кайра кет!» – деп жериңе*
*Камданат мылтык октошуп.*
*Турпандыктар топтошуп,*
*Тумактары окшошуп:*
*«Турбастан кайра кеткин» – дейт,*
*Жаман айтып боктошуп.*
*«Байларың бери кел дешет,*
*Бар болсо алтын бер дешет.*
*Барыңды жолдон өткөзөм,*
*Мага берсең фең дешет».*
*«Фең» деген кандай сөзү деп,*
*Түшүнбөдүк сөзүнө,*
*Апийимди айтыптыр,*
*Араң билдик түшүнө.*
*Билерик, сөйкө шурунун*
*Бирин койбой бергин дейт.*
*Апийим сенде бар болсо,*
*Аймагың менен келгин дейт.*
*Атын угуп көрбөгөн,*
*Алты шаарды пааналап.*
*Ак-Суу, Турпан, Кашкарды,*
*Биздин эл кирди аралап.*
*Жалгыз жарым калгандар,*
*Жаматтуу элге каралап.*
*Колунда жок начарлар,*
*Малдууларды сагалап.*

*Бай-манап жүрөт кедейди,*
*Мына урушкун деп табалап.*
*Ар ким жүрөт өзүнүн,*
*Ал кубатын чамалап,*
*Күчөргө кетти далай эл,*
*Күндөп-түндөп сабалап,*
*Ата конуш жери жок,*
*Ар кимдин башы маң болуп.*
*Ак-Суу, Турпан, Какшаалдын,*
*Арасы туман чаң болуп,*
*Туруктуу конуш жери жок,*
*Турпанга бардык сенделип.*
*Кордук көрүп барган эл,*
*Конуш таппай зарылган.*
*Коңшу болуп турсак деп,*
*Турпандыкка жалынган.*
*Эски заман кезинде,*
*Эмгекчи эл чырга кабылган.*
*Элинен азган байкушка,*
*Эркиндик кайдан табылган [28, 76-103-бб.].*

**Качак турмушу** (Кол жазмалар фондусу. Инв. 9 (202). А. Жутаке уулу 1926- жылы жазып Билим Комиссиясына тапшырган.) деген ырдан:

*Бугу менен Сарбагыш,*
*Бузулбастан тең кетти.*
*Айлынын баары бузулуп,*
*Ар бир түркүн эл кетти.*
*Калың бугу, сарбагыш,*
*Кайрылбастан ал кетти.*
*Мал-булуна карабай,*
*Нечен түркүн жан кетти.*
*Ысык-Көл менен Чүйүнөн,*
*Турпанга чейин журт кетти.*
*Мал-булунан айрылып,*
*Карабашын кутказды.*
*Эки киши Турпандан,*
*Эшек минип учкашты.*

*Салыктагы мүлк калды,*
*Жыйылуу бойдон жүк калды.*
*Малды-булду куугандар,*
*Басып алып шүк калды.*
*Эл качканда эңгиреп,*
*Эгин калды басылуу.*
*Кайнап турган жеринде,*
*Казаны калды асылуу.*
*Таңылчактын баарысы,*
*Талаада калды таңылуу,*
*Башындагы улугу,*
*Бадышанын зулуму,*
*Кытайга качты тынч албай,*
*Кыргыз элдин уругу.*
*Жеринде калды Беделдин,*
*Бээ-байталдын кулуну.*
*Эли кетип эңгиреп,*
*Ит журтунда улуду.*
*Бадышага ок атып,*
*Байкуш кыргыз куруду.*
*Бакырларды жүдөттү,*
*Манаптардын кылыгы,*
*Аз келгенсип анысы,*
*Асый алып шылыды.*
*Канат менен Тезекбай,*
*Калп жеринен кан болуп,*
*Актар кысып келгенде,*
*Акыл таппай дал болуп,*
*Качып барып Турпанга,*
*Кайран кыргыз кор болуп,*
*Өлгөнүнөн калганы,*
*Өз жерине зар болуп,*
*Өлүк көмөргө жер таппай,*
*Кытай жери тар болуп.*
*Туралбадык желденип,*
*Турпанга бардык сенделип.*
*Качабыз деп желденип,*
*Кашкарга бардык сенделип.*
*Ажырадык боз үйдөн,*

*Алачыкты теңденип.*
*Тиккенибиз алачык,*
*Тентигенге жарашып,*
*Ар бир түрдүү адамдар,*
*Акылынан адашып,*
*Кайсы бирин айтайын,*
*Качып кетип баратып,*
*Болуш, бийлер ошондо,*
*Букараны жадатып,*
*Өкүм менен кедейди,*
*Өз колуна каратып,*
*Барып Турпан жерине,*
*Манаптан чыктык баш бербей,*
*Бала атага кайрылып,*
*Кашык салып аш бербей.*
*Айлана көчүп жай таппай,*
*Аксы менен Турпандан,*
*Жети-Сууну сагынып,*
*Жердеген адам муңканган.*
*Шар аккан суу, көк шибер,*
*Кыргыз уулу кунт алган,*
*Көк ала майдан шиберде,*
*Күмүш кемер курчанган,*
*Турпандын тешик акчасын,*
*Жипке тизип журт алган.*
*Тешик акча колуна,*
*Кармап жүргөн мындан көп,*
*Бир тыйынга жете албай,*
*Зарлап жүргөн андан көп.*
*Беремин деп калп айтып,*
*Алдап жүргөн андан көп.*
*Ууру кылып манапты,*
*Жалдап жүргөн андан көп.*
*Калыс эмес бадышаны,*
*Каргап жүргөн андан көп.*
*Дүмүр казып отуна,*
*Жак деп жүргөн андан көп.*
*Түлкү кууп бүркүткө,*
*Как деп жүргөн андан көп.*

*Куржун салып мойнуна,*
*Ак деп жүргөн мындан көп.*
*Кызды чейрек арпага,*
*Сат деп жүргөн мындан көп.*
*Жети сууну сагынып,*
*Дат деп жүргөн мындан көп.*
*Малын берип жат элге,*
*Бак деп жүргөн мындан көп.*
*Ууч эгин куржунга,*
*Жыйнап жүргөн мындан көп.*
*Улутунуп үшкүрүп,*
*Ыйлап жүргөн мындан көп.*
*Кара жанын тындырбай,*
*Кыйнап жүргөн мындан көп.*
*Барган элин жан үчүн,*
*Сыйлап жүргөн мындан көп [28, 126-127-бб.].*

**Кайран эл** (Кол жазмалар фондусу. Инв. 9 (202). А. Жутаке уулу Билим комиссиясына тапшырган. 1926-жыл.) ырынан:

*Аксы менен Турпанды,*
*Аралады кайран эл.*
*Аш табалбай ашпозду,*
*Сагалады кайран эл.*
*Качып барып Турпанды,*
*Каралады кайран эл.*
*Жамбы берип жат элди,*
*Паралады кайран эл.*
*Борук койго баа кылып,*
*Бозо сатты кайран эл.*
*Кийип турган кийимин,*
*Кошо сатты кайран эл.*
*Боз үйүнө чырмаган,*
*Чийин сатты кайран эл.*
*Туш кийиздин саймалуу,*
*Тышын сатты кайран эл.*
*Эшекке арткан эгинге,*
*Кызын сатты кайран эл.*
*Белдемчинин кундузун,*

*Сөгүп сатты кайран эл.*
*Аркадагы чолпусун,*
*Бөлүп сатты кайран эл.*
*Арзан баага ал күнү*
*Көнүп сатты кайран эл.*
*Камчы кылып кой тери,*
*Өрүп сатты кайран эл.*
*Айдап барган алдында,*
*Малын сатты кайран эл.*
*Жууркан-төшөк калтырбай,*
*Барын сатты кайран эл,*
*Ичеги менен бышырып,*
*Карын сатты кайран эл.*
*Кой сойгондо бир бөлүп,*
*Санын сатты кайран эл.*
*Ыкласы Турпандан,*
*Кайтып жүрөт кайран эл.*
*Жети сууга дуба деп,*
*Айтып жүрөт кайран эл*
*[28, 136-137-бб.].*

Кыргыздар жана ага жамаатташ жашаган элдердин жаңы доордогу тарыхы улуттук, элдик боштондук күрөштөргө өтө бай экендиги маалым. Алардын тарых илиминин жетишкен ийгиликтеринин контекстинде объективдүү баалоо изилдөөчүлөрдүн эмгектеринен мисал келтирилди. Натыйжада кыргыз таануу илиминде тана алгыс тарыхый фактыларга таянган илимий бүтүмдөр, тыянактар чыгарылган жана мындай факты арман, кошок, жоктоо ырлары аркылуу дагы бир ирет тастыкталды.

Кыргыз Республикасынын президенти А.Ш.Атамбаевдин 2015-жылдын 12 – августундагы ПЖ № 168 Жарлыгына ылайык: 1916-жылдагы каргашалуу окуялардын жүрүшүндө курман болгондордун мемориалы «Ата-Бейит» мемориалдык комплексинин аймагында түзүлдү жана «Ата-Бейит» мемориалдык комплексин «Ата-Бейит» улуттук тарыхый – мемориалдык комплекс кылып кайра түзүү маселеси ишке ашты.

Анда кыргыз элинин башынан өткөргөн кайгылуу окуясын сүрөттөгөн элдик арман ырында:

*Дүйнөгө ак калпакчан көрүндүк биз.*
*Асмандан жамгыр болуп төгүлдүк биз,*
*Чөп болдук жер тандабай өсө берген,*
*Булуттай аалам кездик, чачылдык биз.*
*Кырылып бара жатып, тирилдик биз,*
*Бөлүнүп бара жатып бириктик биз*

– деген бул ыр саптарында далилдеп тургандай бүтүндөй кыргыз элинин башындагы трагедия, тарыхый доор мыкты сүрөттөлгөн.

Демек, жүз миңдеген адам курман болгон 1916-жылдагы окуялар тарыхыбыздын урунттуу учуру болуп калды. Биз изилдөөбүздө кошок ырларында орус бийлигин сындаган, тескери жактарын да ачыктаган арман, жоктоо ырлары аркылуу көрсөткөнгө аракеттендик. Элдик оозеки чыгармалар аркылуу орус бийлигинин отордук саясатын изилдөө буга чейин болуп келген, мындан ары да боло берет деген ойдобуз.

## КОРУТУНДУ

XIX кылымда жана XX кылымдын башындагы тарыхый инсандардын элдик оозеки чыгармачылыкта өмүр жолу, ишмердигине карата кошок, арман, жоктоо ырларында чагылдырылышын тарыхый-этнографиялык жактан изилдөө чынында Ата Мекен тарыхында биринчи жолу коюлуп жаткан маселе.

Азыркы мезгилде кошок айтуу, өлгөн адамды жоктоо салты Кыргызстандын бардык эле жерлеринде бирдей сакталып калбаган. Атап айтсак оң жана сол канат уруулары жашаган Ысык-Көл, Нарын, Чүй, Талас, Жалал-Абад аймактарында кошок кошкондор арбын, ал эми ичкиликтер жашаган Баткен, Ош облусунун айрым райондорунда сейрек кездешет. Мунун себебин ар кандайча түшүнүүгө болот. Мисалы, ичкилик кыргыздар коңшулаш өзбек, тажик элдери менен байыртан чогуу жашап, алардын каада-салттарынын таасири алдында калып, ислам дининин жөрөлгөлөрү тереңирээк киргендиктен, кошок кошуу жана жоктоо салты да унутулуп же солгундап кеткен.

Демек, жогоруда келтирилген мисалдарда кошок, арман жана жоктоо ырларында кыргыз көчмөн турмушунда жана маданиятында кошоктор, армандар жана жоктоо түрүндөгү фольклордук жанр бир нече түрлөргө бөлүнүп, негизинен кошок кошулган инсандын башынан өткөн окуяларды чагылдыруу менен катар эле коомдук-тарыхый ири идеяларды да бере алгандыгын байкай алдык. Аталган жанр азыр деле кыргыз элинде унутула элек. Бирок, ааламдашуунун шарттарында, азыркы заманбап турмуштун агымында алардын статусу улам барган сайын төмөндөп бара жаткан-

дыгын байкоого болот. Бул - салттык маданияттын унутулуп бара жатышы болуп эсептелет.

Ошондой болсо да биз ретроспективдик ыкма менен азыркы күндө эл арасында сакталып калган кошок, арман жана жоктоо ырларынын мисалында кыргыз элинин байыртан бери салттуу келе жаткан эркиндик, мекенчилдик жана башка гумандуулук идеялардын чагылдырылышын калыбына келтире алабыз.

Тарыхый инсандарга арналган тексттердин айрымдары дагы деле эл арасында айтылып келет. Эл оозунан жыйналган материалдар, эпикалык чыгармалар жана Орхон-Енисай эстеликтериндеги жазуулардын текстери менен салыштырылып изилденип, жана өз ой пикирлер, сунуштар айкындалуу менен информаторлордун айтуулары аркылуу тастыкталды.

Жалпы эле арман, кошок, жоктоо ырларынын тарыхый, этникалык-генеалогиялык булактарда изилдениши адабияттарда кандайча изилденген, ал эми бүгүнкү журт арасында кандай мааниде сакталып калгандыгы тууралуу мисалдар менен сүрөттөлдү.

Диссертациянын ар бир бөлүмү өз алдынча тарыхый процессти чагылдырып турат. Анда тигил же бул тарыхый инсандын өмүр жолуна, ишмердигине байланышкан жана ал инсанга же тарыхый окуяга карата кошок, арман жана жоктоо ырлары айтылган. Ошондуктан, диссертациянын планына кирген ар бир маселенин айланасында болгон конкреттүү тарыхнаамалык сереп колдо бар адабияттардын жана изилдөөлөрдүн негизинде берилди.

Ал эми Кокон хандыгынын эзүүсүнө каршы кыргыз тарыхында опол тоодой орду бар жана байыркы ата-бабалардан калган мамлекеттүүлүк идеясына жаңы дем берип жандандырган конкреттүү инсандардын – *Медет датка, Тайлак баатыр, Нүзүп бий, Ормон хандын* эли үчүн жасаган эмгектерин арман, кошок жана жоктоолордун мисалында кароого аракеттендик. Алымкул лашкер башы Кокон-кыргыз мамлекетиндеги кыргыз, өзбек, кыпчак, тажик жана казак элдеринин орус падышачылыгына көз каранды эместиги үчүн журт азаттыгынын курманы болгон.

Ошондой эле Алымбек датка, Курманжан датка жана башкалар бир мезгилде жашап, эски замандын жаңы доорго өтүш кезинде чоң айкаш, салгылаштарга катышкан тарыхый инсандар. Кыргыздардын бир канатынын башчысы катары Кокон хандыгынын саясатына, анын бийлигине катышып, улам барган сайын тоолуктардын эгин жайын тартып, аларды бийик тоо арасына сүрүп, алык-салыкты көбөйтүп, элге улам бүлүк сала баштаганына нааразы болгон кыргыз төбөлдөрүнүн катарында болгон. Алар хан оошсо, өзүбүзгө жеңилдик болот деп улам бир ханды көтөрүп, уламдан-улам кызыл кыргынга туш болуп, өмүрлөрү кылычтын мизинде жүргөн.

Орус империясынын Кыргызстандагы колониялык саясатына каршы көз караштарды чагылдырган *Боромбай бий, Шабдан баатыр, Исхак Асан уулу Полот хан, Мамыр Мерген уулу, Абдылдабек, Молдо Ашырдын* ишмердигине байланышкан кошоктордо чечмеленди. Демек:

- Кыргыз элинин тарыхында кошок жанрынын тарыхый-этнографиялык булак катары мааниси, пайда болуу тарыхы, генеалогиялык өңүтү, варианттары, өзгөчөлүктөрү, этимологиясы жана алардын фольклордук чыгармаларда чагылдырылышын анализдеп, илимий баа берилди;
- XIX кылымда жана XX кылымдын биринчи чейрегинде жашап өткөн тарыхый инсандардын ишмердүүлүгүн кошок, арман, жоктоо ырларынын тексттерине салыштырып иликтенди;
- Ошол эле учурда адабияттарда берилген кошок ырларына жана белгилүү кошокчулардан жазылып алынган жоктоо ырларына салыштырмалуу анализ жүргүзүлүп, кошок кошуу комплекстүү иликтенип чыкты;
- Ири тарыхый инсандарга карата айтылган арман, кошок жана жоктоо ырларында чагылдырылган эркиндик жана гумандуулук идеяларынын тереңдигине баа берилип, социалдык жагы жана тарбиялык мааниси ачып берилди;

Ал эми 1916-жылдагы улуттук боштондук көтөрүлүш туралуу арман, кошок, жоктоо ырларынан мисал келтирүү менен аларда төмөндөгүдөй тарыхый фактылардын чагылдырылгандыгын байкадык.

Кыргыз элинин ата журт, мамлекеттүүлүк, жер, элдин биримдиги үчүн күрөш жүргүзгөндүгүн; Орус падышасынын отордук, дискриминациялык саясатына каршы күрөшүшкөндүгүн; Улуттун ичиндеги бай манаптардын ички феодалдык саясатына каршы күрөш болгондугун; Элдин жеринен ажыроосу, көтөрүлүшчүлөрдүн камакка алынышы, улуттун табигый өзүн-өзү сактоо инстинктинин жаралышы жана улуттук аң-сезимдин ойгонушуна шарт жаратkандыгын;

1916-жылдагы көтөрүлүш XX кылымдын башындагы кыргыз элинин басып өткөн тарыхындагы эң белгилүү жана кайгылуу элдик боштондукка чыгуу күрөшү. Анткени, XIX кылымдын 1873-76 жана 1898-жылдардагы көтөрүлүштүн уландысы катары кароого болот. Бул тарыхый окуялар кабарлагандай мекенчил «тоолук кыргыздардын» эркиндик күрөшү. Алар бизге жердин, журттун эркиндигин, улуулугун даңазалашты жана азаттыкка көнгөн элдин улуттук рухунун бийиктигин далилдешти

Биз изилдөөбүздө фольклордук материалдар болгон кошок ырларында орус бийлигин сындаган, тескери жактарын да ачыктаган арман, жоктоо ырлары аркылуу көрсөткөнгө аракеттендик. Элдик оозеки чыгармалар аркылуу орус бийлигинин отордук саясатын изилдөө буга чейин болуп келген, мындан ары да боло берет деген ойдобуз.

Бул кезде өткөн мезгилдерге кайрадан көз жүгүртүп, бир убакта караланган жандар, тарыхый өзганалар жөнүндө жаңы деректер табылып аларга чыны калыс пикирлер айтылып, туура жана адилет баа бериле баштады. Өткөндөрдүн баары эле ак алардын баары эле улуттук баатыр дештен алыспыз. Бул үчүн биздин тарыхчылар архивдерди аңтарып, байыркы деректерди таап, калыс пикир айтып, ар бир фактыга илимий аныктама бериши керек.

Кыргыздар жана ага жамаатташ жашаган элдердин Жаңы доордогу тарыхы улуттук, элдик боштондук күрөштөргө өтө бай экендиги маалым. Алардын тарых илиминин жетишкен ийгиликтеринин контекстинде объективдүү баалоо изилдөөчүлөрдүн эмгектеринен мисал келтирилди. Натыйжада кыргызтаануу илиминде тана алгыс тарыхый фактыларга таянган илимий бүтүмдөр, тыянактар чыгарылган

жана мындай факты кошок ырлары аркылуу дагы бир ирет тастыкталды.

Демек, ар бир элдин көрүнүктүү инсандарынын тарыхый ишмердүүлүгү ошол конкреттүү элдин мамлекети, анын саясий социалдык-экономикалык өсүп-өнүгүшү менен түз-дөн түз байланышта болот. XIX – XX кылымдын I чейрегинде жашаган айрым бир көрүнүктүү тарыхый инсандар жөнүн-дө гана баяндалды. Кыргыздардын тарыхынын ар түрдүү доорунун ар бир белгилүү өкүлү элибиздин этникалык ай-мактык биримдигин, улуттук тарыхын бекемдөөгө өзгөчө белсенип киришип, терең из калтырышканы баарыбызга маалым жана ал изилдөөнү талап кылат. Анткени чыгаан инсандар аркылуу кыргыздар башка элдерге таанылат. Ошондуктан инсан таануу бул - кыргыз таануу, кыргыз таа-нуу бул – инсан таануу. Бири – биринен ажырагыс бир бү-түндүк. Алар жөнүндөгү кошумча жана баалуу маалымат ка-тары өмүр таржымалын, эли үчүн жасаган эмгегин, кыргыз мамлекети үчүн жасаган ишмердүүлүгүн көзү өткөн инсан-дарга арнап кошкон кошогу, анын дагы бир ирет тарыхый инсан экендигин далилдейт. Багынып берүүдөн өлүмдү ар-тык санаган кыргыз элинин патриот уул-кыздары өз өмү-рүн кыюу менен кийинки муундарга эркиндикти түбөлүккө жаратышты жана жаркын келечек тартуулашты.

# ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

- Кыргыз элинин тарыхын тереӊ изилдөө максатында фольклордук материалдарын жыйноо, изилдөө жана илимий айлампага киргизүү иштерин колго алуу керек;
- акыркы учурда элдин жашоо деӊгээлинин өзгөрүшүнөн улам кошокчулар азайып, оозеки чыгармачылыктын мындай түрлөрүнүн таасири эл арасында жоголо баштады. Элдик маданияттын башатын түзгөн фольклордун бул жанрлары боюнча атайын илимий жана публицистикалык эмгектерди даярдоо зарыл;
- тарыхый инсандардын ишмердүүлүгүн пропагандалаган маданий иш-чараларды мезгил-мезгили менен өткөрүү аркылуу коомчулукту элдик казынадагы бай мурастар менен тааныштырып турууга мүмкүндүк түзүлөт. Андан сырткары азыркы учурдагы руханий илдеттерден арылууга, эли-жерине берилген, мамлекеттин келечеги үчүн талыкпас эмгектене турган саясий ишмерлерди калыптандырууга негиз түзүлөт;
- өткөн доорлордо жашаган кыргыз элинин тарыхый инсандарынын эркиндик, көз карандысыздык үчүн күрөшкөн иш аракеттерин, алардын мамлекеттик ишмердик сапаттарын даӊазалоо, үгүттөө иштерин жолго коюу бүгүнкү күндүн негизги милдети болуп саналат. Анткени ал аркылуу жаштарды мекенчилдикке, элин-жерин сүйүүгө жана гумандуулукка тарбиялоого жол ачылат.

## Колдонулган адабияттардын жана булактардын тизмеси

*А) Кол жазма фонддорундагы материалдар*


1. Арстанбектин арман кошогу [Текст]. Кырг. Респ. УИА Кол жазмалар ф., инв. № 58.
2. Боронбай бийдин керээзи [Текст]. Кырг. Респ. УИА Кол жазмалар ф., инв. № 110.
3. Сагымбайдын кошогу [Текст]. Кырг. Респ. УИА Кол жазмалар ф., инв. № 129.
4. Ормон хан [Текст]. Кырг. Респ. УИА Кол жазмалар ф., инв. № 288.
5. Солтобайдын арманы [Текст]. Кырг. Респ. УИА Кол жазмалар ф., инв. № 412.
6. Шабдан баатыр [Текст]. Кырг. Респ. УИА Кол жазмалар ф., инв. № 514.
7. Ормон хан [Текст]. Кол жазмалар ф., инв. 219 (430).
8. Тайлак баатыр [Текст] / А. Чоробаевден 1941-ж. жазылган. Кол жазмалар ф., инв. 32 (224).
9. Чоробаев, А. Тайлак баатыр [Текст] / А. Чоробаев. Кол жазмалар ф., инв. № 28 (221), № 32 (225).
10. Шабдан [Текст]. Кол жазмалар ф., инв. № 602 (5240). (1839-1912).


*Б) Жарык көргөн булактардын жыйнактары*


11. 1916-жылкы Кыргызстандагы көтөрүлүш [Текст] / түз. П.Ш. Казыбаев; котор. Т. Абдылдаев. – Бишкек: Кыргызстан, 1996. – 400 б.
12. Абдракманов, Ж. Кыргыздардын 1916 жылдагы көтөрүлүшү жөнүндө [Текст] / Ж. Абдракманов // Кыргыздар. – Бишкек, 2004. – Т. 2. – 188 – 220 – б.
13. Абдылдабектин арманы. Мургабдык карыя М. Мамытовдон жазылып алынган дастан [Текст] // Ала-Тоо. – 1990. – № 10. – 85-87 – б.
14. Абдырахманов, Ы. Тайлак баатыр [Текст] / Ы. Абдырахманов. Кол жазмалар ф., инв № 120 (323).
15. Акматалиев, А. Ормон хандын өлүмү жөнүндө Алыкеден калган баян [Текст] / А. Акматалиев //Ала – Тоо. – 1990. – № 10.
16. Алымбек датка [Текст]: кошок // Сен сүйгөн обон. – Бишкек, 1992. – 96 б.
17. Арстанбек [Текст]: ырлар / жыйнакты түз. басмага даярдаган Б. Кебекова. – Бишкек: КЭ башкы ред., 1994. –
18. Байжиев, Т. Биздин адабият [Текст]: хрестоматия / Т.Байжиев, З. Бектенов. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1949. – 280 б.
19. Восстание 1916 года в Средней Азии и Казахстане [Текст]: сб. док. / отв. ред. А.В.Пясковский, Т.Е.Елеуев, А.Г. Зима и др. – М.: Изд. АН СССР,

1960. – 796 с. Восстание киргизов и казахов в 1916 году [Текст]. – Бишкек: Учкун, 1991. – 112 с.
20. Восстание 1916 года в Средней Азии [Текст]: сб. док. / сост. Ф. Божко, С.Волин; под ред. П.Г. Галузо. – Ташкент: Госиздат УзССР, 1932. – 175 с.
21. Жаныш-Байыш [Текст]: эпос / түз. баш сөзүн жазган Б. Кебекова.; А.Акматалиевдин жалпы ред. астында. – Бишкек.: Шам басмасы, 1998. – 463 б. – ( «Эл адабияты» сер. 4-т. ).
22. Кыргыздар [Текст]: санжыра, тарых, мурас, салт / туз. К. Жусупов. – Бишкек: Кыргызстан, 1993. – Т. 1. – 620 б.; Т. 2. – 574 б.
23. Кошоктор [Текст] / түз. ж-а баш сөзүн жазган С. Егембердиева; Акматалиевдин жалпы ред. астында. – Бишкек: Шам, 1998. – 348 б. – ( «Эл адабияты» сер. 21-т. ).
24. Кыргыздар [Текст]: тарыхый булактар / түз.: К. Жусупов, К. Иманалиев; ред. Т. Асанов, Р. Жолдошов. – Бишкек: Бийиктик, 2011. – Т.14: Мурас. – 464 б.
25. Молдокасымов,К. Войсковой старшина Шабдан батыр Жантай уулу [Текст] / К.Молдокасымов // Ала Тоо журн. тиркемеси. – 1992. –
26. Саманчин, Т. Кыргыз адабияты [Текст]: орто мектептин сегизинчи кл. үчүн хрестоматия / Т. Саманчин, А. Мамбеталиев. – Фрунзе: Мектеп, 1973. – 266 б.
27. Манас. Көкөтөйдүн ашы. Тыныбек. Семетей баатырдан бир бөлүм [Текст]: эпос. / түз. Р.Сарыпбеков. – Бишкек: Ала-Тоо, 1994. – 174 б.
28. Тарыхый ырлар, кошоктор жана окуялар [Текст] / түз. ж-а баш сөздөрүн жаз. С.Егембердиева, А. Акматалиев; А.Акматалиевдин жалпы ред. астында. – Бишкек: Шам, 2002. – 544 б. – ( «Эл адабияты» сер. 19-т. ).
29. Туркестанский сборник [Текст]. – СПб.: [Б.и.], 1973. – Т. 49. – 344 с.
30. Шабдан Баатыр [Текст]: Ала-Тоо журн. тиркемеси / башкы ред. К.Жусупов; туз. Н. Капаров. – Бишкек: Учкун, 1992. – 173 б.
31. Шабдан Баатыр: эпоха и личность [Текст]: док. и материалы / сост. Ж.Абдылдабек кызы, Д.Ш. Кызаева, Д.Б. Сапарапиев и др. – Бишкек: Шам, 1999. – 280 с.
32. Шайбеков, Ы. Сагымбайдын кошогу [Текст] / Ы. Шайбеков // Шабдан баатыр. – Бишкек: [Б-сыз], 1992. – 172 б.
33. Кыргызча – орусча сөздүк = Киргизско-русский словарь [Текст]: около 40 000 слов / сост. К.К. Юдахин. – М.: Изд-во Сов. энцикл., 1965. – 976 с.

*В) Жалпы адабияттар*

